Б. А. Абдухамидова, С. К. Рысбаев, К. Ибраимова

# АДАБИЙ ОКУУ

## китебине карата

УСУЛДУК КОЛДОНМО

**2-класс**

Б. А. Абдухамидова, С. К. Рысбаев, К. Ибраимова

# АДАБИЙ ОКУУ

## китебине карата

УСУЛДУК КОЛДОНМО

**2-класс**

СИГНАЛЬНЫЙ
ЭКЗЕМПЛЯР

Бишкек - 2013

УДК 372.8
ББК 74.261.8
А13

Ред. кеңеш: *Г. А. Садырова, Т. Самудинов, С. Өжөрбаева, К. М. Эгембердиева, Б. Асаналиев*
КББАнын рецензенттери: *М. Раимбекова, А. Д. Токтомаметов,*

**Абдухамидова Б.А. ж. б.**

А 13 Адабий окуу китебине карата усулдук колдонмо, 2-класс Б. А. Абдухамидова, С. К. Рысбаев, К. Ибраимова - Б.. - «Полиграфбумресурсы», -2013, 80 б.

ISBN 978-9967-452-86-2

Колуңуздардагы китеп 2-класстын Адабий окуу китебине карата мугалимдер үчүн усулдук колдонмо болуп эсептелет. Бул колдонмодо аталган предметтин кеп өстүрүүчүлүк мааниси, дүйнө таанытуучу кызматы ачып көрсөтүлүү менен, үлгү сабактардын иштелмелери берилген.

**А 4306010400-11** **УДК 372.8**
**ББК 74.261.8**

ISBN 978-9967-452-86-2

© Абдухамидова Б.А. Рысбаев С.К. Ибраимова К.
© Билим берүү жана илим министрлиги
© Полиграфбумресурсы

## МАЗМУНУ

**БИРИНЧИ БӨЛҮМ.....5**
**Адабий окуу китебинин мазмуну, андагы негизги талаптар тууралуу мугалимге зарыл кеңештер.....5**
1. Окуу китептин мазмуну жана түзүлүшү тууралуу.....5
2. Адабий окуу сабагында окуучулардын адабий жана маданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу тууралуу.....6
3. Адабий окуу сабагында окуучунун сынчыл ойломун өстүрүү жана ал аркылуу компетенттүүлүккө үйрөтүү маселеси.....7
4. Адабий окуу сабактарында окуучуга билим берүү менен тарбиялоонун биримдүүлүгүн эске алуу.....8
5. Адабий текст менен иштөө жана сөз өстүрүү жумуштары.....9
6. Адабий окуу сабагындагы жомоктордун мааниси жана аны окуп-үйрөнүү жолдору.....11
7. Жомокко ар тараптуу (комплекстүү) талдоо жүргүзүү ыкмалары.....13
8. Адабий окуу сабагында окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары жана усулдары тууралуу.....14
9. Адабий окуу сабагында жазуу жумуштарын жүргүзүүгө карата усулдук айрым сунуштар.....16
Баяндама (изложение) жаздырууга үйрөтүү жагдайында.....16
Дил баян жаздырууга үйрөтүү тууралуу.....17
10. Окуу китептеги сүрөттөр менен иштөө аркылуу сөз өстүрүүгө карата усулдук айрым көрсөтмөлөр.....18
Предметтик сүрөттөр менен иштөө.....18
Кырдаалдык сүрөттөр менен иштөө.....19
Окуялуу сүрөттөр менен иштөө тууралуу.....19

**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**
**Адабий окуу сабактарынын үлгү иштелмелери.....20**
1-үлгү. Китеп менен таанышуу. Кайталоо. «Тилегим».....20
2-үлгү. Билим - түгөнбөс байлык.....22
3-үлгү. Берекелүү алтын күз. Күз келди.....23
4-үлгү. Жыл жана анын төрт уулу.....25
5-үлгү. Туулган жердин топурагы алтын. Алтын уя (элдик жомок).....28
6-үлгү. Булбул (жомок).....29
7-үлгү. Телефон (аңгеме).....31
8-үлгү. Табышмактуужылан (жомок).....32
9-үлгү. Ырыс алды - ынтымак (жомок).....35
10-үлгү. «Алтын балалык» бөлүмү боюнча кайталоо.....37
11-үлгү. «Сыйкырдуу кыш» деген темада дил баян жазуу, сүрөт тартуу.....39
12-үлгү. «Сөз үйрөнүп алалы» бөлүмү боюнча кайталоо.....41

13-үлгү. Баарынан ким күчтүү?....44
14-үлгү. Эмне үчүн? Туурабы? Өзүң тап....46
15-үлгү.Бала менен акылман....48
16-үлгү. Байчечекей....50
17-үлгү.Адептүүлүк деген эмне?....52
18-үлгү.Чиркей,чабалекей жана жылан....54
19-үлгү. Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү....56
20-үлгү. Акылдуу бала же бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды?....57
21-үлгү. Табышмактар....60
22-үлгү. Макал-лакаптар....62
23-үлгү. Жаңылмачтар....64
24-үлгү. Калптар....66
25-үлгү. 9-Май - Жеңиш күнү....68
26-үлгү. Алдар көсөө жана хандын вазири....69
27-үлгү. Окуучулардын окуу ылдамдыгын байкоо....72
Адабий окуу сабагын 2-класста окутуу боюнча календарлык план....76



# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## Адабий окуу китебинин мазмуну, андагы негизги талаптар тууралуу мугалимге зарыл кеңештер

### *1. Окуу китептин мазмуну жана түзүлүшү тууралуу*

2 - класстын Адабий окуу китеби балдарга алгач ирет көркөм чыгарма, анын адабий табияты, ыр, аңгеме, жомок, алардын маани-маңызы, түзүлүшү тууралуу маалымат берер каражат экени белгилүү. Андан көркөм чыгарманын эстетикалык-тарбиялык табиятын да алгач ирет түшүнүп кабыл алышат.

Атап айтканда, ырдын түзүлүшүн таанып-билишет, андагы ойду түшүнүшөт, көркөм, сезимдүү окуганга машыгышат. Аңгемеде эмне ой айтыларын аңдашат, каармандарынын мүнөзүн, алар аркылуу адамдардын ар түрдүү кыялын, сапаттарын, оң-терс жоруктарын баамдашат. Жомоктордун табиятын да биринчи ирет иликтешет, алардын аңгемеден айырмасын, эмне менен башталып, эмне менен бүтүшүн, жомоктогу образдарды талдашат.

Мындан сырткары, элибиздин макал-лакаптарын, андагы түз же каймана айтылган ойлорду, алардын тарбиялык таасирин талдап үйрөнүшөт. Табышмактардагы катылган ойлорду табышат, жаңылмачтарды окуп-айтып, тилдерин жатыктырып, көркөм сүйлөөгө аракеттенишет.

Адабий окуудагы дагы бир маанилүү нерсе - элибиздин көркөм дөөлөттөрүнөн жана ата мекендик жазуучу-акындарбыздын чыгармаларынан башкада, дүйнөнүн мыкты жазуучуларынын балдар үчүн жазган аңгеме-жомокторунан эне тилинде маалымат ала алышат.

Баарыдан мурда бул китеп аркылуу балдардын сөздүк корун байытуу, байланыштуу кебин өстүрүү, сүйлөө маданиятына үйрөтүү, окуу техникасын өрчүтүү ж.б. түрдүү жумуштарды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү бар.

Мына ушул максаттарга ылайык колуңуздардагы Адабий окуу предметинин программасына, башталгыч класстардын талаптарынын жана анда талап кылынган компетенттүүлүктөргө ылайык даярдалды, т.а. алар жетекчиликке толук алынды.

Китептин ички түзүлүшү да, мазмуну да, анын тематикасы да программанын тематикасынын талаптарына шайкеш келтирилди.

Окуу материалдары китепте чейректерге карата бөлүштүрүлдү. Ар бир чейректе программанын талаптарына ылайык окуу материалдары жайгаштырылды.

Окуу планында Адабий окууга жыл бою 104 саат бөлүнсө, мында төрт чейрекке бир саттан: кайталоо, бышыктоо, жылдык кайталоо жана алган билимдерди системалоо, ошондой эле жазуу жумуштары (т.а. баяндама жазууга машыгуу, каталар менен иштөө үчүн да атайын сааттар бөлүндү. Ошондуктан, мугалим жылдык календардык планын түзүүдө ушуларды көңүлгө алуусу керек.

## *2. Адабий окуу сабагында окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр туурасында*

Бүгүнкү шартта мектептеги билим берүү ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу туурасында сөз кылганда, сөзсүз түрдө, окуучулардын билим-билгичтиктеринин жана жатыгууларынын мамлекеттик стандарттын талаптарына жооп берүүсү жана ага жараша алган билимине ылайык компетенттүүлүккө ээ болуусу боюнча көп айтыла баштады. Анткени, окуучулардын билим-билгичтигинин жана машыгууларынын деңгээли мамлекеттик стандарттын талаптарына жооп бербесе, анда чындыгында эле, компетентүүлүк жөнүндө сөз кылууга болбойт.

Бул жагдайда алганда:

- биринчиден, компетенттүүлүк түшүнүгү окуучунун адабий окуу сабагынан алган программалык теориялык билиминен жана практикалык машыгууларынан жетишилген деңгээл камсыз болушун билдирет;

- экинчиден, программалык окуу материалдарынын негизинде билим-билгичтиктерге окуучунун ээ экендигинин далили жана ошол маселелердин алкагындагы теориялык-практикалык окуу милдеттерин чече алуусундагы жөндөмдүүлүк;

- үчүнчүдөн, сабакта алган теориялык гана билимдеринин белгилүү бир топтомуна ээ гана болбостон, анын деңгээлинде ээ болгон практикалык машыгууларынын жана тажрыйбаларынын бар экендиги болуп саналат.

Деги эле, *компетенттүүлүк* дегендин өзү кайдан келген? Анын этимологиясын иликтесек, латын сөзүнөн алынган, competens-деген сөздөн, кыргызча *тиешелүүлүк, жөндөмдүүлүк* дегенди туюнтат.

Ушул сыяктуу түшүнүктүн негизинде алганда, окуучунун тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгү жөнүндө кеп кылсак, сабакта алган теориялык билиминин сапаты, практикалык машыгууларынын абалы, деңгээли, көндүмдөрү стандарттын зарыл талаптарына төп келүүсүн түшүнсөк туура болчудай.

**Жалпы алганда, окуучунун компетенттүүлүк түшүнүгү адабий окуу сабагында окугандарынын негизинде жетишкен ийгиликтери, алган натыйжалары, же адабий чеберчиликтеринин мүнөздөмөсү болору да талашсыз. Алган теориялык билимдерин практикада колдоно аларлык деңгээлге жетишүүсүнүн өзү да анын компетенттүүлүгүн туюнтат. Ошондуктан, мугалимдин милдети - сабактын жыйынтыгында балдарга чыгармалардын окуяларын, ырларды ж.б. материалдарды максатсыз жаттатып, же маалыматтардын топтомун гана үйрөтпөстөн, практикалык зарыл көндүмдөргө ээ кылуу, өз алдынча тажрыйба топтоого көнүктүрүү, ал тажрыйбаларынын негизинде тиешелүү жатыгууларга калыптандыруу, эми аны турмушта колдоно алуу ишкердүүлүгүнө жетиштирүү болуп калат.**

Бул туурасындагы айрым окумуштуулардын пикирине таянсак, негизинен, жогоруда айтылган ойлорубузду дагы бир ирет бекемдейбиз деген ойдомун. Психолог И. А. Зимняя мындай дейт: «Адамдын социалдык-професионалдык, турмуштук ишмердүүлүгүндө интеллектуалдык жана инсандык тажрыйбасына жетишүүчү негизги билим» - дейт (китепте: «Психологические основы обучения иностранным языкам», М. 1993, -б) компетенттүүлүк жөнүндө.



Ошондой эле, А. В. Хугорской аттуу окумуштуу компетенттүүлүктү «сапаттык белги», «тармактык ишмердүүлүк», «ишмердүүлүк боюнча минималдык тажрыйба» катары бааласа, Э. Ф. Зээра: «тажрыйбага ээ болуу деңгээли гана эмес, аны белгилүү даражада ишке пайдалана билүү» деп түшүндүрөт.

Демек, компетенттүүлүк түшүнүгү окуучулар алган теориялык билимин, практикалык көндүмдөрүн түрдүү турмуштук кырдаалдарда пайдалана билүүнүн жолдоруна жатыгуусу, сабакта алган машыгуулары менен түрдүү проблемалуу кырдаалдардан чыга билүүсү дегенге барабар. Тактап айтканда, сабакта үйрөнгөндөрүн практикада пайдалана билүү, сабактагы мугалим менен окуучунун акыл эмгеги баланы адабиятты окуп-үйрөнүүгө даярдоодо анын талаптарына шайкеш келүүсү болуп саналат.

## *3. Адабий окуу сабагында окуучунун сынчыл ойломун өстүрүү жана ал аркылуу компетенттүүлүккө үйрөтүү маселеси*

Адабий окуу сабактарында канткенде окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүп, адабий материалдар туурасында окуучулардын сынчыл мамилесин калыптандырабыз? - деген мугалимдердин суроолорун көп эле угууга болот. Анткени, бул жерде окуучу канткенде адабий тексттеги сюжетке, андагы идеяларга карата «жок, андай эмес, мындай деп «каяша айтып», сынчыл көз карашын билдирет?» дегендей маселе жатат. Антпеген күндө, каармандын образы, чыгармадагы идеялар, каармандардын мүнөздөрү туурасында кеп кылганда да, текстти талдоодо да айтылган ойлор тууратак, акыркы чындык катары кабыл алынып, «андан башкача болууга мүмкүн эмес» деген пикир да жаралбай койбойт.

Мына ушунун өзү окуу процессинде окуучу окуу материалдарын карандай жаттап алуу, кандай окуп, кандай укса, ошол гана туура деп эсептөө менен тушалып, чын-чынында, акыл-эстүүлүк менен ой жүгүртүп өздөштүрүүнү четке кагат.

Эми ушул жерден сын, сынчыл ойлоо, сынчыл мамиле жөнүндө мугалим үчүн айрым маалыматтарды айта кетели.

«Сын» деген сөздү укканда, адегенде эле «тык» этип эске келер эмне? -деп суроо коёт философ Ж. Бөкөшев, өзүнүн «Сын жана чын» деген макаласында, - Бир нерсенин кемтигин, өксүгүн көргөзүш...» (Ж. Бөкөшев аталган макала, «Замандаш» журналы, №4, 2009, 18-бет).

Чындыгында эле ошондой көрүнөт. Тажрыйбасы жок же аталган стратегияга байланыштуу методикалык ыкмалар туурасында билими аз мугалим сынчыл ойлом технологиясын сабакта дээрлик колдонбойт. Даяр окуу материалдарын даяр түрүндө, «чайнабай жутууга» гана басым коёт. Китептеги материалдардын философ айткандай, «кемтигин», «өксүгүн» издебейт... Андай учурда окуу материалы туурасында сынчыл ой жүгүртүү «жумурткадан кыр издегендей» мамилеге келип такалат.

Сынчыл ойлом технологиясы аныгында андай да эмес. Ал «тиешелүү маселени, алдында турган нерсени ар тараптан карап, ак-карасын, өйдө-ылдыйын, оң-солун бирдей талдап, ... калыс баа берип», материал жөнүндө терең ой жүгүртүп өздөштүрүү менен жүзөгө ашат.

Ал адабият сабагында буларды элестетет, т.а. түрдүү көрүнүштөрдү, окуяларды, болмуштарды окуп-үйрөнүү; ал аркылуу адамдардын образдарын аңдап түшүнүү; адамдын көп кырдуу, көп сырдуу мүнөзүн талдап билүү; турмуштун ар жактуу карама-каршылыктарга бай жагдайларын чечмелей билүү; образдарга же турмуштук көрүнүштөргө балдар өзүлөрүнүн сезим-туюмдары аркылуу жактырып же жактырбай, сүйүп же жерип, жекече мамилесин билдирүүгө үйрөнүү; оң каармандарын кумир көрүп, идеал тутуп, андан үлгү алып, алар аркылуу өзүлөрүнүн досторуна, классташтарына сын көз менен карай билүү; аңгеме-жомоктордун каармандарынын кылык-жоруктарына карата эмоционалдык-психологиялык реакциясы, нравалык-этикалык баасы, педагогикалык-философиялык ой жүгүртүүсү калыптанып, ала турган тарбиялык таасирин аныктоо ж.б. Ушундай комплекстүү иш-аракеттер гана окуучулардын адабиятты ар тараптан комплекстүү түшүнүүгө багыт бермекчи.

Ошондуктан, бүтүндөй окуу процессинде окуу китептериндеги адабий материалдарды репродуктивдүү түрдө өзүндөй кайталап айтып машыгуу менен эмес, сынчыл ойлом стратегиясынын негизинде өз көз карашын билдирүү менен чыгармачыл мамиле жасоо аркылуу түшүнүүгө карата окуучуга багыт берүү, ал үчүн шарттарды түзүү илимий-методикалык жактан туура болот десек жаңылышпайбыз.

Мындан сырткары, сынчыл ойломдун бир катар стратегиялары: инсерт, Венндин диаграммасы, Блумдун таксономиясы жана кластер туурасында сабактардын иштелмелеринде практикалык мисалдар түрүндө сунуш кылынды.

### *4. Адабий окуу сабактарында окуучуга билим берүү менен тарбиялоонун биримдүүлүгүн эске алуу*

Адабий окуу сабактарында аңгеме, жомок түрүндө тексттерге гана эмес, таанытуучулук-тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү кенен түрдүү тематикадагы тексттерге да маани берилүүгө тийиш. Анткени, тарбиялык максаты коюлбай сабак өтүлбөйт. Ар кандай максаттуу тандалган окуу текстти: мейли, илимий-популярдуу текст болобу, мейли, публицистикалык маанайдагы текст болобу, балага кандайдыр бир тарбия берүүгө багытталышы керек. Сабакта анын ошол тарбиялык максаты таасын ачылуусу зарыл (**Эскерте кетүүчү нерсе:** бул жерде сабактын таанытуучулук жана тарбия берүүчүлүк багыттары тууралуу гана сөз болду. А сабактын дидактикалык үч максаты үлгү сабактардын иштелмелеринде берилди).

Бүгүнкү күндө окутуунун интерактивдик методу мектепте кулач жайып отурган кези. Алар «ой калчоо», «сынчыл ойлом», «кластер» же «даймонт», «синквейн», «билем, билдим, билгим келет» ж.б. стратегиялар окуучуларды берилген материалдар боюнча стандарттуу эмес ойлонуп, жаңы жол таап (креотивное мышление), окуу материалдарындагы маалыматтарды даяр түрүндө кабыл албай, ой жүгүртүп, «чайнап», «даамын сезип», андан кийин гана «жутууга» ылайыктаган ыкмалар экендиги талашсыз.

Андыктан, балага билим эле бербей, т.а., маалыматтык гана билим берүү менен чектелбей, максаттуу билим берип, көркөм текст аркылуу баланын адабий-эстетикалык табитин өстүрүү, рухий дүйнөсүн байытуу, элдик тилди үйрөтүү, анын таанытуучулук маани-маңызын ачууга айрыкча көңүл буруу гана адабий окуу предметинин табиятына туура келет.



Мугалимдердин мына ушундай интерактивдүү ыкмалары менен өтүлгөн сабактарын байкаган айрым окумуштуулар, методисттер жалпы эле тарбия жаатында иштеген адамдар: «балдарга билим гана берип жатабыз, а тарбия берүү унутта калды» деген дооматтарды коюшууда.

Албетте, бул дооматтын чын жагы бар. Ал эмнеде?

Ушул маселени чечмелеп көрөлү.

**Биринчиден,** албетте, сабакта баланы окутуу милдети менен бирге тарбиялоо жана жетилдирүү маселеси шайкеш келүүгө тийиш.

**Экинчиден,** сабакта окуучунун жекече социалдык тажрыйба топтой билүү жөндөмүн, курчап турган чөйрөдөгү көнүмүштөр менен окуяларга баа берип, коомдогу өз ордун таба билүү жөндөмүн калыптандырууга тийиш.

**Үчүнчүдөн,** окуу материалдары бала жашап турган доордун, күндүн, мезгилдин маселелерин камтуусу, ал аркылуу баланы социалдаштыруу маселеси да четте калбоосу керек.

**Төртүнчүдөн,** сабакта коюлган максаттарда окуу милдеттери менен бирге турмушта колдоно билүү шарттары да шайкеш келүүлөрү тийиш. (Мисалы: окуу тапшырмаларындагы талап кылынган сабаттуулук менен турмуштагы жалпы эле сабаттуулукту салыштыруу, сабактагы өздөштүргөн кеп адеби менен турмуштагы адамдар ортосунудагы мамиле адебин айкалыштыруу ж.б.).

Бул үчүн «даяр рецептер» дайыма эле окуу материалдары же, окуу тапшырмалары менен бирге бериле бербейт. Ал үчүн:

• китепке (ыр, аңгеме, жомок, табышмак, макал-лакап) окуучуларга тарбия-таалим берер, ойлонтор кызыктуу окуядан, тарыхый инсандардын, же ойлоп табуучулардын өмүрүнөн алынган тексттерден да киргизүү, алар аркылуу баланын маалыматтуулугун гана эмес, инсандык сапаттарын өркүндөтүү маселеси бирге жүрүүсү пайдалуу;

• тапшырмаларда проблемалуу суроолорду коюу, интерактивдүү аңгемелешүүгө багыт берген сабактардын типтерин сунуш кылуу, алар аркылуу окуучулардын акыл-эс иш-аракеттерин жүргүзүүгө басым коюу ж.б. камтылса да максатка ылайык келет.

### *5. Сабакта адабий текст менен иштөө жана сөз өстүрүү жумуштары*

Усулдук жагдайдан алганда текстке, анын маани-маңызына карап, ар тарабынан аныктама берүүгө болот. Мисалы:

**1. ТЕКСТ - эне тилинде көркөм, сезимдүү окууга үйрөтүүнүн жана сөз өстүрүүнүн каражаты.**

**2. Текст менен иштөө - машыгуунун өзгөчө бир формасы.**

Бул багыттан алганда, 2-класстын окуу китебинде орун алган чакан тексттер балдардын тил жатыктыруусуна, лексикалык-грамматикалык машыгууларын жана оозеки кебин өстүрүүгө кыйла кызмат кылары шексиз. Анткени, тексттер балдардын жаш курагына жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык түрдүү тематикаларда тандалат.

Эми, жогоруда айтылган багыттарда кандай иш-аракеттер жүргүзүлүүгө тийиш? Ошолор боюнча сөз кылалы.

Деги эле көркөм адабият - балдардын тил, адеп маданиятын, эстетикалык табитин жана да дүйнө таанымын өстүрүүдөгү негизги булак болору белгилүү.

Эгер баланын тил маданияты тууралуу сөз кылсак, ал 2-класстан тартып, окуучунун ишкер аракети тексттерди шар окуудан - көркөм окууга, түшүнүп окуудан - жалпы эле кыргызча кеп маданиятына жетишүүгө карай багытталууга тийиш.

Тил жатыктыруу иши - сүйлөө маданиятынын негизи болмокчу. Ал, ири алдыда, окулган текстти туура угуп, туура түшүнүү, аны кайра туура айтып берүүдөн башталат. 1-класста башталган мындай тил жатыктыруу иши 2-класста андан ары улантылат.

2-класста мындай мүмкүнчүлүктөр көп. Ал комплекстин бүткүл материал-дарын бир багытка бура билгенде гана ишке ашуусу мүмкүн.

Адегенде, окуучулар текстти өз алдынча окуп чыгышат. Мугалим тарабынан окуу техникасына байкоо жүргүзүлүп, окуучуларга тексттин мазмунун түшүнүү, андагы айтылган негизги ойду аныктоо талабы коюлат. Бул үчүн текстти көркөм окуу, мазмунун кайра айтып берүү ж.б. иш-аракеттер жүргүзүлөт.

Жыйынтыгында, окуучу түшүнгөнүн, ага карата жекече көз карашын, оюн оозеки же жазуу жүзүндө монологдук текст түзүү менен жыйынтыктайт.

**3. Текст менен иштөө – машыгуунун өзүнчө формасы.**

Текст өзүнө кеп ишкердүүлүгүнүн ар бир түрүн камтып турат. Ошону менен бирге, текст дегенде биз аңгемени да, ырды да, табышмак менен тамсилди да, жомок менен макал-лакаптарды да түшүнөбүз. Демек, булардын баарынын үйрөтүүчүлүк мүмкүнчүлүгү көп. Ошондуктан, анын мындай бай табиятын түшүнүүнүн, аны окуп-өздөштүрүүнүн мааниси өзгөчө.

**Текст менен иштөөнүн жолдору түрдүүчө.**

Бул ирет үч жолун кеп кылалы:

1. Текстти окуганга чейин аткарылуучу иштер;
2. Текст менен иштөө;
3. Текстти окугандан кийинки иштер.

**А) Текстти окуганга чейинки иштер:**

- тексттин атынан окуучулар эмнени түшүнө алышты?
- тексттин автору ким жана буга чейин анын дагы кандай чыгармаларын окуп-үйрөнүшкөн?
- текстте эмне тууралуу сөз болорун балдар алдыртан айта алышабы?

**Б) Текст менен иштөө:**

- даяр текстти көркөм, шар жана сезимдүү окууга тил жатыктыруу;
- тексттин мазмунун түшүнүү;
- тексттеги айрым сөздөрдүн маанисин ачуу, сүйлөмдөрдөгү айтылган ойду талдоо;
- тексттерди ролдошуп окуу;
- тексттен түшүнбөгөн сөздөрдүн маанисин талдоо.

Мындай иштер мугалимдин да иш-аракеттерин байытат, окуучуну зеригүүдөн куткарат.

**В) Текстти окугандан кийинки аткарылчу иштер мына булар:**

- тексттин мазмунун мугалимдин берген суроолоруна жараша үстүртөн, кыскача, ар кайсы жеринен, же жалпылап айтып берүү;
- грамматикалык формалар катышкан айрым сөздөрдү мугалимдин көрсөтмөсүнө жараша талдоо;



- тексттин тарбиялык маанисин ачуу, баа берүү;
- тексттеги каармандардын кылык-жоруктарын мүнөздөө;
- үзүндүлөрдү образдуу, көрктүү окуу;
- өтүлгөн грамматикалык материалдын мүнөзүнө жараша текст боюнча кошумча жумуштарды аткаруу үчүн үйгө тапшырма берүү (жаңылмач айтып, тил жатыктыруу, ыр жаттоо, макал-лакаптардын маанисин чечмелөө ж.б).

## *6. Адабий окуу сабагындагы жомоктордун мааниси жана аны окуп-үйрөнүү жолдору*

Кыргыз жомоктору өзүнүн бай тематикасы, ар тараптуу, кең, терең мазмуну менен «балдардын да, балдардын мугалимдеринин да мугалими» болууга акысы бар.

Жомокторду мектепте окуп-үйрөнүүдө, ири алдыда, анын табиятын, үйрөтүүчүлүк жана тарбиялоочулук мүмкүнчүлүктөрүн аңдап билүүбүз абзел.

Сөздү ушул нукта улайлы: жомок, адегенде, эне тили сабактарында окуп-үйрөнүүнүн объектиси (негизги текст) катары каралмакчы. Тактап айтканда, жомоктор тил сабагында, да адабий окуу сабагында да негизги окуу материалдарынын милдетин аткарат. Ал окутуу менен тарбиялоо ишинде пайдаланылуучу баалуулуктардын жана жүргүзүлүүчү көптөгөн иш-аракеттердин комплексин өзүнө камтыган окуу материалдардын нукура өзү экендигин эске салат. Окуучунун эстетикалык керектөөсү талап кылган, жан дүйнөсүнө жакын турмуштук, психологиялык жагдайлар да, мугалим өз ишинде пайдалануучу психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык идеялар да жомоктун мазмунуна сыйдырылган. Демек, бул жагдайдан алганда, жомок - окуп-үйрөнүүнүн объектиси гана эмес, ал элдик рухтун алтын сандыгы, түгөнбөс, көөнөрбөс алтын казынасы. Элдик тарбиянын алмашылгыс каражат-куралы катары бааланат.

Экинчиден, жомок (аны бүтүн бир текст катары карасак) адамдын кеп ишкердүүлүгүнүн табылгасы. Башкача айтканда, жомок - элибиздин кепкордугунун, талантынын, сөзгө чебердигинин натыйжасында жаралган сөз мунарасы!

Балага жомок окуп берүү, жомок үйрөтүү, талдоо иштери - натыйжада, баланын өз жомогун табууга, жаратууга багытталгандыктын бир белгиси. Баланын өзүнүн жомок чыгарууга аракеттенүүсү жана ага жетишүүсү бала менен мугалимдин бүткүл чыгармачыл ишинин натыйжалуу, максаттуу жана да жемиштүү болгонун далилдейт. А бардык эле бала «өз жомогун» жаратууга жетише албайт. Андай сапат таланттуу балдарда гана болуусу, же жомоктун табияты ага өзгөчө таасир эткендигинен гана келип чыгуусу да ыктымал. Ошондуктан, жомок менен иштөөдө мугалимдин чыгармачыл иши төмөндөгүдөй жүрүүсү мүмкүн:

1) жомок менен таанышуу сабагы;
2) жомокту талдоо сабактары;
3) өз жомогун чыгаруу, аны талдоо-талкуулоо сабактары.

Ушундай сабактардагы ишкер аракеттерден кийинки ийгиликтер гана жомок - **кеп ишкердүүлүгүнүн тууундусу** деген тыянакка түздөн-түз алып келмекчи.

Жомок менен иштөө да комплекстүү машыгуу түрүндө болмокчу.

Текст топтомдорунан айырмаланып, жомок сюжеттүүлүгү, окуяларынын логикалуулугу, образдуулугу, эмоционалдуу таасир берүүчүлүгү, эстетикалык рахат тартуулоосу менен айырмаланат. Жомок – этнопедагогикалык маанилүү маңызы бар лексикалык, грамматикалык курулушу бүтүн, ички маанилик байланышы өзгөчө окуу материалы.

Ошондуктан, аны окуп-түшүнүүдө мугалим өз алдынча эки түрдүү максат коёт. Биринчисинде: жомоктун сюжети, идеялык мазмуну, образдары талданат, андан соң, айрым сөздөрдүн мааниси, анын тексттеги ойду ачуудагы ролу мисалдар менен ачылат. Сүйлөмдөрдүн ички логикалык байланышы үйрөтүлөт, окуучунун байланыштуу кебин жана кеп маданиятын өстүрүүдөгү ролу да көңүлдүн борборунда болот.

Демек, жомоктун мазмундук жагы жана лексика-грамматикалык түзүлүшү эне тили сабагында окуучуга билим-тарбия берүүдө комплекстүү кызмат аткарат. Аны мугалим ар бир сабагында максаттуу пайдалануусу жана иш процессинин методикалык аппаратын туура уюштуруусу кажет.

Жомок менен иштөөдө текст менен иштөө кандай болсо, ошол ыкмалар колдонулат. Мында да текстке чейинки иш, текст менен иштөө жана тексттен кийинки иш деген ыкмалар пайдаланылып, мугалимдин кандай натыйжага жетишүүге болорун мисалга тарталы.

Мисалы, «Бала шаарын кантип сактап калды?» аттуу жомок менен кандай иш жүргүзүүгө болорун сөз кылалы.

Жомок менен иштөөнүн **биринчи этабы:** жомокко чейинки иш.

Окуучуларга суроолор коюлат:

- Жомокто ким жана эмне жөнүндө сөз болорун байкадыңарбы?
- Мекендин алдында ар бир атуулдун кандай парзы бар экенин өз алдыңарча ойлондуңарбы?
- Парз деген сөздү түшүнөсүңөрбү? ж.б.

Бул суроолор боюнча талкуулоо жүрүп, окуучуларды жомоктогу ойду алдын - ала түшүнүүгө багыттаган соң, мугалим жомокту үн кубултуп көрктүү окуйт. Эгер мугалим сюжетти образдуу кылып кайра көркөм айтып берсе, андан да таасирдүү болот.

Андан соң текст боюнча иштөө жумушу **(экинчи этап)** аткарылат. Иштин бул этабында кыйла көп иштер аткарылмакчы:

1) окуучулар жомоктун мазмуну менен таанышат;

2) каармандардын мүнөздөрү аркылуу адамдардын мүнөздөрү кандай болорун таанып-билишет;

3) каармандардын кебине, образдарга баа беришет;

4) көрктүү окуп машыгышат, сүйлөмдөрдүн кыргызча көрктүү айтылышын үйрөнүшүп, машыгышат.

5) окуу ылдамдыгы текшерилет.

Андан соң текст менен иштөөнүн **үчүнчү этабына** өтөбүз. Мында жомок боюнча бышыктоо иш-аракетин жүргүзөбүз. Адегенде суроо-жооп түрүндө бышыктайбыз.

1) Баскынчы ханга элчиликке баруу үчүн бала жанына эмнелерди алды?

2) Хандын суроолоруна бала кандай жооп берди?

3) Хан акылман баланын сөзүнө эмне үчүн ыраазы болду?



4) Хан менен баланын сөздөрүнө өзүнөрчө баа бергиле.

5) Ата Мекендин алдында ар бир атуул өз милдетин аткаруу үчүн эмне кылуусу керек деген ойдосуңар?

Суроо-жооп менен жеңил (репродуктивдүү) бышыктоодон көрөкчө, чыгармачыл бышыктоонун мааниси өтө чоң. Бул иштер - жомок боюнча балдар өз ойлорун тексттен алынган мисалдар менен далилдөө, сынчыл ойломун бекемдөө, ал аркылуу балдардын ички нравалык, адеп-ыймандык жетилүүсүн текшерүү, Ата Журтка кызмат кылган баланын эмгегин баалоо менен коштолмокчу, ж.б. Мындай учурдагы окуучулардын жекече көз карашын, өз оюн, өз сөзүн угуу өзгөчө көңүлгө алынууга тийиш.

Андан кийин жомокко фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык мүнөздөгү талдоолорду жүргүзүү аркылуу түрдүү машыктыруучу көнүгүүлөрдүн системасын түзсө болот. Булар - жомоктун мазмундук жана структуралык табиятын эне тил жана адабий окуу сабактарында комплекстүү түшүнүүгө кеңири жол ачат. Ал жомоктун окуучунун байланыштуу кебин жана кеп маданиятын калыптандыруудагы ролу чоң экендигин айгинелейт.

**Эскертүү:** Албетте, Адабий окуу китебинде тексттин түрдүү жанрларынын мыкты үлгүлөрү камтылган. Методикалык колдонмодо жомоктор менен иштөө усулдарына орун берилди. А тексттин башка түрлөрү боюнча иштөө тууралуу 5-темада жалпы ыкмалар сунушталды.

### *7. Жомокко ар тараптуу (комплекстүү) талдоо жүргүзүү ыкмалары*

Жомоктун көпчүлүгүнүн адеп-ахлак, эмгек, билим, өнөргө умтулуу, мекенди коргоо, Ата Журтка адилет кызмат кылуу сыяктуу түбөлүктүү темалар мүнөздүү. Аларда келечек муундарына адеп-ахлактык тарбия берүү, эмгекке, илим-билимге жана өнөргө үйрөтүү, мекенге адилет кызмат кылуу идеялары бекем сиңирилген. Ал эми анын структурасында ойдун башталышы илгери-илгери деп сыпатталып, андан кийин негизги ой айтылып, андан соң аягы: «ошентип, баары жыргап-куунап жатып калыптыр» - деп жыйынтыкталат да, ошол негизги бөлүмдө айтылган идеяны «бүгүнкү күн үчүн сабак болсун» деп кыйытып, көңүлгө бек сакталышын шарттап, ойлонууга түртөт. Жомоктун күчү мына ошондо.

Мугалим жомокту окуп бүтүргөн соң, ага окуучуларды лексикалык-фонетикалык, грамматикалык-стилдик талдоо жүргүзүүгө машыктырат. Ал комплекстүү талдоо деп аталат да, төмөндөгү тартипте жүргүзүлөт. Учурда башталгыч мектепте фольклордук чыгарманы талдоо төмөндөгүдөй түрдө болуусу талапка ылайык келет:

1) жомокту (же макал-лакапты ж.б.) адабий чыгарма катары талдоо, анын идеялык маанисин, сюжетин, анын негизинде жаткан тарбиялык таасирин талдоо;

2) жомокту окуучу өзүнүн жан дүйнөсү аркылуу кабыл алуусуна, ал боюнча ойлонуп түйшөлүүсүнө, ички талабын канааттандыруусуна жараша талдап түшүнүүгө багыт берүү;

3) жомоктогу, макал-лакаптагы кыргыз элинин улуттук рухий баалуулуктарын жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырып баалоо аркылуу талдап-түшүнүк берүү;

4) бул ыкмалар аталган элдик чыгармалардагы этнолингвистиканы, элдик нукура баалуу сөздөрдү үйрөтүү, анын маани-маңызын түшүндүрүү, кебибизде, турмушубузда колдонулуш жагдайларын билдирүү.

Бул ыкмалар жомокторду окуп-үйрөнүүнү, албетте, педагогикалык-психологиялык, методикалык эмгектердеги урунттуу ойлорду таяныч кылып алып, аларды өздөштүрүүнүн методикалык жана психологиялык методдорун колдонуп иштөөнү түшүндүрмөкчү. Жогоруда эскертилип өткөндөй, бул ирет жомокторду окуп-үйрөнүүнүн өзгөчөлүктөрүнө көңүл койдук, ошондо да балдардын турмуштук көрүнүштөргө баа берүү, баалоо, анын баланын инсан катары өсүүсүнө тийгизген таасири, анын социалдык кырдаалдарга жараша калыптануусу, турмуштук «эреже-нормалар», баланын кылык-жоруктары, акырында, жомоктордун баланын жүрүм-турумуна, тарбиясына тийгизген таасирлери практикада кандай экендиги иликтөөгө алууга басым койдук.

Дегинкиси, жомокторду баалап-билүү өзүнчө эмоционалдык-психологиялык, нравалык-этикалык чен-өлчөмдөр менен бааланарын окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө далилдеп келишкен. Ал чен-өлчөмдөр муну менен түшүндүрүлөт, т.а.:

1) эгер баланын тигил же бул каармандын кылык-жоругуна, жүргөн-турганына баа берүүсүн текшергибиз келсе, анда, анын «жакшы» же «жаман»деген баасы менен;

2) эгер бала каармандын ички толгонууларына, ой жүгүртүүлөрүнө баа бергиси келсе, анда «туура» же «туура эмес» деген баасы менен баалайт. Булар баланын рухий таяныч-тиреги болор баалуулуктарга мамилеси кандай экендигин байкоочу чен-өлчөм боло алат.

Булардан улам балдар турмуштагы жакшылык менен жамандыктын эмне экендигин баалоосу, «жакшы» менен «жаман» сапаттарды айрып тааный билүүсү - адамдык изги сапаттарынын калыптанышынын абалын алдыртан баамдай билүүгө негиз болбой койбойт.

## *8. Адабий окуу сабагында окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары жана методдору тууралуу*

**I. Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун түрлөрү катары буларды эсептөөгө болот:**

**1. Текстти окуганга чейинки ишмердүүлүк:**

- текстин атын түшүнүү;
- тексттин атына жараша анын темасы тууралуу ой жүгүртүү;
- тексттин атына жана темасына жараша мазмуну тууралуу ой жүгүртүү;
- ушундай аталыштагы, темадагы жана мазмундагы дагы кандай чыгарма окуганы тууралуу ой жүгүртүү;
- тексттин автору, анын дагы да башка чыгармалары тууралуу ой жүгүртүү...

**2. Текстти окуу ишмердүүлүгү:**

- текстти сөздөп, шар окуу;
- текстти көрктүү окуу;
- текстти түшүнүп окуу;
- текстти ичинен окуу;



- текстти шыбырап окуу;
- текстти мелдешип окуу;
- текстти ролго бөлүшүп окуу;
- текстти «чынжыр» менен окуу;
- текстти тез окуу;
- тексттин сюжетин кууп окуу;
- текстти ар кай жеринен үзүп окуу;
- текстти салыштырып окуу;
- тексттеги окуяны элестетип окуу;
- текстти жатка айтуу.

**3.Текстти окугандан кийинки ишмердүүлүк:**

- тексттин сюжетин талдоо;
- тексттин образдарын талдоо;
- тексттеги каармандардын мүнөзүн талдоо;
- тексттеги көркөм сөз каражаттарын талдоо;
- текстке лингвистикалык талдоо жүргүзүү (айрым сөздөрдүн, сөз айкаштарынын мисалында);
- тарбиялык маанисин талдоо;
- текстти башка текстке салыштырылып талдоо;
- текстти жаттап көркөм айтуу.

**4.Текст боюнча окуучунун билимин бышыктоо формалары:**

- суроо-жооп менен конкреттештирип бышыктоо;
- үстүртөн, айрым учурлар боюнча бышыктоо;
- жалпылап бышыктоо.

**5. Текст боюнча окуучунун билимин комплекстүү текшерүү формалары:**

- оозеки суроо-жооптор менен текшерүү;
- дил баян түрүндө текшерүү;
- баяндама түрүндө текшерүү.

**II. Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары:**

**1) «Мугалим менен окуучу»** формасы. Мында мугалим окуучунун окуу ишмердүүлүгүн максаттуу уюштурат, анын багыттарын, максат-милдетин аныктайт, көрсөтмө берип жүзөгө ашырат;

**2) «Китепканачы менен окуучу»** формасы. Мында китепканачы окуучу менен бирге иш жүргүзөт, аны ал пландайт, бала кызыккан китептерди таап, окууга багыт берет, чыгармачыл окуу кечесин уюштурат, диспут, жолугушууларды өткөрөт, баланын окуу ишмердүүлүгүн, китепке кызыгуусуунун деңгээлин байкап, өнүктүрүүгө көмөк берет;

**3) «Ата-эне менен окуучу»** формасы. Мында ата-эне мугалимдин жана китепканачынын балага берген тапшырмасын эске алуу менен аларды үйдө улантуу, көз салуу, баланын бош убактысын пайдалуу өткөрүү, үйдө китеп окуу, биргелешип окуу убактысын уюштуруу аркылуу анын окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөк берсе болот;

4) **«Окуучу менен окуучу»** формасы. Класста же үйдө, бош убактыларында, же китепканада биргелешип окуу, бири-бири менен окуган китептери тууралуу аңгемелешүү иштерин уюштуруу менен да китеп окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө болот;

**5) «Окуучунун өз бет алдынча»** китеп окуусу. Бул жогоруда аткарылып келген бардык иштердин синтезинен жаралган окуу ишмердүүлүгү, анын жогорку формасы болуусу ыктымал. Анткени, бул шартта окуучулар өз бет алдынча окуу аркылуу өзүн-өзү өстүрүү, өз ишин рухий зарылдык, интеллектуалдык эмгек катары, акырында, китеп окуу маданиятын калыптандырат.

### *9. Адабий окуу сабагында жазуу жумуштарын жүргүзүүгө карата методикалык айрым сунуштар*

Эне тили боюнча Мамлекеттик стандарттын жана программанын талаптарына ылайык 2-класста ар бир чейрек жана окуу китептеги бөлүмдөргө ылайык дил баян жана баяндама (изложение) жазуу белгиленген. Чынын айтуу керек, илимий жактан да, методикалык жактан да аталган класста баяндама же дил баян сыяктуу жазуу иштеринин мындай олуттуу түрлөрүн мынчалык өлчөмдө жаздыруу ылайыксыз. Анткени, жазуу иштеринин татаал түрлөрүн көп жаздырууга 2-класстын окуучуларынын «күчү» көп жете бербейт. Ал үчүн, адегенде, алар дил баян, баяндама жазуу талабын аткара билүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен ар бир чейректерде чакан түрлөрүнө үйрөтүүнү баштаса, кийинки класстарда андан ары улантып кетүү туура болот деген ойдобуз.

Ошентсе да, мугалимдер окуучуларга жазуу иштеринин бул түрлөрүн жаздырууга машыктыруулары үчүн айрым методикалык кеңештерди берүүнү туура таптык.

#### *Баяндама (изложение) жаздырууга үйрөтүү жагдайында*

Дил баян жаздырууга үйрөтүүгө караганда, баяндама жаздыруу иши бир кыйла жеңил жүрөт десек жаңылышпайбыз. Анткени, баяндама жаздырууда даяр текст пайдаланылат эмеспи. Ал текст, балким, окуучулар буга чейин окуп, тааныш болгон текст болуусу да ыктымал. Андай болсо бул жакшы. Эгер балдарга тааныш эмес текст болсочу? Анда анын мазмуну менен балдар жакшылап маалыматтуу болуусу зарыл.

Адегенде, мугалим тексттин атын тактага жазып коёт. Андан соң тексттин мазмунун окуучуларга тааныштыруу максатында бир ирет жай, көркөм окуп берет.

Окуурдун алдында окуучуларга төмөндөгү шарттарды, т.а.:

- окуучулар тексттин мазмунун көңүл коюп угуусун;
- текстти мугалимдин артынан ээрчип жаза баштабасын;
- айрым татаал сөздөрдүн бар же жок экендигин;
- адам аттарын көңүл коюп эстеп калуусун;
- жылдардын, айлардын аталыштарын эстеп калуусун... эскертет жана анын аткарылуусун талап этет. Окуп бүткөндөн кийин тексттин мазмунунда эмне тууралуу сөз болгону, түшүнбөгөн суроолору бар же жок экени ж.б. тууралуу маектешет да, мугалим окуучулар кызыккан суроолор боюнча татаал сөздөрдүн маанисин чечмелеп, жылдардын, айлардын жана адамдардын аттарын тактага жазып коюусу ыктымал.

Анан окуучулардын өтүнүчү боюнча чакан план да түзүлүшү мүмкүн. Планда тексттин мазмунуна ылайык окуялардын ирет-тартиби чагылдырылып жазууну ыраattуулукка салып бермекчи.



Экинчи окуп берүү - окуучулар баяндаманы толук жазып бүтө электе ишке ашырылат. Анткени, экинчи ирет окуганда окуучулар баяндамасындагы айрым уруптtуу жерлерди тактап, толуктап алууга жетишишет.

Баяндама жазуу аяктап калганда мугалим текстти үчүнчү жолу окуп берет. Ага ылайык балдар баяндамасынын айрым «чийки калган» жерлерин «бышырып», жалпы иреттүүлүккө салып жыйынтыкташат.

Мында да баяндамага эки баа: анын биринчиси – мазмунуна, экинчиси – сабаттуулугана коюлат. Журналга мазмунуна коюлган баа белгиленет.

Сабаттуулугу боюнча дил баянда кетирилген каталар менен иштөө сыяктуу өз алдынча иштер аткарылат.

#### *Дил баян жаздырууга үйрөтүү тууралуу*

Дил баян жазуу жумушу мектепте аткарылуучу жазуу иштеринин эң татаалы жана жоопкерчиликтүүсү экендигин жогоруда айттык.

Чындыгында, дил баян – окуучунун адабий билимин, түшүнүктөрүн, жазуу сабаттуулугун, байланыштуу кебин, сөзүнүн байлыгы менен кебинин маданиятын өстүрүүдөгү ролу чоң. Ал тургай, балдар дил баян жазып жаткан көркөм чыгарманын өзөгүндөгү нравалык-эстетикалык идеяларын боюна сиңирүүгө, ички дүйнөсүнүн калыптануусунда, табиттерин, ишенимдерин бекемдөөдө да мааниси кеңири. Ал үчүн дил баяндарда окуучулар алдына коюлган проблемаларды өз алдынча чечүүгө кылган аракети болууга жана алар туура баалануууга тийиш.

Бүгүнкү кыргыз мектебинин тажрыйбасында дил баяндын жалпыга белгилүү үч түрү бар: атап айтканда, биринчиси - жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы туурасында; экинчиси - чыгарманын идеялык-тематикалык мааниси жана үчүнчүсү - андагы образдар системасы жөнүндө. Биз болсок 2-класста булардын ичинен экөөнү: т.а. чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмуну жана андагы каармандын образын талдоо мүнөзүндөгү түрлөрүн тандап алсак болот.

Адегенде, мугалим окуучуларга дил баян жаздырарда анын темасын тандап алуусу керек. Анан ал үч теманы тактага жазып коюп, окуучулардын ар биринин өз алдынча ой жүгүртүп, мүмкүнчүлүгүнө жараша тандап жазуусун сунуш кылса эң туура болмокчу. Андан соң алардын оюн топтоого беш-алты мүнөт убакыт берип, план түзүүнү тапшырып же даяр планды сунуштап, ал план боюнча жазуу жол-жобосун көрсөтсө максатка ылайык келет.

Эң негизгиси, бул сыяктуу максаттар жана милдеттер көңүлдө болуусу керек:

- биринчиден, дил баян аркылуу окуучунун адабий билиминин деңгээлинин, этикалык-эстетикалык сезим-туюмдарынын калыптанышына;
- экинчиден, окуучунун оозеки, жазуу кебинин сабаттуулугунун абалына;
- үчүнчүдөн, өз алдынча ой жүгүртө билүүсүнө, фактыларды топтоп, талдап, анализдөөсүнө, корутунду чыгара алуусуна;
- төртүнчүдөн, баланын жалпы эле руханий жактан жетилүүсүнө көмөк көрсөтүү ишке ашырылат.

Дил баянды баалоо эки багытта, т.а. мазмунуна жана сабаттуулугуна карап жүргүзүлөт да, ага эки баа коюлат. Негизги көңүл анын мазмунуна бурулат, ошондуктан биринчи баа мазмунуна коюлат, ал журналга белгиленет. Андан кийин сабаттуулугу бааланып, ага өзүнчө баа коюлат, бирок журналга белгиленбейт. Ошентсе да, каталар менен иштөөдө типтүү каталыктарды мындан ары кетирбөөнүн жолдору көрсөтүлөт.

Мыкты дил баян балдардын алдында окулуп, класстын көргөзмөсүнө коюлса, ал башкаларга үлгү катары пайдаланылса, тарбиялык жактан туура болмокчу.

## *10. Окуу китептеги сүрөттөр менен иштөө аркылуу сөз өстүрүүгө карата методикалык айрым көрсөтмөлөр*

Адабий окуу китебиндеги иллюстрациялык сүрөттөр менен иштөөнүн мааниси чоң. Анткени, ал сүрөттөр китептеги ыр, аңгеме жана жомокторго ылайык тартылган да, окуучуларга текстти жеткиликтүү түшүнүүгө жардам бермекчи.

Чындыгында, башталгыч класстарда чыгарманын адабий-сюжеттик табиятын түшүнүүгө айрыкча көңүл бөлүнөт, бул үчүн кырдаалдык жана сюжеттик сүрөттөрдүн комплекси керек экендиги талашсыз. Адабий окуу китебиндеги чыгармаларга карата коюлган тексттик суроолор боюнча окуучулардын сүйлөп берүүсүн жана аларды түшүнүүсүнүн деңгээлин текшерүү жана унуткандарын эске түшүрүү, же болбосо, эске узакка сактап калууга жардам берүү үчүн да, ошондой эле адабий - эстетикалык жактан табитин бекемдөө үчүн да бул сүрөттөрдүн ролу кыйла кеңири.

Деги эле сүрөт менен иштөөнүн түрлөрү да, анын жолдору да көп. Ал сабакта өтүлүүчү окуу материалдарынын мүнөзүнө жараша болмокчу. Атап айтканда:

**1. Предметтик сүрөттөр менен иштөө** (жазуу жана оозеки түрүндө);

**2. Кырдаалдык сүрөттөр менен иштөө** (жазуу жана оозеки түрүндө);

**3. Окуялуу сүрөттөр менен иштөө** (жазуу жана оозеки түрүндө). Булардын ар биринин өзгөчөлүгүнө ылайык иштөөнүн формалары да ар башкача болору түшүнүктүү. Тактап айтканда, предметтик сүрөт боюнча суроо-жооп иштеринде нерсе тууралуу кеңири түшүнүк алуу ишке ашса, кырдаалдык сүрөттөр менен иштөөдө баланы сүйлөөгө тартуу, өз оюн билдирүүгө жетелөө, кыял-чабыттарын өстүрүү айрыкча көңүлгө алынат. Ал эми окуялуу сүрөттөр менен иштөөдө, андагы каармандарынын кыймыл-аракеттери тууралуу кеңири сүйлөп берүү оозеки жана жазуу түрүндө диалогдорду түзүү же монологдук текстти куруу сыяктуу жумуштар жүргүзүлөт.

Эмесе, ошолордун ар бири боюнча кыскача сөзгө өтөлү.



### *А) Предметтик сүрөттөр менен иштөө*

Чындыгында сабактагы көрсөтмөлүүлүктүн мааниси - окуучунун кебин өстүрүү менен терең байланыштуу экендигинде. Себеби, ал, биринчиден, сүрөт аркылуу үйрөнгөн сөз, же анын жардамы менен тааныган жан-жаныбарлар (мисалы: керик, акыра, алардын балдары ж.б.) окуучунун эсинде көпкө сакталат; экинчиден, сүрөт окуучуну сүйлөөгө тартууга оң мотивациялык ролду да аткарат.

Мисалы, окуучуларга «Керик дегенди көрдүң беле?» деген суроону берүүдөн көрөкчө, ал жаныбардын сүрөтүн көрсөтсөк, эстеринде бекем сакталары шексиз. Же болбосо, табышмак катуу учурунда да анын атын сөз менен жазгандан көрөкчө, ал предметтин сүрөтүн бир эле көрсөтүп койсо, аны бала элестүү кабыл алат да, табышмакты бачым чечмелеп, эсинде де бекем сакталып калат.

Сүрөттөр менен иштөөдө, адегенде **«мугалим-окуучу»** формасында суроо-жооп иштери жүргүзүлөт, андан соң **«окуучу-окуучу»** формасында улантылышы мыйзам ченемдүү. Анткени, мугалимдин максаты сүрөттөгү предметтер менен эле тааныштыруу же адабий-сюжеттик мүнөздөгү тапшырманы аткаруу гана эмес, окуучунун тилин жатыктыруу, сөзүн өстүрүү, андан ары сабактын дүйнө таанытуучулук, табият таануучулук жана да мекен таанытуучулук мазмунун байытуу болуп саналат.

### *Б) Кырдаалдык сүрөттөр менен иштөө*

Суроо туулат: Кырдаалдык сүрөт деген эмне?

Анын предметтик жана сюжеттик сүрөттөрдөн айырмасы кандай?

Кырдаалдык сүрөттөрдүн негизги мүнөздүү белгиси - көргөн адамды сүйлөөгө түрткү берип турган өзүнөн-өзү суроо туулуп, ага берилүүчү зарыл жоопту күттүрүү кырдаалын түзүп турганы болуп саналат.

Мисалы, төмөндөгү чыгармалар боюнча тартылган кырдаалдык сүрөттөрдү алалы, атап айтканда: «Телефондо», «Ырыс алды - ынтымак», «Бак тигели», «Чыпалак бала» ж.б.

Окуучулар бул сүрөттөр боюнча суроо-жоопторду гана түзүшпөстөн, өз алдынча монолог жана диалог тибиндеги чакан тексттерди оозеки же жазуу түрүндө түзүшсө болот.

### *В) Окуялуу сүрөттөр менен иштөө тууралуу*

Окуялуу сүрөттөр көп окуяны камтуу менен көптөгөн суроо-жоопторду коюлушун талап этет. Ал сүрөттөрдү көргөндө ар ким ар кандай суроолорду коюп, ар кандай жоопторду алууга мүмкүн экендиги менен айырмаланат.

Окуялуу сүрөттөр түзүлүшүнө жараша, окуялуулугуна карата жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөрү мыйзамченемдүү. Бул - ал сүрөттөр менен иштөөнүн жүрүшүндө да байкалат.

Жөнөкөй сюжеттик сүрөттөр элестүүлүгү менен айырмаланат жана бир, эки каарман тартылат. Ал боюнча бир-эки, же эки-үч маек бирдигин түзсө болот.

Мисалы: «Өзүнүкү жана өзгөнүкү», «Сыйкырдуу кыш», «Ит менен аюу», «Баарынан эне ыйык», «Токойдогу окуя» ж.б. темалар менен иштөө – буга мисал боло алат.

Ал эми татаал сюжеттүү сүрөттөр - өзү эле айтып тургандай, көп пландуу, кенен полотнолуу (мисалы: айылдын, шаардын, тоонун, жүрүп жаткан оюндун ж.б.) көрүнүшү болуусу мүмкүн. Алар менен иштөөдө чогуу кеңешип, план түзүп алып, ырааттуу иш жүргүзүү зарыл.



# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## «Адабий окуу» боюнча сабактардын болжолдуу иштелмелери

### 1-үлгү
### Сабактын темасы: Китеп менен таанышуу. Кайталоо. «Тилегим»

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** 1-класста жана жайкы эс алууда окуган, уккан чыгармалары тууралуу баяндап жана кайталоо үчүн берилген суроолорго окуучулар жооп беришет. Ар бири өзүнүн алдына койгон максаттары, тилектери тууралуу ой бөлүшөт.

• **өнүктүрүүчүлүк**: өз алдынча ой жүгүртүп, ойлорун эркин, так, кыска, адабий тилде айтууга көнүгүшөт.

• **тарбия берүүчүлүк:** активдүүлүккө, ыкчамдыкка, тактыкка, бирин-бири уга билүүгө, сыйлоого, ынтымактуу болууга үйрөнүшөт.

**Сабактын тиби:** Жаңы билим берүүчү

**Колдонулган ыкма:** Аңгемелешүү.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, түстүү сүрөттөр, «Алтын эреже» жазылган плакат, Манас баатырдын, Чыңгыз Айтматовдун, Исхак Раззаковдун ж.б. улуу адамдардын портреттери ж.б.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу (Класста жагымдуу жагдай түзүү).

Окуу жылынын башталышындагы алгачкы сабак мугалимдин окуучуларды жаңы окуу китеби менен тааныштыруудан башталат. Китептин мукабасы, мазмунунда берилген чыгармалар, китептин авторлору тууралуу кыскача маалымат берип кетсе жакшы болот.

Андан соң, ар бир сабакта сакталууга тийиш болгон «Алтын эрежелерди» мугалим окуучулар менен биргеликте түзүшөт.

**«Алтын эрежелер»** (үлгү)

1. Активдүүлүк
2. Өз оюн эркин айтып берүү
3. Суроолорго кыска, так жооп берүү
4. Бирин-бири уга билүү жана сыйлоо
5. Бирин-бири сындап, шылдыңдабоо
6. Кол көтөрүп жооп берүү ж.б.

Эрежелер менен таанышкандан кийин, окуу китепте кайталоо үчүн берилген суроолорго жооп беришет.

**Кайталоо үчүн суроолор:**

1.Балдар, силер жайкы эс алууда кандай китептерди окуп чыктыңар? Алардын аттарын атап бергилечи?

2. Өзгөчө кайсы чыгармалар жакты? Эмне үчүн?

3. Өзүңөргө абдан жаккан аңгеме, жомоктун мазмунун кыскача баяндап айтып көргүлөчү?

Балдардын суроолорго берген жоопторуна ылайык мугалим доскага таблица түзө койсо болот.

**Үлгү:**

| Балдар окуган чыгармалардын аталыштары | Балдар үчүн жаккан чыгармалардын жанрлары | Эмне үчүн мындай чыгармалар жагат? |
|---|---|---|
| - «Байчечекей»<br>- «Жомоктор»<br>«Кубан, бөбөк» ж.б. | - жомок<br>- ыр<br>- аңгеме<br>табышмактар ж.б. | - кызыктуу<br>- түшүнүүгө оңой<br>- ыр жаттаганды жакшы көрөм ж.б. |

Балдардын аңгемелерин уккандан кийин мугалим эми окуу китепте берилген сүрөттү пайдаланып алгачкы текст менен иштөөгө өтөт. Текст «Кандай сонун күн бүгүн» деп аталат. Текстти окугандан мурда балдарга суроо менен кайрылат:

1. Балдар, силер бүгүн мектепке кандай даярдыктар менен келдиңер?
2. Сүрөттөгү балдардын маанайы кандай экен? А силердин маанайыңар кандай? Эмне үчүн?

**Андан соң мугалим текстти балдарга окуп берет.**

Окуучулар текстти уккан соң бири-бирине жылуу сөз айтуусун мугалим тапшырат. Балдар бирин экинчиси кайталабашы керектигин эскертет (бул оюн окуучулардын маанайын көтөрүү, өзүн-өзү баалоосун жогорулатуу максатын көздөйт). Алгач өзү үлгү көрсөтөт:

- Айбек, сен бүгүн абдан тыкан кийинип келипсиң. Ушул калыбыңдан жазба.
- Рахмат.
- Алина, сенин бантигиң абдан кооз экен. Сага абдан жарашып турат.
- Рахмат, Бермет. Сенин кофтаң абдан жакшы, өзүңө чак экен ж.б.

Мугалим: Балдар, элибизде «Жакшы тилек - жарым ырысқы», «Максатсыз адам - канатсыз куштай» деген акылман сөздөр бар. Азыр биз силер менен акын Ж. Бөкөнбаевдин «Тилегим» аттуу ырын окуйбуз (Ырды мугалим же көркөм окуган окуучу окуйт). Андан соң, ырга карата берилген суроолорго жооп берүү менен өз ара ой бөлүшүшөт.

**Суроолор:**

1. Ырда бала кандай адам болсом деп тилек кылып жатат?
2. «Атам Манас сыяктуу эр болсом деп тилеймин» дейт. Манас атабыз тууралуу эмнелерди билесиңер?
3. «Элге кызмат кылгын» деген сөздү силер кандай түшүндүңөр?
4. Силер элиңерге кандай кызмат кылсам деп ниеттенесиңер? Ой бөлүшкүлө.

Эми, балдар, ырда айтылган Манас, Кожожаш, Чубак, Чолпонбай кимдер болгонун эсиңерге түйүп алгыла:

- Манас кыргыз элин коргогон баатыр болгон.
- Кожожош элин мергенчилик менен баккан көзгө атар мерген болгон.



- Чубак Манастын кырк жигитинин бири, баатыр болгон ж.б.

Сабактын соңунда мугалим сабакка активдүү катышкан, «Алтын эрежелерди» туура сактаган окуучуларды белгилеп өтөт жана билимдерин баалайт.

**Үйгө тапшырма:**

1. «Тилегим» деген ырды жаттап келип, көркөм айтып берүү;
2. Балдардын ар бири өзүнүн алдына койгон максаттары тууралуу айтып берүүгө даярданып келүүсү тапшырылат.

## 2-үлгү
## Сабактын темасы: Билим – түгөнбөс байлык

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** билимдүү, өнөрлүү болуу менен адам көп ийгиликтерге жетишип, түгөнбөс байлыкка ээ болору тууралуу түшүнүккө ээ болушат.

• **өнүктүрүүчүлүк:** сынчыл ой жүгүртүүгө, окуяны талдай билүүгө, өз оюн эркин, жеткиликтүү айтууга машыгышат, сөз байлыгын өстүрүшөт.

• **тарбия берүүчүлүк:** акылмандыкка, калыстыкка, эмгекчилдикке, берешендикке, боорукерликке тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** ой жүгүртүү, талдоо.

**Сабакта колдонулган ыкма:** «Акыл чабуулу», топто иштөө, кластер түзүү.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, иллюстрациялар, ватман, маркер, карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

Класста моралдык-психологиялык жагдай түзүү.

Өтүлгөн тема боюнча мугалим окуучулардын билимин текшерет жана бышыктайт.

**Жаңы темага киришүү.**

Мугалим классты 2 топко бөлөт да, ар бирине бирден суроолорду берет:

1. Билим деген эмне?
2. Байлык деп эмнени түшүнөсүңөр?

Ар бир топтун мүчөлөрү өз ойлорун айтышат, мугалим доскага (же ватманга) жаза берет. Бир топ башка топтун суроосуна эң аягында кошумча жооп киргизсе болот.

**Үлгү:**

Андан соң мугалим: «Билим баалуубу же байлык баалуубу?» деген суроону ортого таштайт. «Билим баалуу» деген окуучулар жашыл карточканы, «Байлык баалуу» деген окуучулар сары карточканы алышат да, эки тарапка бөлүнүп турушат. Эмне үчүн мындай жоопту тандагандыктары тууралуу өз ойлорун айтышат.

Балдардын ойлорун чогуу талдагандан кийин, окуу китептеги текстти окушат. Текстти окуу учурунда мугалим сөздүктөр менен иштөөнү унутпашы керек (сөздүктөр тексттин аягында берилген). Бул болсо чыгарманы толук түшүнүүгө көмөкчү болот.

Чыгарманы окуп бүткөндөн кийин балдардын текстти окуганга чейинки

жооптору менен салыштырып, талдоо жүргүзүшөт. Аягында китепте берилген суроолордун негизинде билимдерин бышыкташат.

**Суроолор:**

1. Балдардын атасынын чечими адилеттүүбү? Эмне үчүн?
2. Эне эмне үчүн ыйлады?
3. Бала өнөргө кантип ээ болду?
4. Агасынын тагдыры акырында эмне болду?
5. Өнөрдүн аркасында бай болгон бала менен агасынын ортосунда кандай айырмачылык бар?
6. «Билим - түгөнбөс байлык» деген накыл сөздүн маанисин кандай түшүндүнөр?

Өтүлгөн чыгарманын мазмунуна шайкеш келген макалдарды окуп, алардын маанисин окуучулар менен чогуу чечмелөө балдардын алган билимдерин бышыктоого, тереңдеп талдоосуна көмөкчү болот. Окуу китепте берилген макалдар менен гана чектелбестен, өтүлгөн темага ылайык балдардын өз алдынча макалдарды таап, сабакта колдонуусу жакшы натыйжа берет.

**Үйгө тапшырма:**

- «Билим - түгөнбөс байлык» чыгармасын окуп түшүнүгүн, өз ойлорун айтып берүү.
- Сөздүктөрдү эсте тутуу.
- Билим, байлык тууралуу макалдарды чогултуу, талдоо.

**Окуучулардын билимдери бааланып, комментарий берилет.**

## 3-үлгү

## Сабактын темасы: Берекелүү алтын күз. Күз келди

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** Күз мезгилинин кооздугу, берекелүүлүгү тууралуу баяндалган ырдын маанисин түшүнүп, сүрөт боюнча өз оюн айтып берүүгө, ырды шар, көркөм окууга көнүгүшөт;

• **өнүктүрүүчүлүк:** таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрү артат, билген, байкаган нерселерин адабий тилдин нормасында эркин айтып берүүгө машыгышат жана ой жүгүртүүгө көнүгүшөт;

• **тарбия берүүчүлүк:** сулуулукка суктанып, эмгекчил, бирдиктүү болууга умтулушат, улуулардын накыл кептеринин маанисин түшүнүп, эсте тутушат.

**Сабактын тиби:** байкоо жүргүзүү жана талдоо

**Сабактын формасы:** саякат сабагы

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим окуучулар менен саламдашып, ал-абалдарын сурап, класста жагымдуу жагдай түзөт.

Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын алган билимдерин текшерет, бышыктайт («Билим - түгөнбөс байлык» деген чыгарманын мазмунун эске түшүрүп, бул боюнча өз ойлорун ортого салышат. Сөздүктөрдү кайталашат. Билим, байлык тууралуу топтоп келген макалдарды ортого салышып, маанилерин чечмелешет).



**Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат:**

Балдар, «Күз мезгили» дегенде силер айлана-чөйрөнү кандай элестетесиңер?

**Балдар өз ойлорун айтышат.**

1. Бак-дарактардын жалбырактары саргая баштайт.
2. Аба салкындап калат.
3. Адамдар жылуураак кийине башташат.
4. Мөмө-жемиштер бышат ж.б.

Андан соң классты төрт кичи топко бөлөт (Бул бөлүштүрүүдө мугалим түстүү карточкалар, же саноо аркылуу, же болбосо мөмө-жемиштердин аттарын атоо менен да бөлүштүрсө болот). Ар бир топко өз алдынча тапшырма берилет, б.а. ар бир топ ар башка жакка саякатка чыгышат. Мисалы:

1-топ эгин талааасына
2-топ токойго
3-топ үй алдындагы короого
4-топ мектептин багында

Ар бир кичи топко 5 мүнөттөн убакыт берилет. Эгер жетпей баратса, дагы бир аз мүнөт кошуп берсе болот. Топтуң мүчөлөрү өзүлөрүнө бөлүнгөн тарапка кыялдарында саякатка барышып, ал жактын күз мезгилиндеги көрүнүшүн, түрдүү иш-аракеттерди элестетип сүрөттөп айтып бериши керек. Бул үчүн сүрөт тартышса, оозеки сүйлөп беришсе, билгендерин кагазга жазышса да болорун мугалим эскертет.

Мугалим кичи топтордун иш-аракеттерин уюштурат: ал ар бир кичи топко акырын барып, багыт берип, жол көрсөтүп турушу зарыл.

Белгиленген убакыт аяктаган соң, ар бир кичи топтун жоопторуна көңүл бөлөбүз. Топтун мүчөлөрүнөн бирөө же болбосо, бирин-бири улап кетүү менен жооп беришсе болот.

**Мисалы:**

**1-топ: «Эгин талаасында».** Күз келди. Аба салкындай түштү. Талаада эгиндер бышып калды. Буудай, арпа сары түскө боёлгон. Дыйкандар эгиндерин оруп жатышат. Апалар буудай унунан нан жасашат. Нан - ырыскы ж.б.

**2-топ: «Токойдо».** Токойдо түрдүү дарактар өсөт. Түрдүү канаттуулар, жан-жаныбарлар жашашат. Күз келип, дарактардын жалбырактары сары, кызыл түскө боёлду. Жалбырактар жерге биринин артынан бири жаап түшүп жатат ж.б.

**3-топ: «Үй алдындагы короодо».** Биздин короодо түрдүү дарактар, жашылча-жемиштер өсөт. Алма, алмурут, жаңгак ж.б. Аларды бирден үзүп, жашиктерге салабыз. Күзүндө мөмө-жемиштердин көп болушу бизге абдан жагат. Ата-энебизге баарыбыз кол кабыш кылабыз ж.б.

**4-топ: «Мектеп багында».** Биздин мектептин багында жүзүм, алма, талтеректер өсөт. Аларды агаларыбыз тигип, өстүрүшкөн. Окуучулар бош убактысында бактын астын жумшартып, суу коюшат ж.б.

Бир топтун жообуна башка топтун мүчөлөрү толуктоо, кошумча киргизүүсүнө мугалим уруксат берет. Окуучулар бири-биринин жоопторун кунт коюп угуп, ой бөлүшүүсүнө багыт берет.

Андан соң, окуу китепте берилген «Күз келди» деген ырдын бирден куплетин ар бир топтун көркөм окуган окуучусуна окутуп, анын мазмунун

талдашат. Текст ичиндеги сөздүктөр менен иштешет, алардын маанилерин чечмелеп түшүндүрүп беришет.

**1-топ:**
Берекелүү күз келди
Айыл алма жыттанып,
Ак буудайдын данына,
Кампа толду шыкалып.

**2-топ:**
Жыйым-терим маалы,
Бекер жүргөн эч ким жок.
Эл жабыла иш менен,
Талаа жактан кеткен жок.

**3-топ:**
Каникулда бүт балдар,
Өнөктүккө катыштык.
Коктудагы топтту,
Короолорго ташыштык.

**4-топ:**
Улуулардан накыл кеп,
Күндө угуп жатабыз.
«Жаз - жарыш, күз - күрөш» деп,
Айтат апа-атабыз.

**Суроолорду берүү менен балдардын жаңы тема боюнча алган билимдерин бышыктайт:**

1. Ырда күз берекеси кандай сүрөттөлгөн?
2. Силер жашаган аймакта түшүм жыйноо учурунда байкаганыңарды айтып бергиле.
3. Күзгү жумушка силер кандай катышасыңар?
4. «Жаз - жарыш, күз - күрөш» деген макалды силер кандай түшүнөсүңөр? Өз оюңарды айтып көргүлөчү.

**Макалдардын маанисин чечмелөө менен жаңы сабакта алган билимдерин бекемдешет жана аларды өз кебинде колдонуп, сүйлөөгө көнүгүшөт.**

**Үйгө тапшырма:**
1. Ырды жаттап келүү.
2. Күз мезгилиндеги эмгек тууралуу сүйлөп берүү.
3. Эмгек, күз жөнүндө макалдарды таап келүү.

**Сабактын соңунда окуучулардын билими бааланып, бааларга комментарий берилет.**

## 4-үлгү
## Сабактын темасы: Жыл жана анын төрт уулу

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк:** чыгарманы окуп, талдоо менен жыл мезгилдери, алардын көрүнүштөрү, ар бир мезгилдеги жашоо-шарт тууралуу ой бөлүшүшөт;
- **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүгө, өз оюн мазмундуу баяндап айтууга көнүгүшөт;
- **тарбия берүүчүлүк:** табийгатты сүйүүгө, коргоого, ынтымакка, биримдикке, активдүүлүккө, толеранттуулукка тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы
**Колдонулган ыкма:** Тыным жасап окуу ыкмасы



**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, жыл мезгилдери боюнча тартылган түстүү сүрөттөр, жыл наама календары ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жагдай түзүү)

**Үй тапшырмасын суроо:** «Күз келди» аттуу ырды жатка көркөм айтып беришет (Ырды мугалимге гана айтып бербестен, балдар жуп менен иштешип, бири-бирине айтып беришсе да болот. Бул болсо убакытты үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берет). Андан соң күз мезгилинде ата-энесине кылган жардамдары тууралуу кыскача аңгемелешишет.

Мугалим окуучуларды жаңы тема менен тааныштырууга өтөт. Алгач балдардан жыл тууралуу, анын мезгилдери жөнүндө эмне билишерин сурайт (Жылдын канча мезгили бар? Ар бир мезгилге кайсы айлар кирет? ж. б.) Окуучулардын жооптору доскага жазылат.

Мугалим текстти бир нече бөлүктөргө бөлүп, тыным жасоо менен окуп берип, ар бир тынымдан соң, суроолор аркылуу окуучулардын оюн топтотуп, ой жүгүрттүрүп отурат.

### 1-бөлүк

*Илгери өткөн заманда Жыл аттуу акылман жашаптыр. Ал аябай боорукер, көп өнөрдү билген адам экен. Анын Кыш, Жаз, Жай, Күз деген төрт уулу болуптур. Жылдын экинчи уулу Жаз күндү аябай ысытып, булактар соолуп,кургакчылыктан көптөгөн жан-жаныбарлар өлүп калышат. Муну көргөн Кыш эртеси карды калың жаадырып, катуу суук кылып жиберет. Курт-кумурскалардын падышасы Жылга даттанып келет:*

*- Жаз деген уулуңуз күндү аябай ысытып, кургакчылык кылып жиберген эле. Эртеси улуу уулуңуз Кыш кар жаадырып, суук кылып жиберди. Көптөгөн чымын-чиркейлер өлүп калды. Балдарыңызды бирдеме деп тыйып койбойсузбу, - дейт.*

*Андан кийин арызданып кой, эчки да келет:*

*- Балдарыңыз күндү бир ысытса, бир муздатып, аябай кыйнап жиберди, тыйып коюңузчу, - дешет.*

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Балдар, Жылдын балдары тууралуу кимдер эмне деп арызданып келишти?
2. Эми окуя кандай уланат деп ойлойсуңар? Жыл балдарына эмне деп айтат деп ойлойсуңар?

### 2-бөлүк

*Жыл төрт уулун чакырып алып, алардын кылган иштери жөнүндө сурай баштайт:*

*- Кана, балам, Кыш, сен айтчы, эмне үчүн кар жаадырдың?*

*- Анткени, Жаз жерди кургатып жиберди. Мен кар жаадырып, кайрадан эритип, жерди сугардым. Антпегенде өсүмдүктөрдүн бардыгы өлүп калат эле да, - дейт.*

*Жыл калган балдарынын да сөздөрүн угуп, жүйөөлүү экенине ынанат да көпкө ойлонот.*

*Эмне кылуу керек?*

*Бир күнү жан-жаныбарларды чогултуп алып, Жыл минтип айтты:*

*- Баарыңар угуп тургула. Бир күн кыш, бир күн жаз болсо болбойт экен. Ошондуктан, мен төрт балама күндөрдү бөлүп берейин, ар кимиси өз иштерин ошол бөлүнгөн күндөрдө аткарсын. Улуу балам Кышка токсон бир күн, экинчи уулум Жазга токсон бир күн, үчүнчү уулум Жайга токсон эки күн, эң кенже уулум Күзгө токсон бир күндү бөлүп берейин. Буга кандай дейсиңер?- дейт угуп отургандарга кайрылып.*

*Ошентип, бардыгы макул болушат.*

**Мугалим кайрадан суроо менен кайрылат:**

1. Жыл төрт баласына канча күн, канча ай бөлүп берди?

2. Бул мезгилдерде аба-ырайы, айлана-чөйрө кандай болорун сүрөттөп көргүлөчү?

**3-бөлүк**

*Бирок аюу, суур, кашкулак макул болбой, кол көтөрүп, сөз сурашат.*

*- Кана, аюу, айтчы, - дейт Жыл.*

*Аюу өз оюн айта баштайт:*

*- Улуу уулуңузга күндү азыраак берсеңиз экен. Анткени карды калың жаадырып жиберсе, биз тоо-таштын арасында кантип жашайбыз? - дейт.*

*- Ачкадан өлбөйбүзбү! - дешет суур менен кашкулак да аюунун сөзүн улап.*

*- Мээр чөп деген бар, ошону тиштеп уктагыла. Көктөмгө дейре жыргап жата бересиңер, - дейт Жыл.*

*Ошентип, Жылдын төрт баласы төрт мезгил аталып калыптыр. Аюу, суур, кашкулактар болсо кышкысын мээр чөптү тиштеп, эч нерседен капарсыз уктап жата беришет экен.*

**Мугалим:**

1. Балдар, аюу, суур, кашкулак кышты кантип кыштап калышыптыр?

2. Жылдын бул бөлүштүргөнү туура болдубу? Силер кандай ойлойсуңар?

3. Силер жыл мезгилдерин кандай бөлүштүрөр элеңер? Эмне үчүн?

**Берилген суроолорго ылайык талкуу уюштурган соң, жыл мезгилдерине ылайык билген табышмактарды айтышып, жандырмактарын табышат.**

**Үйгө тапшырма:**

1. «Жыл жана анын балдары» аттуу аңгемени үйдөн шар, көркөм окууга, мазмунун айтып берүүгө машыгуу;

2. Жыл мезгилдерине ылайык макал-лакаптарды, табышмактарды таап келүү;



3. Жыл мезгилдерине жараша сүрөт тартып келүү.

**Окуучулардын билими бааланып, комментарий берилет.**

## 5-үлгү

## Сабактын темасы: Туулган жердин топурагы алтын. Алтын уя (элдик жомок)

***Эскертүү:*** *Бул жомок 2 саатка пландаштырылган. Көрсөтүлгөн үлгү сабактын негизинде сабактар бирин-бири улап кетсе болот.*

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** «Алтын уя» жомогунун мазмунун окуп, талдап түшүнүшөт. Туулган жердин ыйыктыгы, кооздугу тууралуу ыр, макал-лакаптарды айтышып, алардын маанисин чечмелеп, ой бөлүшүшөт;

• **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча ой жүгүртүүгө, өз оюн эркин, так айтууга көнүгүшөт, сөз байлыгын өстүрүшөт;

• **тарбия берүүчүлүк:** Ата Мекенди, элди сүйүүгө, аларды көз карегиндей коргоого, урматтоого тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы

**Сабактын формасы:** Ролдук оюн

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу:** Саламдашуу (класста жагымдуу жагдай түзүү)

Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат:

Балдар, туулган жер дегенди силер кандай түшүнөсүңөр?

Балдар өз ойлорун айтышат. Бул учурда сөзсүз «Алтын эрежелерди» мугалим балдардын эсине салып турушу зарыл. Анткени, ар бир ой баалуу, ар бир окуучу өз көз карашын эркин айтууга укугу бар.

Андан соң мугалим жаңы тема менен окуучуларды тааныштырууга өтөт.

**Жаңы тема: «Алтын уя» элдик жомогу.** Чыгарманы мазмунун тааныштырууда аны окуучулар менен бирге ролдоштуруп окуса да болот.

**Ролдордо:**

**1. Автор - мугалим**

**2. Хан - Айбек**

**3. Булбул - Айдай**

**4. Нөкөрлөр - Аскар, Эрмек**

Ролдоштуруп окууда образга кирип, так, көркөм окууга мугалим багыт берип, өзү үлгү көрсөтүп отурат. Калган окуучулар көңүл коюп угушат. Жомоктун биринчи бөлүгү аяктаган соң берилген суроолорго жооп берүү менен чыгарманын мазмунун эстерине түйүшөт жана талдашат.

**Төмөндөгүдөй суроолор берилет:**

1. Хан жигиттерин кандай максат менен булбулду кармап келүүгө жиберди?

2. Булбулдун уясы кандай эле? Ошол саптарды жомоктон таап, үн чыгарып окугула.

3. Алтын капастагы булбул эмне деп сайрады? Эмне үчүн булбул капа болуп жатты деп ойлойсуңар?

4. Сен хандын ордунда болсоң эмне кылар элең? Эмне үчүн?

5. Эми окуя кандай уланат деп ойлойсуңар?

Суроо-жооптордон соң, тексттин 2-бөлүгү окулат. Жомоктун аягына чейин окуп, кайрадан суроо-жооптор менен окуучулардын түшүнүктөрүн бекемдейт, ой жүгүртүүгө багыт берет.

**Алган билимди бекемдөө жана ой жүгүртүү үчүн суроолордун топтомун берсе болот:**

-Эмне үчүн хан булбулдун уясы укмуш болсо керек деп ойлоду?

-Булбулдун уясы кандай экен? Жомоктон ошол жерин таап, үн чыгарып окугулачы?

-Эмне үчүн булбул өзүнүн жаман уясын баарынан артык көрөт деп ойлойсуңар?

Макалдардын маанисин чогуу чечмелешет: **Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө. Туулган жердин топурагы алтын.** Бул тапшырма аркылуу окуучулардын сабакта алган билимин жалпылоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Үйгө тапшырма катары** жомокту кайрадан окуп чыгып, туулган жер тууралуу макалдарды таап, алардын маанисин чечмелеп жана жомоктогу акыркы төрт куплетти жаттап келүү тапшырылат.

**Сабакка активдүү катышкан окуучуларды мугалим өзү, же окуучулар менен бирге белгилеп, алардын билимдерин баалайт.**

## 6-үлгү
## Сабактын темасы: Булбул (жомок)

**Сабактын максаттары:**

**• билим берүүчүлүк:** жомоктун мазмунун түшүнө алат, андагы окуяга баа бере алат, көрктүү окуганга машыгат, суроолорго ылайык жоопторун тексттен таба алат;

**• өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча ой жүгүртүп, өз оюн айтууга көнүгөт, сөз байлыгы өсөт;

**• тарбия берүүчүлүк:** Ата Мекенин сүйүүгө, аны аздектөөгө тарбияланышат, боорукерликке, бирин-бири колдоого үйрөнүшөт.

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүүчү

**Сабакта колдонулган ыкма:** Инсерттин айрым элементтери, ролдоштуруп окуу.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, макет, түстүү сүрөттөр, ватман, фломастер (мугалим үн жазгычка жомокту көркөм окуп жаздырып алып уктурса да болот) ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жагдай түзүү)

**Үй тапшырмасын суроо, текшерүү, бышыктоодо** кыскача талкуу уюштурса болот. Ал үчүн төмөндөгү суроолорду ортого таштайт:

1. Хандын булбулду кармап келип, капаска салганы туура болдубу? Эмне үчүн?

2. Булбулдун алтын капасты таштап, чөп-чардан жасалган «жаман» уясына кетип калганына кандай көз караштасыңар? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?

3.Өзүңөрдү капастагы булбулдун ордуна коюп, элестетип көргүлөчү?



Эмне үчүн өзүңөрдүн үйүңөр баарынан жакшы, ыйык сезилерин айтып көргүлөчү? д.у.с.

Талкууну баштаганга чейин мугалим балдар менен бирге «Алтын эрежелерди» эске түшүрөт. Бул болсо ар бир балага ар тараптуу мүмкүнчүлүктөрдү алууга шарт түзөрүн унутпоо керек.

Андан соң мугалим жаңы теманы түшүндүрүүгө киришет.

**Жаңы тема: «Булбул» жомогу.**

**Мугалим алгач доскага Инсерт белгилеринин таблицасын чиет:**

| «!» - муну билем | «+» - жаңы | «?» - муну түшүнө албадым |
|---|---|---|
| - куш<br>- сайрайт<br>- кичинекей<br>- жомок окуган<br>- мультфиль көргөм | - булбул алгач бала болгону тууралуу<br>- сыйкырдуу абышкага жолукканын | - эмне үчүн бала бойдон жүрбөй, кушка айланды экен?<br>- Апасы эми эмне кылат?<br>- адам баласы кушка |

**Андан соң окуучуларга суроо менен кайрылат:**

- Балдар, булбул жөнүндө эмнелерди айта аласыңар? Окуган, уккан, көргөндөрүңөрдү эстеп көргүлөчү;

Балдардын жоопторун **таблицанын биринчи бөлүгүнө («!» - муну билем)** жазат. Андан соң жомокту ролдорго бөлүштүрүп кырааты менен көркөм, уккулуктуу окушат.

**Ролдордо: автор, бала, абышка, баланын апасы**

Жомоктун биринчи бөлүгү окулгандан кийин тыным жасалып, суроолор менен окуучулардын оюн топтоп, түшүнүгүн бекемдеп, ой жүгүртүп сүйлөп берүүсүн мугалим уюштурат.

**Суроолор:**

1. Баланын кандай максаттары бар эле?

2. Сыйкырчынын шартына бала макул болор бекен? Силер кандай ойлойсуңар?

3. Канткенде туура болот деп эсептейсиңер? Эмне үчүн?

Жомоктун экинчи бөлүгү окулат же уктурулат. Кайрадан суроо, тапшырмалар аркылуу окуучулар ойлорун топтоп, түшүнүгүн бекемдешет, ой жүгүртүп сүйлөп беришет.

**Суроолор:**

1. Бала сыйкырчынын суроосуна эмне деп жооп берди?

2. Сыйкырчы абышка балага эмне деп эскертти?

3. Баланын булбул кушка айланганы туура болдубу? Эмне үчүн?

**Тапшырма:**

Апасынын баласына берген батасын китептен таап, кайрадан окуп көргүлөчү.

Андан соң балдардын жаңы жомокту окугандан кийин үйрөнгөн, билген жаңы нерселерин мугалим сурап, окуучулардын жооптору менен таблицанын экинчи бөлүгүн («+» - жаңы билдим) толтурат.

Эң аягында таблицанын 3-бөлүгүндөгү («?» - муну түшүнө албадым)

суроолорго жооп издешет, талкуу жасашат: Мисалы:

- эмне үчүн бала бойдон жүрбөй, кушка айланды экен?
- апасы эми эмне кылат?
- адам баласы кушка айланышы мүмкүнбү? ж.б.

**Үйгө тапшырма берилип, алардын шарттары түшүндүрүлөт:**

1. Жомокту кайрадан окуп чыгуу.
2. Булбул куштун сүрөтүн тартып келүү.
3. «Эгер мен сыйкырчы болсом, ...», же «Эгер мен баланын ордунда болсом,...» деген суроонун тегерегинде кыялданып, ойлонуп келүү.

**Окуучулардын билимин баалап, бааларга комментарий берилет.**

## 7-үлгү
## Сабактын темасы: Телефон (аңгеме)

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** аңгемени окуп, анын мазмунун түшүнөт, өз көз карашын, пикирин билдире алат, сынчыл ой жүгүртүп, суроолорго жооп бере алышат, телефондо сүйлөшүү маданиятына, диалогдук кепке машыгышат.

• **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча ой жүгүртүүгө, баалоого, өз оюн айтууга машыгышат, сөз байлыктарын өстүрүшөт;

• **тарбия берүүчүлүк:** маданияттуулукка, адептүүлүккө, сылыктыкка, сыйлоо-урматтоого үйрөнүшөт.

**Сабакта колдонулуучу ыкма:** түгөйлөшүп иштөө

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жатдай түзүү)

**Оюн:** Окуучулар түгөйлөрү менен ордуларынан турушат. Ар бир түгөй бири-бирине жакшы каалоо-тилек айтышат (Бул оюндун максаты: балдар бири-бирине жылуу маанай тартуулашат; бирин-бири колдоого, жакшы тилек айтууга көнүгүшөт).

**Үлгү:**

- Асел, сен бүгүн бардык сабактарыңдан «5» деген баа аласың.
- Рахмат, Асан. Сен болсо баарыбызга үлгү болосуң ж.б.

Андан соң мугалим балдардан үйгө эмне тапшырма берилгендигин сурайт. Берилген тапшырмаларды жалпы класс алдында, жуптар арасында өз ара текшерип чыгышса болот (Мисалы: жаттаган ырларын шеригине айтып берет, же макалдардын маанисин чогуу чечмелешет ж.б.д.у.с.)

Жаңы теманы түшүндүрүү кезеги келгенде мугалим балдарга тапшырма берет:

- Балдар, келгиле, бири-бирибиз менен телефон аркылуу сүйлөшүп көрөлү. Ар бирибиз өз түгөйлөрүбүзгө телефон чалып, керектүү нерсени сурап, же майрамы менен куттуктап көрөлү.

Балдар өз ара түгөйлөрү менен телефон аркылуу сүйлөшүшөт. Окуучулар бирин-бири, мугалим аларды уккан соң шыдыр эле окуу китептеги текст менен таанышууга өтүшөт.

**Жаңы тема: Телефон**

Аңгемени мугалим баштап берет, балдар калганын кезек менен уланта



окушат. Мугалим аңгемедеги ар бир диалогго балдардын көңүлүн буруп отурат:

- Бала туура жооп бердиби?
- Кандай жооп берсе туура болор эле?
- Сен анын ордунда болсоң эмне деп жооп берер элең? ж.б.

Балдар «Алтын эрежени» сактап, өз ойлорун айтышат. Мугалим жаңы тема боюнча балдардын түшүнүгүн, эсте тутуусун бекемдөө, ой жүгүртүүсүн өстүрүү максатында дагы да талкуу уюштурат.

**Талкуу үчүн суроолор:**

1. Телефондо сүйлөшүү адебин билесиңерби? Билгениңерди айтып көргүлөчү.
2. Сүйлөшүүдө алгач кайсы сөздөн баштоо керек эле?
3. Абыл эмне үчүн уялып кетти? Ал өз катачылыгын эмнеден улам сезди?
4. Силер да Абыл сыяктуу телефондон туура эмес сүйлөп алган учурунар болду беле? Айтып көргүлөчү?

Балдар ой жүгүртүп, өз ойлорун айтып жооп беришет. Мугалим сабакты жыйынтыктап, үйгө тапшырма берет:

1. Аңгемеден Кутмандын атасынын сылык жообун таап окугула.
2. Телефон аркылуу туура, так, маданияттуу жооп бергенге үйрөнгүлө.
3. Китепте берилген табышмакты жаттап, жандырмагын тапкыла жана өзүңөр да табышмактардан таап келгиле.

**Мугалим окуучулар менен бирге алардын сабакка катышуусун, жоопторун талдап, баа коет.**

## 8-үлгү
## Окуучунун билим, билгичтик жана көндүмдөрүн баалоо сабагынын үлгүсү
## Сабактын темасы: Табышмактуу жылан
(жомок)

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** мугалим берген маалыматтан окуучу чыгарманын мазмунун түшүнөт, аны кайра айтып бере алат. Жакшылык менен жамандыкты ажырата билет;

• **өнүктүрүүчүлүк:** өз оюн эркин, далилдүү айта билүүгө машыгат. Сынчыл ой жүгүртө алат. Алган билимин чыгармачылык менен практикада колдоно алат;

• **тарбия берүүчүлүк:** бирин-бири уга билгенге, сыйлоого, жакшылык кылууга, адамгерчиликтүү болууга үйрөнөт.

**Көрсөткүчтөр:** жогоруда коюлган максаттар ишке ашат, эгерде:

• чыгарманын мазмунун түшүнсө;
• чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алса;
• жакшылык менен жамандыкты ажырата алса;
• чыгарманы талдай алса;
• өз оюн далилдүү айта алса;
• текст менен иштөөдө чыгармадан жакшылык жана жамандык кылуу тууралуу таап, көркөм окуп бере алса;

• топто иштеген тапшырманы мазмуну боюнча иреттеп коё алса;

• топтук ишти аткарууда бирин-бири сыйлап, уга билсе;

• чыгарманын мазмунуна жараша жакшылык кылууга, адамгерчиликке үйрөнсө.

**Сабактын тиби: аралаш**

**Колдонулган ыкма:** тыным жасап окуу, топто иштөө, чаташкан логикалык чынжырлар.

**Сабактын жабдылышы**: окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар. Сабактын жүрүшү (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт) Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимдерин текшерет, бышыктайт. Жаңы теманы түшүндүрүүгө өтөт.

Сабакта жаңы өтүлүүчү чыгарманын аталышы «Табышмактуу жылан». Мугалим «Акыл чабуулу» ыкмасын колдонуп, балдарга кайрылат:

- Балдар, жылан тууралуу эмнелерди билесиңер?

**Балдар:**

- Жылан тоолордо, токойлордо жашайт.
- Сууда да жашайт.
- Алар чагып алышы мүмкүн.
- Кинодон көргөм.
- Жылан тууралуу жомок уккам, ж.б.

**Мугалим:**

- Рахмат, балдар, силер жылан тууралуу көп нерселерди билет экенсиңер. Эми бүгүн сабакта жылан менен адамдын мамилеси тууралуу жомокту окуйбуз. Көңүл бөлүп уккула.

(Жомокту улам тыным жасап, талкуу уюштуруу менен улантып окуп отурушат. Текстти көрктүү, каармандардын образына ылайык мугалим же окуучулар кезек менен окушат).

## 1-бөлүк

Бир жолоочу келе жатып, терең сууга кезикти. Сууда көпүрө жок болчу. Ары-бери карап, аргасыз баягы суудан кечип өтө турган болду.

Жолоочунун жүгү оор болчу. Бутунан өтүгүн чечип, жүгүнө кошо таңды да көтөрүп алды. Ошо маалда суу жээгинен жылан чыга калды да, адамча сүйлөдү:

- Эй, кайрымдуу адам. Мага жакшылык кылчы. Суудан өтө албай канча күндөн бери ушул жерде жүрөм. Өзүң менен кошо тиги жээкке өткөрүп койчу. Кылган жакшылыгыңа чоң ыраазы болор элем...

Адам жүгү оор экенин айтып:

- Мен сени кармап алайын десем колум да бош эмес. Кантип өткөрөм? - деди.

**Мугалим балдарды талкууга тартуу максатында суроо менен кайрылат:**

1. Балдар, жылан да адам сыяктуу сүйлөй аларына ишенесиңерби, өз оюңарды айткыла?
2. Адам жыланга жардам берет деп ойлойсуңарбы?
3. Силер адамдын эмне кылышын каалар элеңер?



## 2-бөлүк

- Эч нерсе эмес. Мен сенин бутуңа оролуп алайын...

Адам макул болду. Жылан анын бутуна оролуп алды. Суу чоң болчу. Адам өйүзгө зорго өттү. Өйүзгө чыгып, жыланды карагыча, ал адамдын бутун катуу чагып алды. Оорудан көзүнө от чагыла түшкөн адам жыланга кайрылып:

- Эй, сен анык наадан турбайсыңбы! Менин кылган жакшылыгыма кылган ыраазычылыгың ушулбу? - деди эси ооп баратып.

Анда жылан:

- Мен сени атайы чакканым жок... Сага ыраазычылыгымды гана билдирдим, - деди сойлоп кетип баратып. (С. *Рысбаев)*

**Мугалим кайра суроолорду берүү менен талкууну улантат:**

- Окуянын башталышында адамдан жылан эмнени сурады эле?
- Адамдын жыланга жакшылык кылганы туура болдубу?
- Жылан эмне үчүн адамды чагып алды?
- Ыраазычылыкты жамандык кылуу менен билдирүү туурабы? Өз оюңарды ортого салгыла.

Андан соң мугалим жомоктогу окуяларды төрт бөлүккө бөлүп, төртөөнү төрт баракка жазып коет да, ар бир топко таркатат. Мугалим, албетте, балдардын иштеп жатканына көңүл бөлүп, аларга багыт берип, ошону менен катар убакытты чектеши керек.

**Топтун иш-аракети:**

Ар бир топтун мүчөлөрү өз ара кеңешип, талкуулап, жомоктун төрт бөлүккө ажырап калган окуяларын ирети менен коюп чыгышы керек.

**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун ыраттуу эстеп калганын текшерүү менен бирге, аны эсте тутуп калуусун бекемдейт.

Топтордо өз ара такташып бүткөн соң, класс алдында чогуу талдашып, жомоктун окуясын ыраттуулук менен иретке келтиришет да, аны окуу китептеги текст менен салыштырышат.

**Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде бааланат:**

- эгерде көрсөткүчтөгү шарттардын (8 шарт көрсөтүлгөн) баарына бала жетише алса, анда «5» деген баа коюлат;
- көрсөткүчтөгү шарттардын 5-6 шарты гана аткарылса «4»;
- көрсөткүчтөгү шарттарды жарым-жартылай аткарылса «3»;

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

1. Чыгарманы окуп, түшүнгөнүн айтып берүүгө машыккыла.
2. «Жакшылыкка жакшылык кылуу - парз» деген макалдын маанисин чечмелеп келгиле.
3. Жакшылык кылуу тууралуу өз оюңарды айтып бергиле.

## 9-үлгү

### Сабактын темасы: Ырыс алды - ынтымак

(жомок)

| Сабакта колдонулуучу методдор: | Сабактын максаттары: |
|---|---|
| - талкуу (дискуссия)<br>- түгөйлөшүп иштөө<br>акыл чабуулу | 1. Жомоктун мазмунун менен таанышышат.<br>2. Ынтымак деген сөздүн маанисин талдап, ой бөлүшүшөт, түшүнүктөрүн кеңейтишет.<br>3. Макалдардын маанилерин чечмелеп, аларды кебиндеколдонууга көнүгүшөт.<br>4. Ынтымактуу, бирдиктүү болуу зарылдыгын түшүнүшөт.<br>5. Сынчыл ой жүгүртүп, өз пикирлерин далилдүү айтканга көнүгүшөт, ж.б. |
| **Мугалимдин милдеттери:** | **Окуучулардын милдеттери:** |
| **1. Класста талкуу уюштурат:**<br>- «Ынтымак» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?<br>**2. Жомокту окуучулар менен бирге окуп, анын мазмунун түшүндүрөт.**<br>- жомокту көркөм, шар, уккулуктуу, ролго түшүү менен окууга багыт берет.<br>**3. Жомоктун аягында берилген суроолор менен окуучулардын түшүнүгүн текшерет, бекемдейт, толуктайт.**<br>- Тогуз бала эмне үчүн адегенде таяк жеп калышты?<br>- Балдарга акылман ата эмне деп кеңеш айтты?<br>- Балдар эмнеден улам акылына кирип, жакшы жашап калышты?<br>**4. Жомоктогу окуяны турмуш менен байланыштырууга багыт берет:**<br>- Чыныгы турмушта да ушундай ынтымакка келбеген учурлар болобу?<br>- Биздин класстагы окуучулардын ынтымагы тууралуу эмнени айта аласыңар?<br>-Ынтымактуу болуу зарылдыгы тууралуу оюңарды айтып көргүлөчү? | - Өз алдынча ой жүгүртүп, өз ойлорун айтып берүүгө аракеттенет.<br>- Түгөйлөрү менен ой бөлүшкөнгө, жалпы класс ичинде өз оюн айтып бериши керек.<br>- Мугалимдин жетекчилиги астында, же өз алдынча жомокту окуп чыгышат.<br>- Коюлган талаптарга ылайык аракет кылышат.<br>- Суроолорго ой жүгүртүп, сынчыл көз караште эркин жооп беришет.<br>- Жомоктогу балдарга мүнөздөмө бере алышат.<br>- Өз ойлорун жомоктогу окуялар менен далилдөөгө аракет кылышат.<br>-Жомоктон акылман атанын сөзүн таап, көрктүү окуп беришет.<br>- Акылман атанын балдары атасынын айткан акылына ынанып, өзүлөрү кетирген каталыктарын мойнуна алгандыктарына баа бере алышат.<br>- алгач түгөйлөшүп бири-бири менен ой бөлүшүшөт.<br>- бул жомоктогу окуя чыныгы турмушка абдан жакын экендигин (айрымдары турмуштагы мисалдар менен) айта алышат. |



| | |
|---|---|
| - талкуу (дискуссия)<br>- түгөйлөшүп иштөө<br>акыл чабуулу | -класстын ынтымагы тууралуу өз ойлорун кыскача айтышат.<br>ынтымактуу, бирдиктүү болуунун зарылдыктары тууралуу ойлорун класстагы окуучулар менен бөлүшүшөт. |
| **Текст менен иштөөгө багыт берет:**<br>- Акылман атанын балдары кандай эле?<br>- Ата ынтымаксыз балдарына кандай тапшырма берди? ж.б. | **Суроого жараша жоопту балдар тексттен таап, үн чыгарып окушат:**<br>- Балдары ынтымаксыз эле.<br>- Балдарым, күчүңөрдү сынайын. Бул тогуз табылгыны тобу менен сындыргылачы, ж.б. |
| **Жаңы тема боюнча окуучулардын билимин бышыктайт:**<br>- Акылмандын тогуз уулу жөнүндө эмне айта аласың?<br>- Алардын ордунда болсоң, сен эмне кылат элең?<br>- Ынтымактуу болуу эмне үчүн зарыл деп эсептейсиң? | - Бышыктоо жана ой жүгүртүү үчүн берилген суроолорго жооп беришет.<br>- Түгөйлөрү менен ой бөлүшөт.<br>- Талаш пикирлерди класс ичинде чогуу талкуулашат. |
| **Үйгө тапшырма берет жана анын шартын түшүндүрөт:**<br>- Жомокту окуп чыгуу<br>- «Күч бирдикте», «Ынтымак бар жерде ырыс бар» деген макалдардын маанисин чечмелеп келгиле ж.б. | **Окуучулар үйдөн өз алдынча ма-шыгышат:**<br>- Жомокту өз алдынча окуп чыгышат.<br>- Макалдардын маанисин чечмелеп, өз ойлорун айтып берүүгө аракеттенишет, ж.б. |

## 10-үлгү

### Сабактын темасы: «Алтын балалык» бөлүмү боюнча кайталоо

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** бөлүм боюнча өтүлгөн аңгеме, жомок, ыр, табышмак, макал-лакаптарды эске түшүрүшөт. Алардын негизинде берилген суроолорго ой жүгүртүп жооп беришет, чыгармалардан жаттагандарын көркөм, так, аң-сезимдүү баяндап беришет. Бөлүмдө өткөн чыгармалар боюнча алган билимдерин текшеришет жана бекемдейт.

• **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат. Эс тутумдары бекемделет, ой жүгүртүп, өз оюн эркин, көркөм, так айтууга көнүгөт.

• **тарбия берүүчүлүк:** эстетикалык табити өсөт, жаратылышты сүйүүгө, коргоого, адептүүлүккө, ынтымактуулукка тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** жалпылоо, системалаштыруу жана текшерүү сабагы

**Колдонулган ыкма:** жекече жана топ менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, түстүү сүрөттөр, карточкалар, викториналык суроолор топтому, кроссворд.

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

1. Мугалим классты үч топко бөлүштүрүп, викториналык суроолорду берүү менен бөлүм боюнча кайталоо сабагын өткөрүп, окуучулардын билим, билгичтиктерин текшерет, жалпылайт, бышыктайт.

**Викторинаны өткөрүү шарттары:**

- Суроо берилген соң кайсы топ биринчи жана туура жооп берсе, бирден жылдызча таркатылат.

**Викториналык суроолор:**

1. Чымчыктын уясын бузуп, жумурткаларын сындырган баланын аты ким?
2. Канаттууларга кантип камкордук көрүү керек?
3. Табышмактын жандырмагын тапкыла:

Ай талаада ак сандык,
Оозу, мурду жок сандык **(жумуртка)**

4. Абылга атасы эмне алып берүүгө убада кылды?
5. Абылдын атасы убадасына турдубу? Кантип?
6. Өзүнүкүн аяп, бирөөнүн дарагын сындырган балдардын аттарын атагыла?
7. Кушубак менен Тилек эмне үчүн уялып калышты?
8. Бермет кошунасынын үйүнөн уурдап келген буюм эмне эле?
9. Макалдын улантып айткыла:

«Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп …»

10. «Азыры» бүтпөгөн баланын аты жана чыгарма кандай аталат?
11. «Жут» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
12. «Кут» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
13. «Бакыл» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүңөр?
14. Табышмактын жандырмагын тапкыла:

Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар. **(козу)**

15. Табышмактын жандырмагын тапкыла:

Аласа гана бою бар,
Аңтара кийген тону бар. **(кой)**

**16**. «Көрбөйт такыр таң нурун,
күн чыкканча уктаган» деген саптар кайсы ырга таандык? ж.б.

Викторинанын суроолоруна эң көп жооп берген топ көп жылдызча топтойт да, жеңишке ээ болот.

2. Андан соң мугалим ар бир топко бирден **сүрөт** таркатат. Сүрөттөгү окуя кайсы чыгармага таандык экенин балдар таап, ал окуяны баяндап айтып беришет.

3. Топтор бири-бирине **бирден суроо** даярдашат. Ар бир топ чогулуп талкуулап жооп беришет.

4. Ар бир топко мугалим **кроссворд** тапшырат. Суроолордун катар иретине ылайык аны толтуруп, мугалимге беришет. Андан соң жалпы класс менен чогуу кроссворддун чечмеленишин текширишет.

**Суроолору: Туурасынан:**

1. Уясы бузулганына капа болуп, ыйлаган куштун аты?
2. «Бала менен чымчык» аңгемесиндеги баланын аты ким?
3. Убадасында турбаган Алым ар дайым «...» жооп берчү.



**Тигинен:**

1. «.... алды - ынтымак»
2. Тай сатып алууну абдан каалаган бала?
3. Түнкүсүн ай-ааламды жаркытат?

**(Жооптору:** чымчык, ырыс, Сережа, Абыл, азыр, ай)

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. ч | 1. ы | м | ч | ы | к | | |
| | р | | | | | | |
| | ы | | | | | | |
| | 2. с | е | р | ё | ж | 2. а | |
| | | | | | | б | |
| | | | | 3. а | з | ы | р |
| | | | | й | | л | |

Аягында топтордун сабакка катышуусунун жалпы жыйынтыгы чыгарылат, активдүү катышкан окуучулар белгиленет.

Үйгө тапшырма катары өтүлгөндөрдү кайталап, бүгүнкү сабактагы суроо-тапшырмаларга ылайык билимдерин бышыктоо тапшырылат.

**Окуучулардын билимдери бааланып, бааларга комментарий берилет.**

## 11-үлгү

## Сабактын темасы: «Сыйкырдуу кыш» деген темада дил баян, сүрөт тартуу

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк:** сүрөткө карап өз алдынча байкоо жүргүзүп, көргөндөрүн сүрөттөп, баяндап жазууга машыгат, же өз фантазиясы менен баяндалган учурду, окуяны элестетип сүрөт тартууга көнүгөт. Бөлүмдө өткөн чыгармалар боюнча алган билимдерин бекемдейт;
- **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат. Байкоо жүргүзүп, ой жүгүртүп, өз оюн эркин, көркөм баяндап жазууга көнүгөт;
- **тарбия берүүчүлүк:** эстетикалык табити өсөт, жаратылышты сүйүүгө, анын кооздугуна суктанып, аяр мамиле жасоого, коргоого тарбияланат.

**Сабактын тиби:** жалпылоо жана системалаштыруу сабагы.

**Колдонулган ыкма:** жекече жана топ менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, сүрөттөр, түстүү боектор.

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимдерин текшерет, бышыктайт.

Андан соң мугалим «Мына, жаады аппак кар» бөлүмүндө өтүлгөн материалдарды жыйынтыктоо менен чыгармачылык иш аткарууга багыт берет. Окуу китепте берилген сүрөткө ылайык дил баян жазууга багыт берүүчү суроолорду

берүү менен аларга жооп жазып, окуучулардын чакан чыгарма жазуусун уюштурат. Дил баян жазууда балдар бөлүмдө өткөн чыгармалардан («Жаады кар», «Кышта» ж.б.) цитата колдонуп жазышына үлгү көрсөтөт.

Дил баян жазууга багыт берүүчү суроолор:

1. Сүрөттө кайсы мезгил тартылыптыр?
2. Башка жыл мезгилдеринен кыш эмнеси менен айырмаланат?
3. Айлананын кооздугу кандай сүрөттөлүптүр?
4. Балдар кандай кийимдерин кийип алышыптыр? Эмне үчүн?
5. Балдар кыш мезгилинде эмне менен алек болуп жүрүшөт?
6. Сага кыш эмнеси менен жагат?
7. Эмне үчүн бул мезгилди «Сыйкырдуу кыш» деп атап жатат? Сен кандай ойлойсуң?

**Берилген суроолорго ылайык окуучулар төмөндөгүдөй жоопторду берүү менен чакан дил баян жазуусу мүмкүн. Алардын түгөйлөр арасында, класс ичинде алгач жоопторду чогуу табуусуна шарт түзүп, андан соң өз алдынча иштөөсү, же коллективдүү жазуу иши уюштурулат.**

**Сыйкырдуу кыш**

Кыш мезгили келди. Кышында күн суук болуп, кар жаай баштайт. Айлана аппак тон киет. Бак-дарактардын, үйлөрдүн чатырларын кар баскан. Аппак кар күнгө чагылышып, алтын сыяктуу жарк-журк этет.

Күн суук болгондугуна байланыштуу балдар жылуу кийимдерин кийишкен. Баш кийим, моюндарында моюн орогуч, калың тон, өтүк кийип алышкан балдар суукта үшүбөй жүрүшөт. Жылуу кийинип жүрсө суук да тийбейт, оорупда калышпайт.

Балдар чогулуп кар киши жасашат жана жылгаяк тебишет. Оюндун кызыгынан улам үшүгөндү да унутушат.

Мага кыш мезгили жагат. Себеби, кышында аба таза болот, досторум менен чана тээп, кар чабышып ойнойбуз.

Бул мезгилди сыйкырдуу кыш атоого болот. Анткени, аяз терезеге кадимки сүрөтчүлөр сыяктуу кооз сүрөттөрдү тартып кетет. Ал эми күндүзү аппак кар күнгө чагылышып, көздү уялтат. Кечинде сыртка чыксаң асманда ай жаркырап, жерге нурун төгөт.

*Дагы ушул сыяктуу жоопторду чогуу табуу менен жазуу ишин улантып, аяктаган соң чогуу окуп, дагы толукташса болот. Же болбосо, сүрөт тартууга жөндөмдүү балдар айтылган окуяларды элестетип сүрөт тартышып, ал боюнча сүйлөп беришин уюштурса болот. Ошону менен катар айрым окуучулар бөлүмдө жаттаган ырларын, табышмак, макалдарды айтып бериши мүмкүн.*

*Бул саатта мүмкүн болушунча балдардын өз алдынча чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүү, мүмкүнчүлүк берүү керек.*

*Өз алдынча дил баян жаза алган окуучунун (Албетте, ар бир окуучу ойдогудай эле жаза албайт. Ошентсе да алардын ичинен айрым чыгармачыл, таланттуу окуучулары чыгары шексиз!) ишин класс алдында окутуп, окуучулардын пикирин айттырууга багыт берсе да болот.*

*Түгөйлөр менен же жамааттык топто иштөөдө балдар «психологиялык тоскоолдуктан», жалгыздыктан кутулушат, топ ичинде жөлөк-таяк табышат да, сабакка эркин катышууга мүмкүнчүлүк алышат. Ал эми мугалимдин «ар бириң берилген суроолорго жооп жазгыла!» деп команда берип коюп, окуучулардан тапшырманы аткарууну талап кылып отуруп алышынан эч кандай натыйжа чыкпасын эске алуу керек.*



**Үйгө тапшырма катары** кыш мезгилине байланыштуу ар түрдүү сүрөттөрдү, ыр, табышмак, же макалдарды таап келүүнү тапшырса болот.

Окуучулардын сабакта чыгармачылык менен иштегендерин, активдүүлүктөрүн эске алуу менен окуучулардын билимдери бааланат.

## 12-үлгү
## Сабактын темасы: «Сөз үйрөнүп алалы» бөлүмү боюнча кайталоо

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** бөлүм боюнча өтүлгөн чыгармаларды эске түшүрүшөт. Эне тилде сейрек колдонулган эскирген, жаңы сөздөрдү эстерине түйүшүп, маанилерин түшүнүп алышат. Берилген суроолорго ой жүгүртүп жооп беришет, чыгармалардан жаттагандарын көркөм, так айтып беришет. Бөлүмдө өткөн чыгармалар боюнча алган билимдерин текшерип, бекемдешет;

• **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат; эс тутумдары бекемделет, ой жүгүртүп, өз оюн көркөм, так айтууга көнүгөт, сөз байлыктары өсөт;

• **тарбия берүүчүлүк:** эне тилдин улуулугун баалашып, жаратылышты сүйүүгө, коргоого, бири-бири менен ынтымактуу болууга, адептүүлүккө тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** жалпылоо жана текшерүү сабагы

**Колдонулган ыкма:** жекече жана топ менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, түстүү сүрөттөр, карточкалар, викториналык суроолор топтому, ребустар.

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

**Мугалим окуучуларды 3 түстөгү карточкалар аркылуу кичи топко бөлүштүрөт жана тапшырмаларды берүү менен мелдеш уюштурат.**

3 топко үч түрдүү табышмак жазылган карточканы таркатат. Окуучулар чогулушуп ой жүгүртүп, талкуулашып, жандырмактарын табышат.

**1-КАРТОЧКА**

**«Бул»,**
**«Тар»,**
**«Үп»,**
**«Үл»** дегенди
Эки иреттен кайтала.
Төрт жандыктын аттарын
Тааныштырат ал сага.
(**Жообу:** булбул, тартар, үпүп, үлүл)

**2-КАРТОЧКА**

Бирин - «мыш» деп,

Бирин - «чек» деп,
Бирин - «түт» деп,
Бирин - «өш» деп,
Апам күндө кубалайт.
Бул кайсы жандыктар,
Билсең кана, бачым айт.
**(Жообу:** мышык, эчки, token, уй)

**3-КАРТОЧКА**
«Төртөө» деген жазуунун
Тапсаң сыры ачылар.
Кичинекей бул сөздө
Үч нерсенин аты бар.
**(Жообу**: төрт, өрт, төө)

Табышмактардын жоопторун кичи топтордо тапкандан кийин ар бир топ класс алдында үн чыгарып окуп, жандырмактарын айтышат. Туура эмес жооп айтылып калса, башка топтор табууга жардам беришет.

Андан соң ар бир топ тапшырма жазылган баракчалардан тандап алышат да, суроолорго жоопту жогорудагыдай формада табышат.

**Тапшырма: Сөздөрдүн окшош маанилерин тапкыла**

**1-топко:**
Жоош – М...н,
Жакшы – С..н.
Кесел – О...у,
Өжөр – Д...у.
Чебер – У...а,
Накыл – Н...а.
(Жооптору: момун, сонун, оору, долу, уста, нуска)

**2-топко:**
Аштык – Э...н,
Жалган – Т...н.
Жашык – Ы...к,
Сый – У...т.
Шам – Ч...к,
Алыс – Ы.-.к.
(Жооптору: эгин, төгүн, ыйлаак, урмат, чырак, ыраак)

**3-топко:**
Жаан – Ж...р,
Кыраан – А...р,
Калпычы – Ж.. .ы,
Көмөкчү – Ж...ы.
Ардактуу – У...уу,
Келбеттүү – С.. .уу.
(Жооптору: жамгыр, алгыр, жалганчы, жардамчы, урматтуу, сымбаттуу)

Андан кийин кийинки тапшырма жазылган баракчалардан тандап алышат да, суроолорго жоопту жогорудагыдай формада табышат.

**Тапшырма: Мааниси карама-каршы сөздөр**
**1-топко:**
Уста – Чор...,
Арык – С...з,



Эр жүрөк – Кор....
Жалкы – Э...з.

(Жооптору: чоркок, коркок, семиз, эгиз)

**2-топко:**
Ачуу – Тат...,
Кайгы – Шат....
Алыс – Ж.-.н,
Жай – Б,..м.

(Жооптору: таттуу, шаттуу, жакын, бачым)

**3-топко:**
Түптүз – Ий...,
Тоголок – Сүй....
Кең – Т..р,
Жок – Б..р.

(Жооптору: ийри, сүйрү, тар, бар)

Мугалим үч топтун үч тапшырма боюнча жоопторун угуп, таймаштын жыйынтыгын чыгарат.

Викториналык суроолорду берип, жеке таймаш уюштурат. Эң биринчи жана туура жооп берген окуучу жеңишке жетишет:

1. Носорогдун кыргызча аталышы?
2. Жирафтын кыргызча аталышы?
3. Кенгурунун кыргызча аталышы?
4. Бактан бакка секирип жүргөн эң шамдагай жаныбар?
5. Бөрү деген сөздүн окшош мааниси?
6. Жыл башы болгон жандык?
7. Уйдун сүтүнөн эмнелер жасалат?
8. Жылкынын сүтүнөн эмне жасалат?
9. Кымыз ачыткан идиштин аты кандай аталат?
10. Кымыз куйган идиштин аты кандай аталат?
11. Куш таптаган адамды кандай атайбыз?
12. Күлүк таптаган адамды кандай атайбыз?

**(Жооптору:** керик, акыра, бөрсө, маймыл, карышкыр, чычкан, быштак, каймак, айран, курут, кымыз, сабаа, көөкөр, мүнүшкөр, саяпкер)

Мындан тышкары, мугалим ребустарды колдонуу менен окуучулардын алган билимдерин текшерип, бышыктаса болот.

**Мисалы:**
1. Бала үчүн мээримин чексиз төккөн улуу адам ким?
2. Жаңы төрөлгөн ымыркайды ким деп атайбыз?
3. Үйдү көркүнө чыгарган буюмдар кандай аталат?
4. «Жакшы ... - жарым ырыс» кайсы сөздү койсок туура болот?
5. Элпек деген сөздүн экинчи мааниси кандай айтылат?
6. Көптүк санды билдирүүчү мүчө кайсы?

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | э | н | е | | | | | | |
| | | н | а | р | и | с | т | е | | |
| э | м | е | р | е | к | | | | | |
| | | т | и | л | е | к | | | | |
| | | и | л | б | е | р | и | н | к | и |
| | | л | а | р | | | | | | |

Ребустарды чечмелеген соң ар бир сөздүн баш тамгасынан **ЭНЕ ТИЛ** деген сөз келип чыгарын балдар менен бирге аныктап, мугалим балдарды эне тилин сүйүүгө, эне тилибиздеги сөздөрдү туура, так айтып, маанисин түшүнүп алуу зарыл экендигин окуучуларга эскертип өтөт.

**Үйгө тапшырма катары:**

1. жаңы сөздөрдү сөздүктөрүнө жазып алуу, алардын маанилерин түшүнүп жаттап алуу;

2. өтүлгөн ырларды, аңгеме.-жомокторду кайталап окуу келүү берилет.

**Окуучулардын сабакка катышуусуна анализ берилип, билимдери бааланат.**

## 13-үлгү
## Сабактын темасы: Баарынан ким күчтүү?

**Сабактын максаттары:**

- **билим берүүчүлүк:** чыгарманын мазмуну менен таанышып, адам акылы менен күчтүү экендиги тууралуу ой бөлүшөт;
- **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүгө, өз ойлорун эркин айтууга үйрөнүшөт;
- **тарбия берүүчүлүк:** табиятты сүйүүгө, коргоого, адам акылы менен баарынан күчтүү экендигин түшүнүп, эмгекчилдикке үйрөнүшөт.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, таблицалар ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим балдарды сабакка болгон мамилесин уюштура билип, кызыгуусун арттыруу менен жагымдуу жагдай түзүү.

Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын алган билимин текшерет, бышыктайт. «Айбанаттардын талашы» деген чыгарманын мазмунун эске түшүрүп, бул боюнча өз ойлорун ортого салышат.

Балдар, биз сабакка киришүүдөн мурда «Тапкан тапалак» оюнун ойнойлу. Балдар суроолорго жооп беришет. Жооптору доскага жазылат.

Чай кайнаткан идиш эмне деп аталат? **(чайнек)**

Кайсы куштун күндүзү көзү көрбөйт? **(үкү)**

Экиден кийин кайсы сан келет? **(үч)**



Убакытты кайсы буюм билдирет? **(саат)**

Жүрүш-турушу тартиптүү, жакшы окуган окуучуну кандай деп атасак болот? **(үлгүлүү)**

**Аякы тамгаларынан сөз курашат. «Күчтүү»** деген сөз келип чыгат. Демек, бүгүнкү биздин сабагыбыз эмне жөнүндө болмокчу экен?

**Балдар:**

- Күчтүү.

Мугалим: Демек, биз бүгүн «Баарынан ким күчтүү» деген аталыштагы чыгарманы өтөбүз.

Мугалим текстти бир нече бөлүккө бөлүп, тыным жасоо менен окуп берип, ар бир тынымдан соң, суроо берүү менен окуучулардын оюн топтотуп, ой жүгүрттүрүп отурат.

**1-бөлүк**

Кыштын күнү короз кыргоол жээктеги бадалдан койкоюп чыгып, суу ичиш үчүн асты жактагы көлмөгө кирди. Ошондо узун куйругу музга чып чабышып, биротоло чыкпай калган экен.

- Ой-эй, көк муз! Дүйнөдө сенден күчтүү эч нерсе жок бейм... Заматтын ортосунда куйругумду бекем кармапсың, - деди кыргоол.

- Жоок, кыргоол - деди көк муз, - менден жазгы жамгыр күчтүү. Ал келип жааганда мен бат эле эрип кетем.

Жамгыр болсо минтип айтты:

- Мен кайдан күчтүү болоюн! Менден жер күчтүү: канчалык шатырата жаасам да бүт бойдон соруп алат,-деди.

Анда жер сүйлөдү:

- Менден токой күчтүү. Ал менин үстүмдү каптап, жалбырактуу бутактары туш-тушка жайылып, мендеги күчтү бүт тартып кетет.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Кыргоол музду баарынан күчтүү дегенинин себеби эмнеде деп ойлойсуңар?

2. Жерден эмне күчтүү болду экен?

**2-бөлүк**

- Жок, менде күч жок,-деди токой.

- Баарынан өрт күчтүү. Ал каптаса, менин соройгон гана сөңгөгүм калат.

Муну угуп өрт сүйлөдү.

- Менден шамал күчтүү. Андан аябай корком. Шамал катуу сокконда чаңым асманга чыгап, кайда качарымды билбей калам.

- Ырас эле менде күч көп,-деди шамал. - Жыгачты түбү менен жулам, үйдү кулатам, отту чачам... Бирок ошондой болсо да жерге жаңы чыккан көк чөпкө эч алым жетпеди. Канчалык каарданып соксом да, ал былк этип койбойт. Ошондуктан көк чөп күчтүү.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Шамал өрттөн эмнеси менен күчтүү деп ойлойсуңар?

2. Эмне үчүн шамал жыгачты түбү менен жулуп, үйлөрдү кулатып, жаңы чыккан чөпкө алы жетпеди экен? Мунун себеби эмнеде болду экен?

**3-бөлүк**

Анда көк чөп айтты:

- Менде эч кандай күч жок. Калың кой каптаганда мени чымчылап жеп, экинчиден, туягы менен тепсеп, таза айламды кетирет. Баарыдан да кой күчтүү!

Анда кой байкуш минтип маарады:

- Менде күч кайдан болсун! Көк карышкыр жолукса куйругумду бир апчып сугунуп, кекиртигимди чарт жулуп, анан баса калып жей баштабайбы! Дүйнөдө карышкырдан өтөр эч балбан жок.

- Силер эч нерсени билбейт экенсиңер! - деп улуду көк карышкыр. - Баарынан киши күчтүү! Ал кыргоолду да кармайт, музду да бузат, жааңды болсо эч тоотпойт, жерди тыткылап айдайт, токойду түбүнөн кыркат, өрттү өчүрөт, шамалды өз пайдасына жумшайт, чөптү чаап алат, койду союп жейт, мендей карышкыр эмес, илбирс, жолборстун баарын жок кылат. Мына ошентип, дүйнөдө бардыгынан киши күчтүү.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Карышкырдын баарынан киши күчтүү дегенинин себеби эмнеде деп ойлойсуңар?
2. Адамдын күчтүү болушу кара күчүндөбү же анын акылындабы?
3. «Чычканга мышык арстан», «Асыл - таштан, акыл - баштан» деген макалды силер кандай түшүнөсүңөр?

**Макалдардын маанисин чечмелөө менен жаңы сабакта алган билимдерин бекемдешет, аларды өз кебинде колдонуп сүйлөөгө көнүгүшөт.**

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет.**

1. «Баарынан ким күчтүү» деген чыгарманы үйдөн шар, көркөм окууга, мазмунун айтып берүүгө машыгуу.
2. Карышкырдын сөзүн таап окуп, аларга карата макал-лакаптарды, табышмактарды таап келүү.

**Окуучулардын билимин баалап, бааларга комментарий берилет.**

## 14-үлгү
## Сабактын темасы: Эмне үчүн? Туурабы? Өзүң тап?

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** чыгарманын мазмуну менен таанышышат. Эмгектенүү менен сөздү жаңылбай угуп, даана көрүп, аз сүйлөп, кеп тыңдоо керектиги тууралуу баалуу ойлорго ээ болушат, өз көз караштарын билдиришет;

• **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат. Сынчыл ой жүгүртүп, эркин айта билүүгө машыгышат;

• **тарбия берүүчүлүк:** эмгекчилдикке, тактыкка, бирин-бири уга билгенге, сөз кадырын баалап, аларды турмушта орундуу колдонууга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** аралаш

**Колдонулган ыкма:** түгөйлөшүп жана топто иштөө

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, жаңылмачтар топтому, карточкалар.



**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын билимдерин текшерет, бышыктайт. («Баарынан ким күчтүү» деген чыгарманын мазмунун эске түшүрүп, өтүлгөн тема боюнча балдардын канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн суроо-жооп аркылуу байкоо жүргүзөт)

**Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат:**

- Балдар, колдорубуз, буттарыбыз, көздөрүбүз, кулактарыбыз, оозубуз, башыбыздын ар биринин кызматы бар эмеспи. Кана, айтып көргүлөчү алар кандай кызматтарды аткарат экен?

**Балдар:**

- Колдорубуз менен жазабыз, тамактанабыз, жумуш кылабыз.
- Буттарыбыз менен басабыз.
- Көзүбүз менен ар нерсени көрөбүз.
- Кулагыбыз менен угабыз.
- Оозубуз менен сүйлөп, тамак жейбиз.
- Башыбыз менен ойлонобуз.

**Мугалим:**

- Балдар, силер өз оюңарды абдан жакшы айтып бердиңер. Эми Сулайман Рысбаев агайыңардын «Эмне үчүн?» деген чыгармасын чогуу окуйлу да, жогорудагы суроолорго жоопторубузду толуктап алалы.

Мугалим чыгарманы 2 бөлүккө бөлүп алып, тыным жасоо менен окуп берип, ар бир тынымдан кийин суроо берүү менен окуучулардын оюн топтотуп, ой жүгүртүүгө жетелеп отурат.

**1-бөлүк**

- Эмне үчүн адамда эки колу, эки буту бар?
- Көбүрөөк эмгектенсин үчүн.
- Эмне үчүн адамда эки кулак, эки көзү бар?
- Жаңылбай угуп, даана көрсүн үчүн.

**Мугалим окуучуларга суроолор менен кайрылат:**

1. Эмгекчил адам кандай ийгиликтерге жетише алат деп ойлойсуңар?
2. Сөздү жаңылбай угуп, даана көрүүнүн пайдасы эмнеде?

**2-бөлүк**

- Эмне үчүн бир гана оозу бар?
- Азыраак жеп, азыраак сүйлөсүн үчүн.
- Эмне үчүн бир гана башы бар адамдын?
- Башкага ишенбей, өз башы менен ойлонсун үчүн?

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Аз сүйлөп, көп тыңдоо керек дегенге кандай көз караштасыңар? Анын маанисин чечмелеп көрөлүчү.
2. «Адам өз акылы менен иш кылуусу керек» дейт. Буга кандай түшүндүңөр?

3. Башка бирөөнүн акылын угуунун кереги барбы? Эмне үчүн?

Бул сабакта «Эмне үчүн?» деген текст менен бирге **«Туурабы?» «Өзүң тап»** деген ырларды өтүү сунушталган. Ошондуктан, сабакта аталган чыгармаларды окууга, анын маанисин талдоого жана сөздүк менен иштөөгө да убакыт бөлүнүшү зарыл. Ырдын астында берилген суроолордун тегерегинде мугалим балдар менен аңгемелешүү уюштурат.

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

4. «Туурабы?» аттуу ыр-оюнду жаттап, бири-бириңер менен айтыш катары аткарып жүргүлө.

5. «Өзүң тап» - табышмак-ырдын жандырмагын таап, ага ылайык сүрөт тартып келүүнү тапшырса болот.

**Окуучулардын билими бааланып, тапшырма берилет.**

## 15-үлгү
## Сабактын темасы: Бала менен акылман

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** чыгарманы окуп, талдоо менен ар бир окуучу өз астына кандай милдеттерди коюу керектиги тууралуу көз караштарын билдиришип, ой бөлүшөт;

• **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча сынчыл ой жүгүртүү, кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат;

• **тарбия берүүчүлүк:** адептүүлүктүн бардык талабын эстүүлүк менен аткара билип, элге кызмат кылууга, сөз кадырын баалап, аларды турмушта колдонууга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы.

**Сабактын формасы:**

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, таблицалар, Исхак Раззаковдун сүрөтү ж.б.

**Сабактын жүрүшү:** Мугалим балдарды сабакка болгон мамилесин уюштура билип, кызыгуусун арттыруу менен жагымдуу жагдай түзүү.

Өтүлгөн тема боюнча балдардын канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн мугалим суроо-жооп менен текшерет жана байкоо жүргүзөт.

**Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат:**

**«Акыл байлыгы - азбас байлык» деген макалды силер кандай түшүнөсүңөр?**

**Балдар өз ойлорун айтышат.**

1) Акылдуу бала жакшы окуйт.
2) Тартиптүү болот.
3) Достору көп болот.
4) Улууларды сыйлайт ж.б. Окуучулардын жооптору доскага жазылат.

Мугалим текстти бир нече бөлүктөргө бөлүп, тыным жасоо менен окуп **берип, улам бир тынымдан соң суроо берүү менен окуучулардын ой жүгүртүүсүнө багыт берип отурат.**



**1-бөлүк**

Эрте жазда айылдын чети менен бир топ атчандар жай бастырып келе жатышты. Амир ажы жанындагы урматтуу адамдар менен өткөн-кеткенди сүйлөшүп, тегерекке көз чаптырып баратып, Ак-Эшменин ак куму жерге төшөлгөн кең жайыкта ойноп жаткан топ балдарга, кумга түшүргөн шаардын картасына көзү түштү. Аң-таң калган ажы аттын башын тартып, балдарга карай бастырды. Анын артынан калгандары да жете келишти.

- Ассалоому алейкум, жигиттер. Бу силер эмне кылып жатасыңар? - деп сурап калды кызыга ажы.

Балдар четтей калышып, чочуркай унчукпай туруп калышты. Ортодогу жымжырттыкты Исхак бузду:

-Алейкум ассалом, Ажы аба. Биз шаар куруп жатабыз. Мына бул - коргону, мына бул - дарбазасы, мына булар - көчөлөрү, а булар - үйлөр, тигил болсо - дүкөн. Бул болсо дарыясы, - деп жерде жаткан куурайды колуна ала коюп, баарын түгөл көрсөтүп түшүндүрүп бере койду.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Ажы ата эмнеге таң калды? Балдарга анын келишинин себеби эмнеде деп ойлойсуңар?

2. Исхак өзүнүн куруп жаткан шаары жөнүндө эмнелерди айтып берди? Андан соң кийинки бөлүгү тааныштырылат.

**2-бөлүк**

Исхактын көңүлүндөгү шерденүү, сыймыктануу өңүнөн да, сүйлөгөнүнөн да даана байкалып турду.

Амир ажы болсо тогологунан келген, кара тору, бажырайган көзүнөн от жанып турган бул баланы таң калычтуу тигиле карады. Анын тартынбастан батыл сүйлөгөнүнө, жылдызы жанган жүзүнө назары түштү.

Амир-ажы бир канча убакка дейре унчукпай туруп, Исхакты мээрим төгө карады да, алдыга бастырып кетти. Анын артынан калгандары жөнөп кетишти.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1) Исхактын сыймыктануу менен сүйлөшүнүн себеби эмнеде деп ойлойсуңар?

2) Жаш баланын акылдуу иш-аракети Ажыга кандай таасир калтырды?

**Андан соң кийинки бөлүгү менен тааныштырылат.**

**3-бөлүк**

Амир ажыны жети жашар баланын айткан сөзү, түзгөн картасы таң калтыра берди. Атчандар Ак-Эшме коктусунун кырына чыккан кезде Амир ажы аттын башын тартып токтотуп, жанындагы чогуу жүргөн урматтуу кишилерине мындай деди:

- Жанагы батыл сүйлөгөн кара тору бала да бир адам болуп чыгат. Бирок биз аны көрбөй калабыз го...

Эки жолу Меккеге, Каабага барып келген Амир ажыны таң калтырган кичинекей Исхак эч нерседен бейкапар достору менен кайрадан өз ишине киришип, «шаар курууну» астейдил улантып жатты...

Бул бала чын эле чоңойгондо элге кызмат кылган, эл үчүн күйгөн адам болуп чыкты. Ал - улуу инсан Исхак Раззаков болчу.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат.**

1) Исхак жөнүндө Амир ажынын «адам болот» деген сөзүн силер кандай түшүнөсүңөр?

2)Баланын улуу адам болушунун себеби эмнеде деп ойлойсуңар?

3) «Элге кызмат кылган» дегенди силер кандай түшүндүңөр?

4) Силер элиңерге кандай кызмат кылсам деген оюңар бар? Ой бөлүшкүлө.

5) «Жакшы тилек - жарым ырыс» деген макалды силер кандай түшүнөсүңөр? Өз оюңарды айтып көргүлөчү.

Берилген суроолорго ылайык талкуу уюштурган соң макалдардын маанисин чечмелөө менен жаңы сабакта алган билимдерин бекемдешет.

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

1. «Бала менен акылман» деген чыгарманы үйдөн шар, көркөм окууга, мазмунун айтып берүүгө машыгуу.
2. Өткөн теманын мазмунуна ылайык макалдарды таап келүү.

**Сабактын аягында окуучулардын билимин баалап, бааларга комментарий берилет.**

## 16-үлгү
## Сабактын темасы: Байчечекей

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** аңгемени үн чыгарып көрктүү, так, шар, аң-сезимдүү окуй алышат, түшүнгөндөрүн баяндап айтып беришет; жаңы сөздөрдүн маанисин текст ичиндеги сүйлөмдөргө ылайык чечмелөөсүн түшүнүп, жаттап алышат; берилген суроолорго ой жүгүртүп жооп беришет;

• **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү артат; эс тутумдары бекемделет, ой жүгүртүп, өз оюн көрком, так айтууга көнүгөт; сөз байлыктары өсөт.

• **тарбия берүүчүлүк:** жаратылыш жана адамдын биримдигин билүү менен аны сүйүүгө, коргоого; бири-бири менен ынтымактуу болууга, боорукерликке тарбияланышат;

**Сабактын тиби:** аралаш

**Колдонулган ыкма:** башкарып окутуу

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, түстүү сүрөттөр, карточкалар, гербарий ж.б.

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт) Үй тапшырмасын суроолор менен текшерип, бышыктайт.

**Жаңы тема менен мугалим тааныштырат.** Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:

- Эрте жазда эң биринчи болуп кайсы гүл жарык дүйнөгө келерин билесиңерби?

**Балдар:**

- Байчечекей.



**Мугалим:**

- Туура айтасыңар, балдар. Силер жаз жарчысы байчечекей гүлү эмнеликтен минтип аталып калганын билесиңерби?

- Анда эмесе, бүгүн биз силер менен байчечекей тууралуу жомокту окуйбуз. Көңүл коюп уккула.

Мугалим чыгарманы бир нече бөлүктөргө бөлүп алып, аны көркөм окуп берет, же балдар бири экинчисин улай окушат. Улам суроолорду берип окуучулардын чыгарманы талдап, түшүнүүсүнө шарт түзөт.

Чыгарма окулганга чейин, же окуп баратканда мугалим балдар үчүн түшүнүксүз болгон сөздөрдү доскага жазып, алардын маанисин түшүндүрүп отурат.

(Жаңы сөздөр кездешкен чыгармаларды өтүүдө мугалим сөздүк жумуштарын жүргүзүүнү унутта калтырбашы керек. Окуучулар өзүлөрү чечмелей алган сөздөрдү өздөрүнө, ал эми айрымдары мугалим өзү жардамдашып чечмелеп бериши зарыл. Сөздүк дептерлерди түздүрүп, өздөштүрүлгөн сөздөрдү жаздырып туруу балдардын үйдөн да кайталоосуна, эсте сактап калуусуна жакшы мүмкүнчүлүк түзөт. Антпесе, жаңы сөздөр сабактан сыртка чыкканда эле унутулуп калып, балдардын сөздүк запасынан чыгып калат.

Мисалы, өтүлүп жаткан «Байчечекей» деген жомокто бир нече жаңы сөздөр кездешет. Атап айтканда: төрт түлүгү шай, улгайганга дейре, жалгыз чечекей, кушубак кылат, табити, табыптарды, думана, дартына, дабаа.)

### 1-бөлүк

Илгери өткөн заманда төрт түлүгү шай бир бай болуптур. Бай улгайганга дейре бала көрбөй кайгырып жүргөн мезгилде кебезден ак, айдан сулуу, гүлдөн назик, жалгыз чечекей кыздуу болот.

Мезгил өтөт, кызы чулдурап сүйлөп, там-туң басып, атасынын кайгыдан карып болгон жүрөгүн жашартып, жашына жаш кошуп, көңүлүн кушубак кылат.

Күндөрдүн биринде кыз талаадан ойноп келип эле «башым» деп ооруп калат. Табити эч нерсе тартпай, жеген тамагы аш болбой, төшөккө жатып калат. Тегеректеги табыптарды алдырат. Бирок бири да кыздын оорусунун себебин билбей баштары катат.

Амалы түгөнгөн бай:

- Карыганда тапкан жалгыз чечекей баламан айрылат турбаймынбы, кудай! - деп ботодой боздойт.

**Мугалим суроо менен кайрылат:**

1. Эми эмне болот деп ойлойсуңар?
2. Бирөө жардам бере алар бекен? Кайра улантып окуйлу.

### 2-бөлүк

Күндөр өтө берет, кыздын оорусу күчөй берет. Ошол мезгилде кайдан-жайдан келгени белгисиз бир думана пайда болот. Ал акырын басып келип, кыздын тамырын кармап:

- Бактыңыз бар экен, байым. Кызыңыздын үч күндүк гана өмүрү калган экен. Улуу тоонун башында калың карга карабай желегин жайган, сыздаган суукка туруштук берип өскөн, жаздын, жашоонун жышаанын берген бир

кичинекей гана сары гүл бар. Колуңуздан келсе ошону тез алдырыңыз. Кызыңыздын дартына бир болсо ошол гүл дабаа болот, - дейт.

Сүйүнгөн ата жигиттерин тезден ошол тоого жиберет.

**Суроолор:**

1. Байдын жигиттери гүлдү таба алышар бекен?
2. Ал кандай гүл болду экен?

**3-бөлүк**

Жигиттер баягы кереметтүү сары гүлдү үчүнчү күн дегенде алып келип калышат. Табып аны кызга жыттатып, кайнатып берип, кыздын дартын тапка салып, кырк күн жанынан жылбай карайт. Кырк биринчи күн дегенде кыз төшөктөн туруп, сыртка өз алдынча чыгып калат.

Күндөр өтүп, байдын кызынын демине дем, күчүнө күч кошулуп тыңып калат. Оюнкараак кызынын баштагыдай так секирип ойноп, күлкүсү шаңдуу чыгып калганын көргөн байдын көңүлү тынат. Бай касиеттүү думананы ыраазы кылып узатат.

Ошондон кийин эл байдын жалгыз чечекейин өлүмдөн алып калган кереметтүү кичинекей сары гүлдү «байчечекей» деп атап калышыптыр.

**Мугалим балдарга кайрылат:**

1. Силердин айткан ойлоруңар жомоктогу окуяга туура келдиби?
2. Байдын жалгыз кызынын оорусуна дабакер табылдыбы?
3. Белгисиз думана кайсы гүлдү оорунун дабасы деп айтты?
4. Дарылык касиети бар кичинекей сары гүл эмне себептен «байчечекей» аталып калыптыр?

Суроо-жооптор аркылуу балдардын жаңы теманы канчалык кабыл алгандыгы текшерилет, түшүнүктөрү бекемделет жана чыгарманын аягында берилген накыл сөздүн («Жараткан дартка дабаа, мээнетке шыпаа берсин») маанисин чечмелешет жана жаттап алышат.

**Үйгө тапшырма катары:**

1. Жомокту өз алдынча шар, көркөм, түшүнүп окуп келүү жана түшүнгөнүн айтып берүү;
2. Байчечекей гүлүн тартып келүү (балдардын мүмкүнчүлүгүнө жараша);
3. Жаңы сөздөрдү жаттап келүү тапшырылат.

**Окуучулардын билимдери бааланып, бааларга комментарий берилет.**

## 17-үлгү
## Сабактын темасы: Адептүүлүк деген эмне?

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк**: адеп, ыйман, адептүүлүк жөнүндө кеңири түшүнүк алышат, ыймандуу, адептүү жүрүм-турумдун зарылдыгы эмнеде? деген суроолордун тегерегинде ой бөлүшүшөт.



• **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүгө, адептүүлүктүн башкы сапаттарына көнүгүшөт.

• **тарбия берүүчүлүк:** адептүүлүк сапаттарга, ыймандуу, намыстуу болууга, үлгүлүү жүрүм-турумга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** аралаш

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, таблицалар

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Үй тапшырманы суроо.**

- «Апалардын майрамы» деген чыгарманы көркөм жатка айтып беришет.

- Андан соң апа жөнүндө жаттап келген ырларын, макалдарын айтып беришсе болот.

- Ким апасына кандайча жардамдарды берери тууралуу кыскача аңгемелешет.

Мугалими окуучуларды жаңы тема менен тааныштырууга өтөт. Алгач балдарга адептүү, ыймандуу балдар кандай болору жөнүндө ой бөлүшүү максатында талкуу уюштурат.

**Адептүүлүк деген эмне? деген суроо берүү аркылуу кластер түзсө болот.**

1. Адептүү бала калп айтпайт, чынчыл болот.
2. Үйдө ата-энесине жардам берет, эмгекчил болот.
3. Улууларды сыйлайт, кичүүлөргө жардам берет.
4. Таза, тыкан жүрөт.
5. Сабакты жакшы окуп, жолдоштору менен урушпайт.

Балдардын айткан пикирлери кыскача доскага жазылат. Мунун өзү пикирлерди салыштырып, жалпылап тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

*Анда эмесе, балдар, «Апам иштен келгенче» деген чыгарманы окуп көрөлүчү:*

Сабак бүткөн соң, классташтар үйгө карай кетип бара жатышты. Алар өз ара жарышып, апалары иштен келгенде эмне иш кылаарын айтканга биринен-бири озунуп жатышты. Биринчи болуп Рахат сөз сүйлөдү.

- Мен апам жумуштан келгенче үй жыйнап, чыныларды жууп коём. Бермет да жасаган ишин айтканга шашты.

-Ал мен болсо, апама чай даярдайм.

- Очокко жакканга ыңгайлуу болсун деп агам экөөбүз отун камдап коёбуз, - Азиз токтоо сүйлөдү

- А мен болсо, бөлмөдөгү гүлдөрдү сугарам... - Энтиге сөзгө кошулду Азиза.

- А силерчи, балдар?

Аңгемени эми өзүңөр улантып көргүлөчү.

*Бул чыгармадан эмгекчил, боорукер, адептүү балдарга таандык сапаттарды издеп, өзүңөрдүн кетирген кемчиликтериңерди эске түшүргүлө.*

*Адептүүлүк деген эмне? Адептүү балдар кандай сапаттарга ээ болушу керек туурасында өз ара ой бөлүшүп, талкуу жүргүзүшөт.*

**Жыйынтыктоо:** Дайыма адептүү болгула. Күчүңөрдүн жетишинче

бирөөлөргө жардам берип, кайрымдуу болгула. Кичи пейилдик, эмгекчилдик, адептүүлүк сапаттарынар менен улуулардын алкоосуна татыктуу болгула.

Адептүү жана кичи пейил балдарды эл кадырлайт, алар менен ата-энеси, бир туугандары, мугалимдери сыймыктанат.

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

1. «Адептүүлүк деген эмне?» аттуу аңгемени үйдөн шар, көркөм окууга мазмунун түшүнүп айтып берүүгө машыгуу.
2. «Апам иштен келгенче» деген аңгемени улантып келгиле.
3. Адептүүлүк, адеп тууралуу макалдарды таап, чечмелеп келгиле.

## 18-үлгү

## Сабактын темасы: Чиркей, чабалекей жана жылан

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** чыгарманы окуп талдоо менен Нух пайгамбардын жан-жаныбарларга көргөн камкордугу, чабалекей менен адамдын достугу жөнүндө ой бөлүшүшөт.

• **өнүктүрүүчүлүк:** өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсү, байкагычтыгы, таанып-билүүчүлүк жөндөмдөрү артат. Байкаган нерселерин баяндап айтууга көнүгүшөт.

• **тарбия берүүчүлүк:** табиятты сүйүүгө, жан-жаныбарлага камкордук көрүп, аяр мамиле кылууга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** аралаш.

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, түстүү сүрөттөр, карточкалар ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу.** Балдардын сабакка болгон мамилесин уюштура билип, кызыгуусун арттыруу менен жагымдуу жагдай түзүү.

**Үй тапшырманы суроо:** Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын алган билимдерин текшерет, бышыктайт. «Балдарга насыят» деген чыгарманын мазмунун эске түшүрүп, бул боюнча ойлорун ортого салышат. Андан кийин «Ай» деген ырды көркөм, жатка айттыруу (ырды мугалимге гана айтып бербестен, балдар экиден болуп, бири-бирине айтып беришсе болот).

**Мугалим балдарга мындай суроо менен кайрылат.**

1. Силерди жаныбарлар дүйнөсү кызыктырабы?
2. Канаттуу досторуңарга кандай камкордук көрөсүңөр?
3. Кайсы канаттуу сага жагат?

Мугалим текстти бир нече бөлүктөргө бөлүп, тыным жасоо аркылуу окуп берип, улам бир тынымдан кийин суроо берүү менен окуучулардын оюн топтотуп, ой жүгүртүп отурат.

### 1-бөлүк

Илгери-илгери жер жүзүн топон суу каптаганда Нух пайгамбар жан-жаныбарлардын тукуму үзүлбөсүн деп ар уруу жаныбарлардан бир эркек, бир ургаачыдан кемеге салып жиберген экен. Күндөрдүн биринде кемеде тешик пайда болуп, суу кире баштайт. Көрсө, аны чычкан тешиптир. Нух пайгамбардын айласы кетип:



- Ким бул тешиктен суу өткөрбөй жаап тура алат! - деп жар чакырат.
- Мен суу киргизбей кармап турам! - деп жылан чыгат.

Ошол убадасына бек болуп, топон суу бүткөнчө наар албай, бир тамчы сууну кемеге киргизбей тосуп турат. Алар акыры кургакка чыгышат. Нух пайгамбар жыландын эмгегине ыраазы болот.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Эгерде Нух пайгамбар жан-жаныбарларды сактап калбаса эмне болмок?
2. Жылан убадасына турдубу?
3. Нух пайгамбар жыланга эмне үчүн ыраазы болду?

### 2-бөлүк

- Жылан сага ыраазымын. Эмгегиңе кандай акы аласың? - деп сурайт.
- Дүйнөдө эмне таттуу болсо, ошону алам, - дейт жылан.
- Эмесе, ар бир жаныбардын, жемиштин даамын татып, кимдики таттуу экенин билип кел, - деп Нух пайгамбар чиркейди жумшайт.

Чиркей бүт ааламды кыдырып, жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн даамын татып, кайра келе жатканда анын алдынан чабалекей тосуп:

- Чиркейим, эмненин даамы таттуу экен? - деп сурайт.
- Баарынан адамдын каны таттуу экен, - дейт чиркей.
- Тилиң кандай болуп калыптыр, таттуу даамга кандай болгонун көрөйүнчү? Тилиңди бери сунсаң? - дейт чабалекей.

**Мугалим окуучуларга кайрадан кайрылат.**

1. Нух пайгамбар чиркейди кайда жумшады?
2. Чабалекей чиркейдин алдынан эмнеге тосту деп ойлойсуңар?
3. Силер кандай ойлойсуңар? Анда жылан адамдын канын соруп калат беле?

### 3-бөлүк

Чиркей тилин суна бергенде анын тилин сууруп алат.

- Кана, чиркейим, эмненин даамы таттуу экен? - деп Нух пайгамбар чиркейден сураганда, ал «кың-кың» этип эч нерсе айта албай коёт.
- Баканын каны таттуу экен деп жатат, - деп чабалекей жооп берет. Чабалекейдин сөзүнө ачуусу келген жылан куйругу менен бир чапканда, чабалекейдин куйругу экиге бөлүнүп калат экен. Ошондон улам эки ача болуп калыптыр.

Нух пайгамбар чабалекейдин сөзүнө ишенип баканы жыланга буйруп коюптур. Ошондон улам жылан баканы соруп калат. Эгерде чабалекей болбогондо жылан адамдын канын соруп калмак экен. Жылан менен чабалекейдин өч болуп, адам менен чабалекейдин дос болуп калышы ошондон улам болуптур дешет.

**Суроолор:**

1. Чабалекейдин адамга дос болуп калышынын себеби эмнеде деп ойлойсуңар?
2. Чабалекейдин куйругу эмнеге эки ача болуп калыптыр?

3. Жан-жаныбарларды коргоонун мааниси кандай деп ойлойсуңар? Эгер алар жок болуп калса кандай болот эле?

Берилген суроолорго ылайык талкуу уюштуруп, сабак жыйынтыкталат.
**Үйгө тапшырма катары** төмөнкүлөр берилет:
1. «Чиркей, чабалекей жана жылан» аттуу чыгарманы үйдөн шар, көркөм окууга, мазмунун айтып берүү.
2. Жан-жаныбарларга ылайык табышмактарды, макал-лакаптарды таап келүү.

Окуучулардын билимин мугалим өз чыгармачылыгына ылайык түрдүү формада, баалоонун критерийлерине ылайык баалайт жана бааларга комментарий берет.

## 19-үлгү
## Сабактын темасы: Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү

(«Манас» эпосунун негизинде балдар сахнасы үчүн бир көшөгөлүү төрт сүрөттүү пьеса)

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** чыгарманын ролдошуп окуу менен Кошой дөө менен Жолой дөө күрөшү тууралуу маалымат алышып, алардын эрдик сапаттары жөнүндө ой бөлүшөт;

• **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү, өз ойлорун эркин айта билүү көндүмдөрү калыптанат;

• **тарбия берүүчүлүк:** намыстуулукка, эли-жерин коргоого, сабырдуулукка үйрөнүшөт.

**Сабактын тиби:** аралаш
**Сабактын формасы:** диспут
**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, таблицалар

Мугалим балдарды сабакка болгон кызыгуусун арттыруу менен жагымдуу жагдай түзүп алат.

Чыгарманын мазмуну менен мугалим тааныштырат.

Өтүлгөн тема боюнча балдардын канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн мугалим суроо-жооп менен текшерет жана байкоо жүргүзөт.

- Биз таанышкан текст ким жөнүндө болду? (Мугалим кластер аркылуу кайрылса болот).






**Мугалим төмөндөгүдөй суроолорду берет. Суроолор:**
- Кошой эмнеге түйшөлдү?
- Карыса да эмнеге күрөшкө чыкты?
- Алардын сапаттарын мүнөздөгөн сөздөрдү тексттен тапкыла.
- Манас кимге кайрылды жана эмне деп айтты?
- Манас баатыр эмне үчүн күрөшүүгө чыкпады?
- Кошой балбан эмнеге арман кылды?
- Жолой дөөнү кандай элестеттиңер эле?
- Кошой балбандын жеңиши кыргыздарга кандай дем берди деп ойлойсуңар?

Андан соң классты 2 топко бөлөт.

Суроо-жооп иш аракети жүргүзүлгөндөн кийин балдарга кайрадан тапшырма берилет.

Венндин диаграммасы боюнча эки баатырдын сапаттарын жазып чыгышат. Өздөрүнүн жазган жоопторун балдар жакташат. Алгач жалгыз, анан жупта, топто иштешет (окшоштуктар менен айырмачылыктарын жазышат).




Жогорудагы тапшырма бир топ кыйынчылыктарды жүргүзөрү талашсыз. Ошондуктан, алар менен бирдикте иштөө зарыл. Аларга багыт берилип турушу керек. Бул жерде окуучулар кыраакылык менен адамдарга байкоо жүргүзүүгө көнүгүшөт.

**Үйгө тапшырма:** Үзүндүдөн ар бир окуучуга өзүнө бөлүнгөн ролго ылайык каармандын сөздөрүн жаттап келүү тапшырылат.

**Сабактын аягында окуучулардын билими бааланып, аларга жылуу пикирлер айтылат.**

## 20-үлгү
## Сабактын темасы: Акылдуу бала же бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды?

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** чыгарманын мазмуну менен таанышып, элди коргоо үчүн кандай милдеттерди өз алдына коюу керектиги тууралуу өз көз караштарын билдиришет;

• **өнүктүрүүчүлүк:** чечен сүйлөө, кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат.

• **тарбия берүүчүлүк:** элдин бейпилдигин сактоого, сөз кадырын баалап, аларды турмушта колдонууга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы
**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, таблицалар ж.б.

**Колдонулган ыкма:** тыным жасап окуу

Балдар, биз сабакка киришүүдөн мурда келгиле, «Тапкан тапалак» оюнун ойнойлу. Балдар суроолорго жооп беришет.

Куштардын баласы эмне деп аталат? **(балапан)** Кышында ким чээнге кирип уктайт? **(аюу)**

Үйдө тагылуучу, жарык берүүчү буюмдун атын атагыла. **(лампочка)**

Унаа (машина) катары адамдар кайсы жаныбарды пайдаланышат? **(ат)**

**Баш тамгаларынан сөз курашат.** «Бала» деген сөз келип чыгат. Демек, бүгүнкү биздин сабагыбыз ким жөнүндө болмокчу экен?

**Балдар:**

- Бала жөнүндө.

**Мугалим:** Демек, биз силер менен «Акылдуу бала же бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды?» деген чыгарманы өтөбүз.

- Окуя эмне жөнүндө болот деп ойлоп жатасыңар?

**Балдар:**

- Акылдуу бала.
- Өзүнүн шаарын сактап калышы...

**Мугалим тексттин мазмуну менен бөлүктөргө бөлүп тааныштырат.**

Илгери каардуу жана жоокер Алеке хан деген болгон экен. Бир күнү ал өзүнүн тынч турган коңшусуна кол салып, шаарын курчап алат да, анда жашагандарга: эгерде үч күндөн кийин багынышпаса, шаарды талкалай тургандыгын жарыялайт.

Ал шаар кичине болгондуктан, андагы эл Алекенин сан жеткис колуна туруштук бере алгыдай эмес. Шаар тургундары курчоодон чыгып кете алышкан жок. Алардын кечирим сурап, душманга багынып берүүдөн башка айласы калбады.

Шаардагы аксакал, карыялардын баары кеңешүүгө чогулушту. Салт боюнча элчиликке жашы улуу жана кадырлуу кишини жиберүү керек эле. бирок отургандардын баары Алекенин каардуу жана канкор экени, жиберген элчини сөзсүз маскаралап, а түгүл өлтүрүп коёру белгилүү болгондуктан, барууга эч ким батына алган жок.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Алеке хан мындан ары эми кандай иш кылат?
2. Шаардын эли багынып береби?
3. Элчи элдин ичинен чыгышы мүмкүнбү?
4. Окуя кандай уланат деп ойлойсуңар?

**Андан соң кийинки бөлүгү менен тааныштырат.**

Күтпөгөн жерден аксакал карыялардын кеңешине бир жаш бала келип калып:

- Алекеге мен барып сүйлөшөм. Мен андан коркпойм, - деди. Аксакал карыялар баланы буерден оолак баргын дешти. Бирок бала кетпестен, Алекеге жиберүүнү көшөрүп сурана берди.

Адегенде баары баланы шылдыңдап күлүштү. Көпкө чейин талашып-



тартышып, акыры баланы жиберүүгө макул болушту.

Бала өзү менен кошо төө, анан карыган бир теке беришин сурады.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Эмне үчүн баланы жибергиси келишкен жок?
2. Бала төө менен текени эмнеге сурады жана аны эмне кылат?

**Андан соң кийинки бөлүгү менен тааныштырат.**

Аксакал карыялар баланы төөгө мингизишип, сакалы узун, карыган теке жетелетип, шаардын дарбазасынан чыгарып жиберишет. Бала ханга келет. Алдында ушундай элчи келип турганын көргөндө Алеке аң-таң калып:

- Шаарыңарда сакалдуу же чоңдордон калбай калганбы? - деп Алеке каарын төгөт. Бала эч тайманбастан жайбаракат туруп:

- Эгерде чоң десеңиз төө менен, сакалдуу десеңиз теке менен сүйлөшүңүз. Анткени биздин шаарыбыздагы эң чоңу төө, эң сакалдуусу ушу теке. Ал эми киши десеңиз, анда мени менен сүйлөшүңүз! - дейт.

Каардуу Алеке бул бала чукугандай жооп бергенине күлүп:

- Сен тайманбаган акылдуу бала экенсиң. Менден эмне сураганыңды берем - дейт.


- Мен төөмдү соём, анын терисин жерге айландыра жайып коём, анын ичине канчалык жер батса, ошону белек кылып берсеңиз болду - дейт бала.

Алеке макул болот. Бала төөнү сойдуруп, терисин сыйрытып, ичкесинен көк тилдирди. Анан алардын учун улаштырып, шаарды айлана курчады. Тайманбаган акылдуу бала өз шаарын жоого чаптырбай ушинтип аман сактап калган экен.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат.**

- Бала кантип сүйлөштү?
- Алеке баланы кандай кабыл алды?
- Бала өз шаарын кантип сактап калды?
- Эгер сен баланын ордунда болсоң эмне кылат элең?
- Бала кандай адам экен?

Төмөнкү таблицаны толтургула (сапаттарын мүнөздөшөт).




**Үйгө тапшырма:** «Эгер мен баланын ордунда болсом…» деген темада текст жазуу.

**Балдардын жоопторунан кийин алардын чыгармачылык иштерине комментарий берилип, бааланат.**

# 21-үлгү
## Сабактын темасы: Табышмактар

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** табышмактарды так айтышат, алардын жандырмагын ой жүгүртүп табышат;

• **өнүктүрүүчүлүк:** ой жүгүртүүгө, тапкычтыкка, так сүйлөөгө көнүгүшөт;

• **тарбия берүүчүлүк:** бирин-бири колдоого, түгөй менен, топ менен иштеп, ынтымактуу болууга, биримдүүлүккө тарбияланышат.

- **Сабактын тиби:** таймаш сабагы

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, табышмак китептери, сүрөттөр, карточкалар.

**Колдонулган ыкма:** түгөйлөшүп жана топто иштөө

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

**Үй тапшырмасын сурайт**.

Андан соң, мугалим табышмактар тууралуу балдарга төмөнкүлөрдү айтып берет:

. Балдар, силер табышмак айтышканды жакшы көрөсүңөрбү? Эмесе, келгиле. Буларды силердей балдар ойлонуп оюн өстүрсүн деп, ата-бабалар чыгарышкан.

Алар ар түрдүү: дене мүчөлөр, айлана-чөйрө, буюмдар, өсүмдүктөр, канаттуулар, өнөр ж. б. жөнүндө.

Табышмактарды таба билгенге үйрөнсөңөр, башка бардык сабактарды да жакшы өздөштүрөсүңөр.

Эмесе, келгиле, табышмак айтышалы. Өз алдыңарча таба алар бекенсиңер? Сынап көрөлү.

Окуучулар менен окуу китепте берилген табышмактарды үн чыгарып окуп, алардын жандырмагын ой жүгүртүп, алдын ала даярдалган предметтик сүрөттөрдү пайдалануу аркылуу табышат.

**Мисалы:**

Күчүнө анын жоктой чеңем,
Көргөн сайын таң калып келем.
Так көтөрөт карагайды,
Колдой ороп тумшугу менен.
Өзү кичине колуңда турат,
Караңгыны жарык кылат.
Дайыма тийип жардамы,
Билгендерден барбы аны?

Өзүн көрсөк татына
Алмуруттай чоңдугу.
Жаркыратат бөлмөнү
Жарыгынын молдугу.



Бир сыр каткан ичине,
Камкорчум бар кичине
«Эмне таптың түн бою
Уктай берип бырылдап,
Саат жети, тургун!» - деп,
Селт эткизет чырылдап.
Итке окшоп каппайт,
Кайтарып эшикти,
Кармасаң чаппайт.

**Табышмактардын жооптору:** пил, фонарь, лампочка, ойготкуч саат, кулпу.

Андан соң мугалим ар бир түгөйгө табышмактар жазылган бирден карточка таркатат. Түгөйлөр биргелешип ой жүгүртүшүп, табышмактын жандырмагын чечишет да, класс алдында карточкада жазылган табышмакты үн чыгарып окуп, жандырмагын айтышат. Жандырмагы табылбай калган табышмактарды чогуу чечмелешет, же үйгө тапшырма катары берилет.

**Мугалим:**

Табышмактар балдардын акылынын, кыялынын канчалык күчтүү экендигин текшерүүчү жана бекемдөөчү элдик чыгармалар болуп саналат. Ошондуктан, балдар, силер табышмактарды жөн эле жаттап албай, алар эмне үчүн ошондой айтылып жатканын элестетип түшүнгүлө.

Ата-бабаларыбыз балдарды асман менен жерди, ай менен күндү, суу менен музду, төрт түлүк малды ж. б. түрдүү жан-жаныбарларды таанытуу үчүн, аларды жөн гана айтып койбой, кыялданып, өзү ойлоп таап алсын деп табышмактарды чыгарышкан.

Силер да аларды билип алып, бири-бириңердин тапкырлыгыңарды текшергиле, эске тутууңарды бекемдегиле.

**Үйгө тапшырма:**

1. Табышмактардан жаттап алуу.
2. Өз алдынча табышмактарды таап келип, мелдешүүгө даярдануу.
3. Табышмактардын жандырмагына ылайык предметтик сүрөттөрдү таап келүү.

Окуучулардын билими бааланып, бааларга комментарий берилет.

# 22-үлгү
## Сабактын темасы: Макал-лакаптар

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** макал-лакаптарды маанисине ылайык кыймыл-аракети менен так, таасирдүү айта алышат. Алардын маанисин талдап, түшүнө алышат. Макалдарды ылайыгына жараша кебинде колдонуп сүйлөй башташат;

• **өнүктүрүүчүлүк:** ой жүгүртүүгө, так сүйлөөгө көнүгүшөт. Сөз байлыктары өсөт;

• **тарбия берүүчүлүк:** акыл эмгегине, тапкырлыкка, эмгекчилдикке,

адептүүлүккө, ынтымактуулукка, достукка тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** талкуу жана таймаш сабагы

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, макал-лакаптар жазылган сүрөттүү китептер, сүрөттөр, карточкалар.

**Колдонулган ыкма:** түгөйлөшүп жана топто иштөө

**Сабактын жүрүшү:**

(мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

**Үй тапшырмасын сурайт.**

**Андан соң мугалим окуучуларды өтүлүүчү жаңы тема менен тааныштырат, ал тууралуу кыскача маалымат берет.**

Макал-лакаптарды силер 1-класстан бери окуп келатасыңар. Аларды «Аталардын сөзү» деп түшүнөбүз.

Макалдар силерге акыл үйрөтөт, тарбия берет. Сөзүңөрдү өстүрөт, оюңарды байытат.

Ким макал-лакаптарды көп билсе, ошол адам сөзгө чечен болот. Силер да акылдуу-эстүү, сөзгө чечен болгула, балдар.

Мугалим окуучуларды саноо жолу менен же ар түрдүү түстөгү карточкаларды таркатуу менен 6 топко бөлөт.

Ар бир топко түрдүү тематикага ылайык макалдар жазылган барактар таркатылат.

Окуучулар берилген тапшырмаларды окуп чыгышат да, түгөйлөрү менен андан кийин топ ичинде талкуулашат.

**1-баракча. Ата-эне, үй-бүлө жөнүндө:**

Энеден - акыл,
Атадан - тарбия.
Ата сыйлаган абийир табат,
Эне сыйлаган элге жагат.
Эне-атаңды сыйласаң,
Күндө аласың батаны,
Эл-журтуңду сыйласаң,
Алар түзөйт катаны.
Атанын сөзү — акылдын көзү.

**2-баракча. Уул-кыз жөнүндө:**

Кыздын кырк чачы улук.
Кыздуу үйдө кыл жатпайт,
Келиндүү үйдө кул жатпайт.
Кыз кыялы менен бааланат,
Уул өнөрү менен бааланат.
Акылдуу бала сабакка шашат,
Акылсыз бала сабактан качат.



**3-баракча. Эмгек жөнүндө:**

Эмгекчилдин түбү зор,
Жалкоонун түбү кор.
Коркок түштөн коркот,
Жалкоо иштен коркот.
Эмгегиң катуу болсо,
Жегениң таттуу болот.
Ак эмгектин наны таттуу.

**4-баракча. Патриоттуулук жөнүндө:**

Бөтөн элге хан болгончо,
Өз элиңе кул бол.
Баатырдын көркү - маңдайда,
Чечендин көркү - тандайда.
Акылдуунун бир сөзү,
Акылсыздын миң сөзүнө татыйт.
Чечендин сөзү - орток,
Чебердин колу - орток.

**5-баракча. Адамдардын жакшы, жаман сапаттары жөнүндө:**

Эсер сөзүн эки айтат,
Тантык сөзүн дагы айтат.
Дос менен дос болсоң - мактан.
Кас менен дос болсоң - сактан.
Адептүү алкыш алат,
Адепсиз каргыш алат.
Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.

**6-баракча. Окуу, билим тууралуу:**

Окусаң озорсуң, окубасаң тозорсуң.
Күч кетет, билим кетпейт.
Акылдуу билимди самайт,
Акмак кийимди самайт,
Тамак үчүн умтулбай,
Сабак үчүн умтул.

Ар бир топ өзүлөрүнө берилген макалдардын маанисин мүмкүнчүлүктөрүнө жараша класс алдында чечмелеп беришет. Башка топтун мүчөлөрү кошумча ойлорун айтса да болот. Мугалим аларга жетекчилик кылып, толуктоо киргизип турат.

Мугалим түстүү сюжеттүү сүрөттөрдү көрсөтөт, а окуучулар ага ылайык келген макалдарды табышат.

Балдардын өз ара макал-лакап айтышуу мелдешин уюштурса да болот.

Мугалим топтордун сабакка катышуусунун жыйынтыгын окуучулар менен талкуулап, чогуу чыгарат.

**Үйгө тапшырма:**

1. Ойлонгула, силер окуган макал-лакаптарда эмнелер жөнүндө айтылды? Алардын маанилерин дагы бир ирет үйдөн ойлонуп чечмелеп келгиле.

2. Өзүңөр да ушундай макал-лакаптардан таап келгиле.

3. Жаттап, билип алгыла, сөзүңөрдө аларды колдонуп айтууга аракеттенгиле.

**Окуучулардын билими бааланат, бааларга комментарий берилет.**

## 23-үлгү
## Сабактын темасы: Жаңылмачтар

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** жаңылмачтардын маанисине ылайык кыймыл-аракети, мимикалары менен так, таасирдүү, жаңылбай айта алышат;

• **өнүктүрүүчүлүк:** ой жүгүртүүгө, жаңылбай так сүйлөөгө көнүгүшөт;

• **тарбия берүүчүлүк:** акыл эмгегине, адептүүлүккө, ынтымактуулукка, бирин - бири колдоого, сыйлоого тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** аралаш сабак

**Сабактын формасы:** таймаш сабагы

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, жаңылмачтар топтому, карточкалар.

**Колдонулган ыкма:** түгөйлөшүп жана топто иштөө

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

**Үй тапшырманы текшерүү, бышыктоо.**

Мугалим окуучуларды өтүлүүчү жаңы тема менен тааныштырат, ал тууралуу маалымат берет.

**Жаңы тема:** Жаңылмачтар

Тилиңер так, бат сүйлөөгө машыккыңар келсе, жаңылмачтарды көп айткыла. Ал үчүн эки-экиден болуп бөлүнгүлө да, бириңер окуп берип, экинчиңер жаңылбастан кайталап айткыла. Биринчи, экинчи жолу так айта албасаңар, үчүнчүсүндө так кайталап айтасыңар. Анда силер упайга ээ болосуңар.

Жаңылмач айтышуунун максаты да ошол - жаңылтуу, бат айтуусун текшерүү.

Мугалим бир нече жаңылмачтарды жаңылбай айтып берип, үлгү көрсөтөт, жаңылмачты жаңылбай, так айтуунун жолдорун түшүндүрөт. Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн, адегенде, тез-тез көп ирет окуп, андан соң жаттап алып, көркөм, так айтууга көнүгүү зарылдыгын белгилейт.

Окуучулар окуу китепте берилген жаңылмачтарды мугалимдин бөлүштүргөнү боюнча алгач өз алдынча үн чыгарбай окуп чыгышат.

Жупташып иштешет, б.а. бири жай окуп, экинчиси угат (кайра тескерисинче), бири - биринин окуганда кетирген кемчиликтерин оңдошот.

Биринчи окуганга караганда бат-бат, жаңылбай окуп, кайрадан айтышат. Иш - аракет алмашылат.

3-иретте ар бир түгөй класс алдында жаңылмачты жаңылбай, так айтып беришет.



Жаңылмачтарды башка түгөйлөр менен алмашышып да айтышат. Тилин жатыктырышат.

**1-жуп:**
Ал аралда да марал,
Бул аралда да марал,
От экен маралга да арал,
Оттосун аралга да марал.

**2-жуп:**
Белестеги беш кашка кой,
Бешөө беш башка кой,
Беш аласы кунан кой.
Беш аласы дөнөн кой.

**3-жуп:**
Бир ак чымчык,
Эки ак чымчык.
Үч акчымчык,
Төрт ак чымчык.

**4-жуп:**
Суу боюнда дарак өсөт,
Сууну дайым карап өсөт.
Сулуу чачын тарап өсөт,
Суусуз калса араң өсөт.

**5-жуп:**
Сарала ат, карала ат
Сапарлап бара алат.
Каалгыса карала ат
Каралап сарала ат,
Жанында кала алат.

**6-жуп:**
Чоң казандын кырмычык
Кырып жедим тырмышып.
Өйдө чыктым тырмышып,
Ылдый түштүм жылмышып.

**7-жуп:**
Ишти жаз башынан башташыбыз керек.
Жаз башынан баштабасак,
Ташташыбыз керек.

Андан соң мугалим окуучуларга айрым суроолорду берүү менен түшүнүктөрүн текшерет жана бышыктайт:

1. Жаңылмачтарды айтуунун максаты кандай экен? Аларды элибиз кандай максатта чыгарышыптыр?

2. Берилген жаңылмачтарды тез айтуунун кыйын экендигин эмнеден байкайсыңар?

3. Кайсы жаңылмачты айтууда көбүрөөк кыйынчылык болду?

**Үйгө тапшырма катары** жаңылмачтарды жаттап, тилин жатыктырып, бат, кооз сүйлөөгө машыгуу жана мелдешке даярданып келүү берилет.

Мугалим окуучулардын үй тапшырмасы боюнча даярдыгына, түгөйлөр менен, топто иштеген аракетине жана суроолорго жооп бергенине ылайык билимин баалайт.

## 24-үлгү
## Сабактын темасы: Калптар

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** калптар эмне үчүн айтылып келгендиги тууралуу маалымат алышат, түрдүү нерсени же окуяны элестүү, күлкүлүү айтып берүүгө үйрөнүшөт;

• **өнүктүрүүчүлүк:** ой жүгүртүүгө, элестүү, көркөм сүйлөөгө көнүгүшөт;

•**тарбия берүүчүлүк:** чынчылдыкка, адептүүлүккө, бирин-бири сыйлоого тарбияланышат.

**Сабактын тибй:** алган билимдерин андан ары өркүндөтүү сабагы

**Колдонулган ыкма:** түгөйлөшүп жана топто иштөө

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, жаңылмачтар топтому, карточкалар.

**Сабактын жүрүшү** (мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт)

**Үй тапшырманы текшерүү, бышыктоо.**

Мугалим балдарды жаңы тема менен тааныштырат.

**Жаңы тема: Калптар**

**Мугалим балдарга суроо менен кайрылат:**

**1. Калп деген сөзгө кандай түшүнөсүңөр?**

Окуучулар өз ойлорун айтышат, мугалим доскага жазып турат:

-болбогон нерсени болду деп айтса калп болот.

-убада берип аткарбай койсо калпычы болот;

-чын эмес нерсе калп болот ж.б.

**2. Калп айтуу туура болобу?**

-Туура эмес.

-Калп айтуу - адепсиздик.

-Калп айтуу - уят ж.б.

Окуучулардын жоопторунан соң, мугалим эмне үчүн «Калптар» деген теманы өтүп жатканына түшүндүрмө берет:



Балдар, силер «калптар» деп окуп алып, «эл дагы калп айтабы?» дешиңер толук мүмкүн. Бирок булар «болбогон нерсени болду» деп айткан жалганчынын калп сөзү эмес. Элибизде таланттуу сөзмөр адамдар көп болгон. Алар балдарды күлдүрүп көңүлүн ачуу үчүн, түрдүү нерсени чоңойтуп же кичирейтип, бирок чындан айырмасы жок кылып элестүү айта билген.

Төмөндө ошондой калптардын бир тобу берилди. Окуп, элестетип, айткан адамдын кыялы канчалык күчтүү, ою бай экенин байкагыла. Окуп алып, «кантип эле ошондой болсун» деп ишенбейсиңер, бирок ушунчалык элестүү калп айтканына күлүп, ыраазы болосуңар.

Анда эмесе, калптарды окуп, алардагы баяндалган окуяларды көз алдыбызга элестетип көрөлү.

**Мугалим же китепти шар, көркөм окуган окуучулар кезеги менен калптарды окушат, окуучулар кулак түрүп угушат.**

Ар бир калп окулгандан кийин анын сөздөрүнө, баяндаган окуясына мугалим окуучулардын көңүлүн буруп, андагы айрым жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп берет (**Жаңы сөздөр:** арка-арыгына, жабуу, черге, бир кулач, жон терисин. Жаңы сөздөрдүн маанисин контексттин ичинде түшүндүрүү зарыл).

### ЭКИ ООЗ КАЛП

Кичинемде турна бактым,
Арка-арыгына жабуу жаптым.
Өз энемдин ичинде экенимде
Чоң атамдын жылкысын бактым.
Чоң атамдын баскан изине көл токтоттум,
Көл токтотуп, бир кулач балык алдым.
Балыгымдын жон терисин тилип алдым.
Олтуруптур дегенде олтуруптур,
Карагайдын башына
Кайнап-кайнап көл туруптур.
Бир кумурска менен бир карышкыр күрөшүп туруптур,
Карышкырды кумурска өлтүрүптүр.
Кумурсканы кой кылып кумга жайдым,
Чегирткени ат кылып черге миндим.
Чегирткени куш кылып көл кыдырдым,
Бир торгойдон бир табак сөөк алдым,
Сөөгү менен көккө көпүрө салдым,
Башкасы калп болсо да, ушунум чын.

**Мугалим өтүлгөн теманы бышыктоо максатында төмөнкү суроолор менен окуучуларга кайрылып, аңгемелешүү уюштурат:**

1. Калптарды окуп, кандай ойдо калдыңар?

2. Калпты чындай кылып минтип айтуунун кандай мааниси бар деп ойлоп калдыңар?

3.«Эч кимге терс таасири тийбеген калп - зыянсыз» деген ойго кошуласыңарбы? Эмне үчүн?

**Үйгө тапшырма катары төмөнкүлөр берилет:**

1. Калптарды кайрадан окуп чыгып, элестетип сүрөт тартып келүү.
2. Ойлонуп, өзүнөр да ушундай чыгармаларды жазып көргүлө.

**Мугалим окуучулардын сабакка катышуусун, активдүүлүктөрүн, иш-аракеттерин талдап, билимдерин баалайт.**

## 25-үлгү
## Сабактын темасы: 9-Май - Жеңиш күнү

**Сабактын максаты:**

• **билим берүүчүлүк:** чыгарманы окуп, талдоо менен 9-май Жеңиш майрамы тууралуу маалымат алышып, элибиздин эл-жерин душмандан коргоодогу эрдик сапаттары жөнүндө ой бөлүшүшөт;

• **өнүктүрүүчүлүк:** кепке жатыгуу жөндөмдүүлүктөрү өркүндөйт, өз оюн эркин, мазмундуу баяндап айтууга көнүгүшөт;

• **тарбия берүүчүлүк**: элин-жерин коргоо, мекенине ак кызмат кылуу, намыстуу болуу зарыл экендигин түшүнүшөт, мекендин тынчтыгын, элдин бейпилдигин коргоого тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы
**Колдонулган ыкма:** аңгемелешүү
**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, түстүү сүрөттөр таблицалар ж.б.
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу (класста жагымдуу жагдай түзүү).

**Үй тапшырманы суроо:** «Сулуу май» аттуу ырды көркөм, жатка айтып беришет (ырды мугалимге гана айтып бербестен, балдар жупта иштешип, бири-бирине айтып берет).

Андан кийин 9-Май майрамы жөнүндө аңгемелешишет.

Мугалим алгач согуш тууралуу кандай кинофильмдерди көргөндөрүн же уккандарын сурайт.

Мугалим текстти көркөм окуп берип, суроолор боюнча аңгемелешүү уюштурат.

1. 9-Май кандай майрам экен?
2. Советтик Армия душмандар менен кандай күрөшүптүр?
3. 9-Майдын Жеңиш майрамы катары майрамдалышынын себеби эмнеде экен?
4. Төмөнкү макалдардын маанисин чогуу чечмелөө менен аңгемелешет, талкуулашат.

Ата журтуң - алтын бешигиң.
Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл.
Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи.

Андан кийин Аалы Токомбаевдин «Жеңген эл» аттуу ырын окуйбуз.



(ырды мугалим көркөм окуйт). Ырга карата берилген суроолорго жооп берүү менен өз ара ой бөлүшөт.

**Суроолор:**

1. Акын туулган жерди көздүн карегине салыштыруусун силер кандай түшүнөсүңөр?
2. Элдин тилегин кимдер акташты?
3. Элибиздин жеңилбестигинин себеби эмнеде деп ойлойсуңар?
4. Согушка катышып келген адамдардан кимдерди билесиңер?

Көрдүңөрбү, достор, Мекен башына күн түшкөндө эр жигит башын калкалап, жата албайт. Мекенди жат душмандан коргоо - ар бир адамдын парзы.

Сабактын соңунда мугалим сабакка активдүү катышкан окуучуларды белгилеп өтүп, билимдерин баалайт.

**Үйгө тапшырма катары төмөндөгүлөр берилет:**

1. «9-май - Жеңиш күнү» деген теманы көркөм, шар окуп, мазмунун айтып берүү.
2. «Жеңген эл» деген ырды жаттап келип, көркөм айтып берүү.
3. Төмөнкү макалдардын маанисин чечмелеп, түшүнүп келүү:

-Ата Журтуңду алтынга да алмашпа.
-Эр туулган жерине куйөт.
-Баатырдын өмүрү кыска, даңкы узун.

## 26-үлгү
## Сабактын темасы: Алдар көсөө жана хандын вазири

**Сабактын максаттары:**

• **билим берүүчүлүк:** чыгарманы окуп, жалпы мазмуну менен таанышышат, табышмактатып, таасын сүйлөгөн акылмандык, айлакерлик тапкычтык, ошондой эле анын карама-каршысындагы акылсыздык, мактанчаактык, аңкоолук сыяктуу көрүнүштөр тууралуу ой бөлүшүшөт.

• **өнүктүрүүчүлүк**: кепке жатыгуулары өркүндөп, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү, баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат.

• **тарбия берүүчүлүк:** байкагычтыкка, сергектикке сөз кадырын баалап, аларды турмушта колдонууга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды окуп-үйрөнүү сабагы.
**Сабактын жүрүшү:**
**Уюштуруу.** Мугалим балдарды сабакка болгон көңүл буруусун, кызыгуусун арттыруу максатында жагымдуу жагдай түзөт.

**Үй тапшырмасын суроо:**

Өтүлгөн теманы балдардын канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн мугалим суроо-жооп менен текшерет, байкоо жүргүзөт, бышыктайт.

1. Корозго окшогон мактанчаактар жөнүндө силердин оюнар кандай?
2. Мактанчаактын пайдасы барбы?

**Мугалим жаңы теманы тааныштыруу алдында төмөндөгү макалдардын маанисин чогуу чечмелеп аңгемелешет:**

Тилден уу да тамат, бал да тамат.
Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
Чечен жигит төп сүйлөйт.

**Мугалим текстти бир нече бөлүктөргө бөлүп, тыным жасоо менен окуп берет. Ар бир тынымдан соң суроо берүү аркылуу окуучулардын оюн топтотуп, ой жүгүрттүүгө багыт берип отурат.**

**1-бөлүк**

Күндөрдүн биринде Жээренче чечен жана Азиз Жаныбек вазирлери болуп ордонун ичинде отурганда, Алдар көсөө эшиктен кирип:

- Ассалоом алейкум, хан ордосу, - дейт. Жээренче чечен:

- Алекима ассалам, эл жоргосу, - дейт. Алдар көсөө отургандан кийин Жээренче чечен ишарат кылып колу менен башын кагат. Алдар көсөө колунун ичи менен тилин кагат да, эшикке чыгып кетет.

Ал чыгып кеткенден кийин Жээренче чечен Жаныбек ханга:

- Мени эч ким жыга алчу эмес эле, ушул кирген көсөө жыгып кетти, - деди эле, хан:

- Жээренче чечен, сени көсөө кантип жыкты? Көсөө эшиктен кирип «хан ордосу» деп салам айтты, сен «эл жоргосу» деп жооп бердиң. Андан башка эч кандай жыгылыш боло турган сөз болгон жок го, - деди.

Анда Жээренче чечен:

- Көсөө эшиктен салам айтып отурганда "башка балээ кайдан келет" - деп колум менен башымды каксам, "балээ башка тилден келет"- деп жеңип кетти, - деди.

Хандын кыйынсынган бир вазири: «Алдар көсөөнү мен жеңем» деп хан менен убада кылышат. Жеңип келсе, хандан тилегенин алмакчы. Жеңилип калса, хандын кыйынсынган вазири жанынан айрылып, дайынын таппай калмакчы.

**Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат:**

1. Алдар көсөөнүн «балээ башка тилден келет» дегенин силер кандай түшүндүңөр?

2. Хандын жигити Алдар көсөөнү жеңип алат деп ойлойсуңарбы? Андан ары улантып көрөлү, эми окуя кандай уланар экен?

**2-бөлүк**

Аттан тандап минип алып, Көсөөнү издеп чыгат. Колуна таягын таянып, Көсөө шыпылдап бара жатканда вазир аркасынан жетип, салам айтты эле, Көсөө алик алып:

- Ээ балам, кайдан келе жатасың? - деди.
- Сизди издеп келе жатам, - дейт вазир.
- Жумушуң бар беле? - дейт Көсөө.

Анда вазир:

- Жер ортосун билбей, таба албай сизден сурайын деп келдим! Бул бир



суроом. Акыр заман качан келет? Ал экинчи суроом, - деди.

**Мугалим кайра суроо менен кайрылат:**

Алдар көсөө чын эле жер ортосун таап берет деп ойлойсуңарбы? Эгер ал таппаса жеңилип калабы?

**3-бөлүк**

Көсөө токтобостон туруп:

- Арзан эле жумуш турбайбы, балам, - деди да таягын колуна алып, көзүн алаңдатып, эки жакты караган болду. - Атаганат ой, боюм жапысыраак болуп жатат, - деди эле вазир:

- Эмесе менен атымды минип алып караңыз, - деп атын бере койду. Көсөө атты минип алып, шарт камчыланып:

- Атаа балам ай, көпкөн убагың экен, акыр заманды сураганы турасыңбы? - деди. Анда вазир:

- Кыйын болсоң экөөнү тең таап берчи, - деп демитти.

Көсөө ары-бери чапкылап, алак-булак эки жагын караган болуп:

- Таптым, таптым, - деп вазирге кайра чаап келди.

Вазир:

- Тапсаң айтчы? - деди эле.

Алдар көсөө.

- Отурган жериң - жер ортосу, акыр заман - атынан айрылган кишиде, - деп атты чапкан бойдон кете берди.

**Мугалим кайра суроо менен кайрылат.**

1. Вазир кандай максат менен ханга убада берди?

2. Алдар көсөө эмне үчүн «отурган жериң жер ортосу, акыр заман - атынан айрылган кишиде» - деди. Ал киши ким?

3. Хандын жигитинин акылсыз экенин кантип баамдадыңар?

4. Акылман Алдардын акылдуулугун, ал эми хандын жигити акылсыз экендигин эмне менен түшүндүрө аласыңар?

Венндин диаграммасы боюнча Алдар менен хандын жигитинин сапаттарын жазышат.

Түгөйлөр бири-бири менен талкуулашып, толукташат (жупта иштөө).

Жазгандарын кезектешип окуп беришет. Алар тактага жазылат (жалпы тайпада иштөө, окшоштуктар менен айырмачылыктарын жазуу).

**ВЕННдин диаграммасы**




Жыйынтыктоо: Сабактын соңунда мугалим сабакка активдүү катышкан окуучуларды белгилеп, билимдерин баалайт.

**Үйгө тапшырма:**

1. «Алдар көсөө жана хандын вазири» аттуу чыгарманы үйдөн шар, көркөм окууга жана чыгарманын мазмунун айтып берүүгө машыгуу.

2. Төмөнкү макалдардын маанисин ата-энелер менен чогуу чечмелеп, түшүнүп келүү.

Адамдын акылманы алыстан көрөт.

Мактануу - жок жыргалды өзүнө энчилеп алууга жатат.

## 27-үлгү
## Сабактын темасы: Окуучулардын окуу ылдамдыгын байкоо

**Сабактын максаты:**

• **билим берүүчүлүк:** текст окуу аркылуу окуучулардын окуу ылдамдыгын текшерүү жана окуу техникасын өздөштүрүү деңгээлин байкоо;

• **өнүктүрүүчүлүк:** окурмандык маданиятты адамдын жалпы маданиятынын бир белгиси катары кароо менен, баланын инсандык ишмердүүлүгүнүн маданиятын өнүктүрүүгө багыттоо;

• **тарбиялоочулук:** окуу техникасын өркүндөтүү аркылуу окуучуларды окуу маданиятына, окуу ишмердүүлүгүнө тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу ылдамдыгын текшерүүгө ылайык тандалган адабий-көркөм жана таанып-билүүчүлүк мааниси бар тексттер (кара сөз, ыр).

**Сабактын тиби:** Байкоо, сыноо, изилдеп-жалпылоо.

**Иштөө формалары:** Албетте, Адабий окуу сабагы окуучулардын адабий-көркөм чыгармаларды окуу, түшүнүү, ал боюнча ой жүгүртө билүү ишмердүүлүгүнө үйрөтүү болгондуктан, аларды, адегенде, окуу ишмердүүлүгүнө көнүктүрүү кажет. Ал үчүн колуңуздардагы колдонмонун баш жагында көрсөтүлгөндөй, окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө жана формаларына жараша иш жүргүзүү максатка ылайык келет.

Ошондуктан, бул сыяктуу иш-аракеттер китептин ар бир бөлүмү аяктаганда же чейректер аяктаган кезде окуп-үйрөнгөн тексттер боюнча окуу ылдамдыгын текшерүү, окуу деңгээлине ырааттуу көз салып туруу - мугалимдин бирден-бир маанилүү милдети болуп калмакчы.

***Бул үчүн төмөндөгүдөй шарттар аткарылууга тийиш:***

1) окуучулар буга чейин окуп-үйрөнгөн тематикага ылайык мазмундагы текст тандалат;

2) ал текст окуучуга тарбия-таалим бере аларлык же таанытуучу мүнөздө болуусу максатка ылайык келет;

3) окуучулардын курактык жана кызыкчылык өзгөчөлүктөрү эске алынат;

4) окуу нормативи так сакталууга тийиш;

5) окуучулардын окуу ишмердигин туура уюштурууга карата жылуу маанай, туура баалоо жана мактоо мүнөзүндөгү жакшы мамиле жасалууга тийиш.



**Мисал катары бир сабактын үлгүсүн келтирели.**
**Ишти аткаруу тартиби төмөндөгүдөй жүрүүсү ыктымал.**

**Окуу тартибин уюштуруу:**

1. Окуучуларды журналдагы тизме боюнча окууну уюштуруу;
2. Окуучулардын каалоолору боюнча окутуу;
3. Окуу ишин тездетип өткөрүү максатында окуучуларды тайпаларга бөлүп, андан кезеги менен окууну сунуштоо.

**Окуу мүнөзү:**

***1. Тааныш текстти окуу:*** мында мугалим окуучуга окуу чейрегинде же китептин бир бөлүмүндө окуган, мазмуну тааныш текстти окутуу менен иш жүргүзөт.

***2. Бейтааныш текстти окуу:*** мында мугалим окуучуларга бейтааныш, жаңы текстти окутуп, окуу ылдамдыгын текшерет, тааныш текстти кандай окуду, эми бейтааныш текстти кандай окуур экен - деген максатта салыштырып сыноо жүргүзөт.

***3. Биринчи окуу:*** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу аркылуу баалоосу ишке ашат.

***4. Экинчи окуу:*** окуучулардын окуу ылдамдыгын жана көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу менен салыштырып, экинчи ирет окутуу аркылуу баалоо; мында мурдагыга караганда, сөзсүз, окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү жогору болот.

***5. Үчүнчү окуу:*** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай, көркөм окуусун эки окуудагы көрсөткүчү менен салыштырып, үчүнчү ирет окутуу аркылуу окуу техникасындагы өсүштү байкоо.

***6. Окуу ылдамдыгын жыл башында байкоо:*** бул иш окуу ылдамдыгынын абалын билүү максатында 2-класстын окуучуларынын окуу жылынын башындагы окуу ылдамдыгын билүү үчүн жүргүзүлөт.

***7. Окуу ылдамдыгын жыл ортосунда байкоо:*** бул иш окуу ылдамдыгынын абалын билүү максатында окуу жылынын ортосунда, мүмкүн 2-чейректин аягы, же 3-чейректин башындагы окуу ылдамдыгынын абалын билүү үчүн жүргүзүлөт.

***8. Окуу ылдамдыгын жыл аягында байкоо:*** бул иш окуу ылдамдыгынын өсүш абалынын өнүгүүсүн байкоо үчүн жүргүзүлөт.

***9. Түшүндүрүп окуу:*** окуганынын негизинде анын сюжети (окуясы), же каармандары тууралуу берилген суроолорго жооп берип окуу. Мугалим окуунун бул түрүнө айрыкча маани берүүгө тийиш.

***10. Тез окуу.*** Мында окуучунун окуу ылдамдыгы гана эске алынат, анда мугалим окуучунун окуу кыраатына, образдуулугуна, кörктүүлүгүнө эмес, бир минутанын ичинде канча сөз окуй алуусуна гана көңүл коёт.

***Эскертүү:*** *Ушунун баары ар бир окуучуга атайын таблица түзүлүү менен, окуу жыл ичиндеги окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү эсепке алынып, максаттуу жүргүзүлөт.*

**Сабактын жүрүшү:** 1-текст: **Мукаш**

Жаздын күнү эле. Биздин мектептин балдары али каникулга тарай элек болчу. Мукаш да биз менен бирге окучу эле. Бирок Мукаш абдан жалкоо болчу.

Бир күнү эртең менен ал мектепке барам деп үйүнөн чыкты. Жолдо келе жатып анын жалкоолугу кармады. Мектепти унутуп, токойго кетип калды. Мукаш токойдо сайрап турган бир кооз чымчыкка кызыкты. Чымчыктын ыры Мукашка абдан жакты.

Мукаш:

-Бул жакшы ырды кайдан үйрөндүң? - деп чымчыктан сурады.

-Мен бул жакшы ырды мектептен үйрөндүм,- деди да чымчык учуп кетти. Мукаш башка бир чымчыкка кезикти.

-Чымчык, чымчык! Мага сайрап берчи,- деди Мукаш. Чымчык ага мындай деп айтты:

-Мен сендей бекерчи эмесмин. Ойноого убагым жок. Балдарыма тамак издейм. Кышка азык даярдаймын,- деди.

Дүйнөдө бекер жүргөн жан жок экенин билген соң, Мукаш мектепке жөнөдү. Ошондон кийин Мукаш жалкоолугун таштап, жакшы окуучу болду.

*Ишеналы Арабаев, «Кыргыз алиппеси» китебинен*

Текстти окутууда мугалим жогоруда айтылган ыкмалардын кайсынысын колдонууну өзү пландаштырат. Анткени, бул текст балдарга, балким, биринчи ирет (же экинчи, үчүнчү) сунушталышы ыктымал. Ошондуктан, аны уюштурууда аткарылуучу ишти бул колдонмодо так көрсөтүп айтуу кыйын.

Ошентсе да, мугалим окуучуга биринчи жолу окутабы, баары бир окуу нормативине ылайык окуу ылдамдыгын текшерет.

**Окуу ылдамдыгы:** 2-класста түшүндүрүп окуу үчүн минутасына 60 сөздөн кем болбоого тийиш.

**Окуу кезиндеги мамиле маданияты:** окуу процессинде окуучуларды бири-бирине атаандаштыруу, биринин жогорку көрсөткүчү үчүн экинчисин кемсинтип мамиле жасоого болбойт.

**Окууну баалоо:** окуу жылы ичиндеги баалоо-формативдик баалоо, ал эми чейрек жана жыл аягындагы баалоо - жыйынтыктоочу (суммативдүү) баалоо катары эсептелинет.

**2-текст: Курбуңдун үйүнө барганда**

**1-окуучуга сунушталат: «Ар дайым таза жүр».**

Сага курбуңдукуна зарыл иш менен барууга туура келди дейли. Үйдө



кийип жүргөн кийимдериң менен жөнөп калба. Ашыкпай таза кийимдериңди кийип, туфлийиңди тазалап, чачты тарап, анан жолго чыксаң болот. Барганда кичипейил учурашып, кандай иш менен келгениңди билдиресиң.

**2-окуучуга сунушталат: «Досуңду тааныштыр»**

Ата, таанышып койгула. Бул менин классташ курбум - Алмаз. Биздин мектепке келгенине үч жыл болду. Экөөбүз тең отличникпиз. Экөөбүздүн тең максатыбыз бир. Ал - эл үчүн пайдалуу кызмат өтөө.

Бул сөздү угуп, «Жакшы тилегиңер бар экен» деп атасы коштоп, батасын берет.

**3-окуучуга сунушталат: «Ордуңду таап отур»**

Чай ичип отурушкан болсо, келегой айланайын, деп апасы силерди чайга чакырат. Андайда сен түз эле орундукка барып отуруп калба. Оболу, колуңду жууп келип, анан орун алсаң болот. Адегенде, нандан ооз тий. Анан чайына кумшекерден салып, кашык менен акырын аралаштыр. Калдыратсаң уят болот. Ууртаганда этият бол. Шоркурата көрбө. Эки күндөн бери нан жей элек кишидей сугунбай, бул жагына да көңүл бур.

**Иштин тартиби:** Мында мугалим ар бир окуучуга ар башка текстти сунуш кылуу менен, алардын окуу ылдамдыгынын мүнөзүн байкайт. Антпесе, мурунку окуучу окуп жатканда кийинки окуучу ал тексттин мазмунун угуп турган болот да, ал кийинки окуучу үчүн тааныш текст катары эсептелинип калуусу да ыктымал.

**Жыйынтык:** Мындай иштер, жогоруда айтылгандай, ырааттуу, максаттуу жүргүзүлгөндө гана натыйжага жеткирет. Ал окуучунун окуу ишмердүүлүгүн системалуу өнүктүрүү менен, окурмандын маданиятын калыптандырууга жол ачат. Мунун өзү Адабий окуу сабагынын түпкү максаты да болмокчу.

## «Адабий окуу» сабагынын жылдык календарлык планы

| К/№ | Сабактын темасы | |
|---|---|---|
| | **1-чейрек (27саат)** | |
| | **1. Китеп менен таанышуу** | |
| 1 | Кайталоо. Кандай сонун күн бүгүн. Тилегим | 1 |
| 2 | Билим - түгөнбөс байлык | 1 |
| | **2. Берекелүү алтын күз** | |
| 1 | Күз келди | 1 |
| 2 | Жыл жана анын төрт уулу | 2 |
| 3 | Ай, чегиртке, чегиртке! Жалбырак. | 1 |
| 4 | Көпөлөк | 1 |
| 5 | Апендинин жоруктары. Эки улак | 1 |
| | **3. Туулган жердин топурагы алтын** | |
| 1 | Алтын уя. Кунаным. | 2 |
| 2 | Булбул. Жаңылмач. Комуз | 1 |
| 3 | Шыктуу чымчык. Табышмактар | 1 |
| 4 | Бачайы чымчык. Коон баккан карыя. | 2 |
| 5 | Бөлүм боюнча дил баян жазуу. | 1 |
| | **4. Менин жан дүйнөм** | |
| 1 | Телефондо сүйлөшүү. Көрөр элем. Жаңылмачтар | 1 |
| 2 | Жылан менен куркулдай | 2 |
| 3 | Чымын-чиркей ырлары | 1 |
| 4 | Табышмактуу жылан. Торпогум | 1 |
| 5 | Боз торгой | 1 |
| 6 | Ырыс алды - ынтымак | 1 |
| 7 | Бөлүм боюнча кайталоо | 1 |



| | | |
|---|---|---|
| | **5. Күлкү - ден соолуктун мүлкү** | |
| 1 | Чымчыктын мотору. Сегиз дөңгөлөктүү машина | 1 |
| 2 | Ууру | 1 |
| 3 | Чычкандар | 1 |
| 4 | Апендинин жоругу. Бөлүм боюнча кайталоо | 1 |
| | **2-чейрек (24 саат)** | |
| | **6. Алтын балалык** | |
| 1 | Бала менен чымчык. | 2 |
| 2 | Сынган табак. Музыка | 1 |
| 3 | Талаага тай өнүптүр | 1 |
| 4 | Боорукер кыз | 1 |
| 5 | Өзүнүкү жана өзгөнүкү | 1 |
| 6 | Өкүнүч. Көрсө | 1 |
| 7 | Жаңырган айды көргөндөгү ыр. Таңкы нур | 1 |
| 8 | Козу телүү. Бөлүм боюнча кайталоо | 1 |
| | **7. Мына, жаады аппак кар** | |
| 1 | Жаады кар | 1 |
| 2 | Ит менен аюу | 2 |
| 3 | Кышта. Жаа, жаа, ак карым | 1 |
| 4 | Аба-ырайын кантип билүүгө болот? | 1 |
| 5 | Түлкү менен сүлөөсүн | 1 |
| 6 | Таяк | 1 |
| 7 | «Сыйкырдуу кыш» деген темада дил баян жазуу, сүрөт тартуу | 1 |
| 8 | Балаты | 1 |
| 9 | Бөлүм боюнча суроолор | 1 |
| | **8. Сөз үйрөнүп алалы** | |
| 1 | Сөз үйрөнүп алалы. | 2 |
| 2 | Керик. Акыра | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Окуу ылдамдыгын текшерүү | 1 |
| 4 | Жирафтын жалкоо баласы. Бөрсө. Маймылча | 1 |
| 5 | Жыл башы болуу үчүн айбанаттардын талашы. Муну билип алгыла | 1 |
| | **3-чейрек, 30 саат** | |
| | **9. Ойлонуп көрөлүк** | |
| 1 | Баарынан ким күлүк? | 1 |
| 2 | Баарынан ким күчтүү? | 2 |
| 3 | Эмне үчүн? | 1 |
| 4 | Туурабы? Өзүң тап | 1 |
| 5 | Кырк амалдын бири | 2 |
| 6 | Токойдогу окуя. Сүрөт тартуу | 1 |
| 7 | Коркконго кош көрүнөт (дил баян жазуу) | 1 |
| 8 | Бала менен акылман | 2 |
| 9 | Бир сөздөгү үч сөз. Аралашкан ариптер | 1 |
| 10 | Бөлүм боюнча кайталоо | 1 |
| 11 | Окуу ылдамдыгын текшерүү | 1 |
| | **11. Байчечекей гүл ачты** | |
| 1 | Байчечекей. Байчечекей. Керемет учур | 2 |
| 2 | Балдар менен турналар. Бак тигели | 2 |
| 3 | «Баарынан эне ыйык» (дил баян жазуу) | 1 |
| 4 | 8-Март - Аялдардын эл аралык күнү. Баарыбыздын майрамыбыз. Апалардын майрамы | 2 |
| 5 | «Апама арнайм» (дил баян жазуу) | 1 |
| 6 | Адептүү кыздар. Апам иштен келгенде | 1 |
| 7 | Байчечекей | 1 |
| 8 | Нooруз - жаңынын башталышы | 2 |
| 8 | «Кел, Ноорузум, келе гой» (дил баян жазуу) | 1 |
| 10 | Насыят. Ай | 1 |
| 11 | Чабалекей менен жылан | 1 |
| 12 | Жамгырдан соң. Таранчы | 1 |



| | | |
|---|---|---|
| | **4-чейрек (21саат)** | |
| | **12. Бабалардан калган сөз** | |
| 1 | Кошой дөө менен Жолой дөө. | |
| 2 | Акылдуу бала | 2 |
| 3 | Табышмак. Сөздүн көркү - макалда | 2 |
| 4 | Жаңылмачтар, калптар | 2 |
| 5 | Түлкү менен карышкыр | 2 |
| 6 | Чыпалак бала | 1 |
| 7 | Ынтымак күчү | 2 |
| 8 | Бөлүм боюнча кайталоо | 1 |
| 9 | Окуу ылдамдыгын текшерүү | 1 |
| | **13. Тынчтыктын жана эмгектин майрамы** | |
| 1 | 1-Май | 1 |
| 2 | Сулуу май | 1 |
| 3 | 9-Май - Жеңиш күнү. Жашасын жеңиш | 1 |
| 4 | «Мен согушту жек көрөм» (дил баян жазуу) | 1 |
| | **14. Жадыраган жайда** | |
| 1 | Жайдын бир күнү. Мактанчаак короз | 1 |
| 2 | Соң-Көл жайлоосунда | 1 |
| 3 | Алдар көсөө | 1 |
| 4 | Күн менен торгой. Азаматсың, жылкычы | 1 |

**Абдухамидова Батма Абдуакимовна**
**Рысбаев Сулайман Казыбаевич**
**Ибраимова Кенжеке**

# Адабий окуу
## китебине карата

УСУЛДУК КОЛДОНМО

2-класс

Редактору: А. Ж. Муратов
Компьютерге терген: Жамбылбекова А.
Техникалык редактор: Төрөкулов К. Э.
Компьютердик калыпка салган: Осмоналиев А. Ж.

Терүүгө 17.09. 2012-ж. берилди. Басууга 29.01.2013-ж. кол коюлду.
Форматы 60х84 $^{1}/_{16}$. Ариби Arial. Офсеттик кагаз. Офсеттик басма.
Көлөмү 5 басма табак. Нускасы 6000 даана. Заказ №61

720011, Бишкек шаары,
«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги чектелген
коомунун компьютердик борборунда даярдалып,
басмаканасында басылды.
Сүйүмбаев көчөсү, 144/23
Тел.: +996 312 43-20-75, 43-19-51